

# ЖАЛАЛАБАТ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

2007/1 ISSN 1694-531X

# ВЕСТНИК ЖАЛАЛАБАТСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

КЫРЫГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

# ЖАЛАЛАБАТ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

№1, 2007

## АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫ

## «БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ПРОБЛЕМАЛАРЫ: ТАЖРЫЙБАЛАР, КЕЛЕЧЕГИ»

(Жалалабат педагогикалык окуу жайы – Жалалабат мамлекеттик университетинин 80 жылдыгына арналган Республикалык илимий – практикалык конференциянын материалдары)

Ук 2224/07-1

Жалалабат-2007

## Редакциялык коллегия:

| | |
|---|---|
| Аширалиев А.А. | -башкы редактор, техника илимдеринин доктору, доцент |
| Каримов А. | -башкы редактордун орун басары, техника илимдерини доктору, профессор |
| Орозбаева Ж.М. | -жооптуу катчы, биология илимдеринин кандидаты |

Мүчөлөрү:

| | |
|---|---|
| Абдраимов С.А. | -техника илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корр. мүчөсү |
| Алыбаев К.С. | -физика-математика илимдеринин доктору, доцент |
| Аманкулова Т.К. | -биология илимдеринин кандидаты, доцент |
| Абдувалиев И. | -философия илимдеринин кандидаты, доцент |
| Бекболотов Т.Б. | -техника илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корр. мүчөсү |
| Джуматаев М.С. | -техника илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын академиги |
| Зулпукаров А. | -экономика илимдеринин доктору, доцент |
| Зулпукаров К. | -филология илимдеринин доктору, профессор |
| Кыдыралиев С. | -техника илимдеринин доктору, профессор |
| Калдыбаев К.А. | -физика-математика илимдеринин доктору, профессор |
| Ниязалиев Ш.М. | -философия илимдеринин доктору, профессор |
| Обозов А. | -техника илимдеринин доктору, профессор |
| Токтогулов С. | -педагогика илимдеринин кандидаты, доцент |
| Сулайманов Э. | -тарых илимдеринин кандидаты, доцент |
| Усенов К.Ж. | -техника илимдеринин доктору, доцент |

Чыгарылыштын жооптуулары:

| | |
|---|---|
| Сакиева С.С. | -педагогика илимдеринин кандидаты, доцент |
| Раев З.Ж. | -техника илимдеринин кандидаты, доцент |
| Ажибаева З. | -филология илимдеринин кандидаты |

Ээси:
Жалалабат мамлекеттик
Университети

Редакциянын дареги:
715600, Кыргызстан, Жалалабат ш.
Ленин к., 57.
Тел.: (996-3722) 5-59-68
Факс: 5-03-33

© Жалалабат мамлекеттик университети, 2007

# МАЗМУНУ

## ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР


1. *А. Аширалиев, Т.Н .Энназаров*
Жалалабат педагогикалык окуу жайы Жалалабат мамлекеттик университетинин баш булактарынын бири………………………………. 7
2. *К.С. Алыбаев*
Жогорку билим берүүнү реформалоонун зарылдыгы жөнүндө……… 9
3. *К.С. Алыбаев, У. Жакыбаалы уулу*
Текущий и итоговый контроль: математическая модель системы выставления оценок……………………………………………………..... 11
4. *Б.М. Турдубаева, Н.С. Жолдошалиева*
Мотивация учебно-воспитательной деятельности студентов в ходе формирования личности будущего учителя…………………............... 14
5. *С.С. Сакиева*
Окутуунун технологияларын модернизацилоонун тажрыйбасы жана келечеги………………………………………………………………… 17
6. *К.Ф. Тешебаева, Т.П. Тиллавалдиева*
Индивидуальный учебный план студента – атрибут современного студента…………………………............................................................ 23
7. *Ф. А. Сатымкулова*
Билим берүү системасындагы проблемалар жана инновациялык процесс…………………………………………………………………. 25
8. *Ж.А. Аденов, Ж.М. Орозбаева, К.Т. Салиева, А. Бечелова*
Глобальные проблемы южного региона, роль образовательной системы кафедры химии ЖаГУ в решении этих проблем…………….. 28
9. *М. Кадырова*
Башталгыч класстарга мекен таануу сабагында уламыштарды окутууда окуучуларга экологиялык билим жана тарбия берүүнүн айрым жолдору………………………………………………………… 33
10. *А.А. Уртыбаева*
Методы психологической диагностики……………………………….. 36
11. *М.Б. Ризашева, Т.Р. Ахмедова*
Система коррекционно-педагогической работы по ликвидации нарушений речи детей дошкольного возраста……................................ 39
12. *А.К.Пирматова*
Застенчивость – это порок личности………………………………… 43
13. *Г.У.Рыскулова*
Улуу ойчулдардын табият тууралуу көз караштары............................. 46

14. *З.Н. Максутов*
Окуу жараянын камсыз кылууда студенттердин жана окуучулардын билимдерин диагноздоонун усулдары.................................................... 49
*А.С. Абдибаитова*
15. Болочок мугалимдерге этнопедагогиканын элементтерин пайдаланып тарбиялык сабактарды өтүүгө багыт берүү...................... 53
16. *М.С. Мурзаев*
Инсанды социалдаштыруунун этнопсихологиялык маселелери……... 57
17. *М. Таштанов, Т. Мойдунов, И. Алиев*
Мектеп дене тарбиясын өнүктүрүүдөгү негизги проблемалар………. 59
18. *К.Ф. Тешебаева, Д.К Хамидова, Х.К. Кодирова*
Изучение проблемы готовности выпускников к работе с родителями. Актуальность…………. ………………………………………………. 62
19. *Ж. Токтомамбетова, М. Акматова*
Жогорку окуу жайларында окутуунун сапатын жакшыртуу маселесине карата…………………………………………………….... 64
20. *П.Х. Самидинова, А.Б. Жолдошалиева*
Чет тили боюнча өз алдынча иштөөнү жүргүзүү менен студенттердин жазма жана оозеки речин өнүктүрүү…………………. 67
21. *Р.Ю. Эмилбекова, Ы.К. Жолдошбаева*
Англис тилине үйрөтүүнүн стилдери…………………………………... 70
22. *З. Абдураимова*
Баланы мектепке даярдоо жараянында элдик педагогиканын каражаттарын колдонуу учурдун актуалдуу проблемасы…………….. 74
23. *С. С. Сакиева, Б. К. Сыдыкова*
Междисциплинарный статус понятия «диалог» и о проблемах модернизации общей теории образования………................................ 77
24. *З. Ажыбаева, Г. Көчөрөва*
А.Бегимкулованын чыгармаларындагы тилдик каражаттардын көркөмдүүлүгү………………………………………………………………. 81
25. *А. Б. Жолдошалиева*
Семантические факторы лежащие в основе экспрессивности фразеологических единиц…………………………………………… 85
26. *А. Оморов*
«Сынган кылыч» романындагы мезгил, орун, аралыкты туюндурган фразеологизмдердин стилистикалык кызматы………………………… 88
27. *Р.Ю. Эмилбекова, Ы.К. Жолдошбаева*
Работа над текстами на уроках английского языка…………………… 92
28. *Ж. А. Аденов, Ж. М. Орозбаева, К. Т. Салиева, Б.М. Дыйканбаева*
ЖаМУда «Химик» мугалимдерди даярдоодо селен, иод элементтерин терендетип окутуу……………………………………….. 96

29. *Б.М. Турдубаева, Н.С. Жолдошалиева, А.А. Темирова*
Окутуунун учурдагы технологияларын колдонуунун айрым ыкмалары........................................ 99

30. *К. М. Ураимов, А. Э. Төрөбекова*
Элдик салттар кыргыз тили сабагында. (Өзбек мектептеринде кыргыз тилин окутуу)........................................ 103

31. *И. Абдувалиев*
Орхон-Енисей жазууларынын жазылышы жана тыбыштык түзүлүшү жөнүндө........................................ 107

32. *А. Б. Жолдошалиева*
Англис тилиндеги неологизмдердин кыргыз тилиндеги басма сөз каражаттарында колдонулушу........................................ 114

33. *Р.Ю. Эмилбекова, Ы.К. Жолдошбаева*
Кыргыз жана англис тилдериндеги синонимдердин колдонулушун үйрөтүү........................................ 117

34. *А. Т. Абдуллина*
Онлайновая технология обучения – основа дистанционного образования........................................ 120

35. *А.О. Калмуратова*
Служебные слова и категория системности дискурса..................... 123

## ТАБИЙГЫЙ ИЛИМДЕР ЖАНА МАТЕМАТИКА

36. *Б. Мадумарова, С. Жапаров*
1-класстын математика сабагында «Сан жана чондук» бөлүмүн өтүүдө макал-лакаптарды пайдалануу менен окуучулардын математикага болгон кызыгууларын арттыруу............................ 127

37. *К. Курбанбаева, З.И. Иманкулов, С. Кыдыралиев, Ү.М. Ажикулова*
Физика - кыргыз элинин макал-лакаптарында............................ 130

38. *С. Каххаров*
3 – класстын математика сабактарында окуучулардын логикалык ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүнүн айрым жолдору................ 133

39. *Д.Ж. Туралиева, З.И. Иманкулов, К. Курбанбаева, Ү.М. Ажикулова*
Некоторые вопросы методики преподавания практических занятий физики в ВУЗе........................................ 135

40. *Э.О. Оганов, К. Исмаилов, Ч.Т. Канкулова, К.А. Эрназаров*
Морфофункциональные особенности в развитии секреторных органов бройлерных уток........................................ 140

41. *Ж.А. Аванова, Ж.Б. Мамадразаков*
Математиканы окутууда ЭЭМ ди колдонуу............................... 143

42. *Ж.А. Аванова, Ж.Б. Мамадразаков*
Алгебра сабактарында визуалдуу ой-жүгүртүүлөрдү өнүктүрүү…… 146
43. *А. Саадабаев, Ш. Биримкулов, Д. Эрматова*
Приближенное решение интегрального уравнения первого рода в равномерной метрике………………………………………………. 152
44. *Т.Р. Рахманов, К.Ж. Усенов, З.А. Асилова, А.А. Рахманова*
Обвально-оползневые процессы в бассейне реки Майлуусуу….. 157
45. *Т.Р. Рахманов, Д. Курманбекова, К. Асанова*
Закономерности формирования техногенно – природных катастроф в бассейне Кокарт……………………………………………….. 161

## ТЕХНИКА ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ИЛИМДЕР

46. *А. Каримов, Ч.О. Төлөшов, И.Р. Рыскулов, С.Б. Тагаев*
Основные признаки механизмов переменной структуры…….......... 164
47. *А. Каримов, Т.Э. Белеков, А.А. Кошбаев, Ж.А. Паязова, З.К.Ташиев, М.К. Алиев*
Методика тарировки тензодатчиков для измерения усилий на опорных узлах механизма переменной структуры…………………….. 168
48. *Т.Э. Белеков, А.А. Кошбаев, Ж.Н. Паязова, З.К. Ташиев, М.К. Алиев*
К вопросу тарировки тахогенератора электропривода ручных ударных машин……………............................................................ 173
49. *Н.Т. Абдураимова*
Экономическое состояние в топливно-энергетическом комплексе….. 175
50. *А.П. Алибаев*
Способы отбойки и выпуска руды под гибким разделяющим перекрытием…………………………………………………………. 178
51. *А.П. Алибаев*
Технология комбинированной отработки рудных тел сложного строения……………………………………………………………... 181
52. Биздин авторлор…………………………………………………... 186

## ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР

А. Аширалиев, Т.Н. Энназаров

# Жалалабат педагогикалык окуу жайы — Жалалабат мамлекеттик университетинин баш булактарынын бири

Кыргыз Республикасындагы белдүү жогорку окуу жайлардын бири, Жалалабат областынын илим, билим жана маданият борбору болуп калган Жалалабат мамлекеттик университетинин баш булактарынын бири болгон, атактуу Жалалабат педагогикалык окуу жайы 80 жылдык маарекесин белгилөөдө.

Жалалабат педагогикалык окуу жайы Кыргыз мамлекетин түзгөнгө да зор салым кошкон окуу жайлардын бири болуп эсептелет. Анткени, тарыхка көз салсак, бул атактуу окуу жайы Кара Кыргыз автономиялык областы (1924) түзүлгөндөн да мурда, 1922-жылы Ош шаарында мугалимдерди даярдоочу бир жылдык курс катары уюштурулган экен. 1924-жылы ал педагогикалык техникум болуп өзгөртүлүп түзүлүп, 1926-жылы Жалалабат шаарына көчүрүлүп, 1933-жылы Жалалабат мамлекеттик университети уюшулганга чейин өлкө үчүн түрдүү багыттагы адистерди даярдап келген.

1926-жылы окуу жайга 100 дөн ашык улан кыздар киришип, 1929-жылы окууларын ийгиликтүү аякташкан. Алардын ичинен Үмөталиев Темиркул, Бөкөнбаев Жоомарт, А. Арзыбаев, К. Шеркулов элге кеңири тараган инсандар болгон. Бул бүтүрүүчүлөрдүн ар бирине 1929-жылдын 1-июунундагы педагогикалык техникумдун педагогикалык кеңешинин чечими менен «Эл мугалими» деген наам жана «Биринчи баскычтагы мектептердин мугалими» деген күбөлүк берилген.

1926-1929-жылдары окуу жайдын эң биринчи директору болуп Курманов Султан, ал эми окуу иштери боюнча жетекчиси (завучу) болуп Гарифжанов Шарип агайлар иштешкен. Педтехникумдун алгачкы мугалимдери: Карасаев Хусеин, Кожоев Азим, кыргыз тили жана адабияты, Измайлова Хабираханум (лезгин кызы), орус тили жана адабияты, Пичурин, география сабактары боюнча, Галимов З., Фенцов С., Крысин В., Чинжиков Л., Даушев., Бойницкий, Може В., Рюмень, Ботаев, Буруй, Иксанов Жана башкалар өз сабактарын чыгармачылык менен, жигердүү эмгектенишкен.

Окуу жайдын ошол убактагы негизги милдети болуп Кыргызстандын түштүк аймактарындагы айыл кыштактары үчүн жергиликтүү улуттардан адистерди даярдоо болгон. Ошол мезгилдеги кыйынчылыктарга карабастан, өз ишин сүйгөн жана жандарын аябаган мугалимдер жамааты бул аймакта окуу сабатсыздыгын жоюуда, маданият жана илимди даңазалоодо талыкпастан үзүрлүү эмгектенишип, мамлекетти түзүүгө зор салым кошушкан.

Кыргыз элинин белгилүү инсаны, мамлекеттик ишмер, Кыргыз Автономиялык Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун төрөагасы Абдыкадыр Орозбеков да Жалалабат педтехникумунун ардактуу студенти болуп катталган.

Жалалабат педагогикалык техникуму 1933-жылга чейин Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитети атындагы болуп, ал эми 1937-жылдан улуу жазуучу – акын А.С. Пушкиндин 100 жылдык юбилейине байланыштуу, анын ысымы ыйгарылып, ага педагогикалык окуу жайы (училища) деген статус берилген.

1930-1940-жылдары бул окуу жайда ошол мезгилдин көрүнүктүү интелегенттери, өз иштеринин устаттары, кийинки мезгилде илимде, маданиятта, адабиятта жана тарбия билим берүүдө зор ийгиликтерге жетишкен инсандар иштешкен. Алар:

Гапар Айтиев – СССР Эл сүрөтчүсү, Социалисттик Эмгектин Батыры;

Азиз Исмаилов – педагогика илимдеринин доктору, профессор, СССР педагогикалык академсиясынын академиги;

Акылбеков Сабырбек – Кыргыз Эл сүрөтчүсү,

Тазабек Саманчин – белгилүү адабиятчы, сынчы;

Муса Адышев – геология- минерология илиминин доктору, профессор, Кыргыз илимдер академиясынын академиги;

Жамансариев Ш., Сартбаев К. – белгилүү окмуштуулар жана башкалар.

Улуу Ата Мекендик согуш башталганга чейин аталган окуу жайды 1000 ден ашык атайын орто билимдүү адистер бүтүрүп чыгышкан. 1941-жылдын 23-июнунда, бүтүрүүчү экзамендер аяктабай туруп, окуу жайында атайын митинг уюштурулуп, мугалимдердин жана жашы жеткен окуучулардын арасынан өз каалоолору менен тизмеге катталышып, согушка жөнөп кетишкен. Алардын катарында белгилүү атуулдар: Байзаков Түмөнбай, Үметалиев Темиркул, Мавлянов Жунай, Биримкулов Нургазы, Асанов Бүргө, Азимов Розу, Миңбаев бар эле. Фашисттик баскынчылар менен күрөшүүдө өз жанын аябастан эрдиктерин көрсөтүшкөн Жалалабат педагогикалык окуу жайдын мугалимдери жана окуучуларынын көбү кайтышпай калышты: математика мугалимдери П. Тутченко, Сарногоев, дене тарбия мугалимдери Ж. Жамгырчиев, Ш. Жумаев жана башкалар. Азимов Розу Советтер СоюзунунБатыры деген наамга татыктуу болуп эсен аман кайтып келген.

Окуу жайдын негизги имараты (азыркы ЖаМУнун админстративдик имараты) 1936-жылы ашар ыкмасы менен салынган экен. 1941-жылдын сенябрь айынан 1942-жылдын ноябрь айына чейин бул имаратта №4441 эвакуациялык госпиталь, ал эми 1944-жылдын сенябрь айына чейин Ленинграддагы Аскер Деңиз Саясий окуу жайы да убактылуу жайгашкан экен (ал туралуу бул имараттын кире беришинде мемориалдык тактайча азыр да илинип турат). Бул жооптуу милдеттерди аткаруу менен эле катар согуш жылдарында педагогикалык окуу жайды 500 дөн ашык бүтүрүүчүлөр бүтүрүшүп, мектептерде ийгиликтүү иштешкен.

1946-жылдан баштап педагогикалык окуу жайында сырттан окуу бөлүмү ачылып, анда башталгыч класстын мугалими, ал эми 1948-1949-окуу жылынан баштап орто мектептер үчүн орус тили мугалимдерин даярдоо башталган.

1948-жылы Жалалабат педагогикалык окуу жайдын базасында мугалимдер институту ачылып, кийинчерээк ал институт Ош шаарына которулуп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна өзгөртүлүп түзүлгөн. Демек, Жалалабат педагогикалык окуу жайы азыркы Ош мамлекеттик университетинин да башаты болуп эсептелет.

Жалалабат аймагындагы элдин мүдөө талаптары эске алынып, 1955-жылдан баштап педагогикалык окуу жайда «Пионер вожатый», 1956-жылдан баштап «Көркөм графика», 1971-жылдан баштап «Эмгек жана чийүү» адистери даярдала баштаган. Окутуу орус, кыргыз жана өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн.

Окуу жайы бара-бара өзгөрүп отуруп 1980-жылы окуу жайы үчүн 1170 орундуу окуу имараты, 200 орундуу интернат, 400 орундуу ашкана курулуп, китепканасында 100 минден ашкан китеп фонду түзүлгөн. Күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө 3,5 миңге жакын студенттер окушкан.

Жалалабат педагогикалык окуу жайы элге билим берүү жана маданият тармагы үчүн 1926-1996-жылдары 32 миңге жакын атайын орто билимдүү адистерди даярдап чыгарган. Алардын ичинде жалпы кыргыз эллине эле эмес бүткүл Союздук республикалардын элдерине белгилүү инсандары да арбын. Атап айтканда:

Кыргыз Эл жазуучулары – Узакбай Абдукаимов, Жоомарт Бөкөнбаев, Темиркул Уметалиев, Мухтар Борбугулов, Шабданбай Абдыраманов, Жунай Мавлянов, Түмөнбай Байзаков. Төлөн Шамшиев жана башкалар;

Билим берүү жана илим тармактарында – Муса Адышев, геология – минералогия илимдеринин доктору, профессор, академик, Кыргыз илимдер академиясынын президенти болуп турганда көзү өткөн, Мухтар Борбугулов, кыргыздардын арасындагы алгачкы филология илимдеринин доктору, профессор, белгилүү адабиятчы, сынчы, Кыргыз адабияты боюнча көптөгөн окуу китептеринин автору, Жолдошбай Малабаев, тарых илимдеринин доктору, профессор, Рахат Ачилова, философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты да болгон,. Шамшы Базарбаев, философия илимдеринин доктору, профессор, Бекембай Апышев, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, Педагогика багытындагы бир топ окуу китептердин автору, Кочкор Халилов, окумуштуу жана башкалар.

Жогоруда аталган инсандарды окутууда, аларга мезгилдин талабына ылайык таалим-тарбия берүүдө окуу жайында көп жылдар бою талыкпастан эмгектенишкен агай-эжекелердин аттарын да атап кетүүнү туура таптык. Алар:

Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери: Жакыпов Ж., Султанкулов А., Үтүров Т., Борбугулова П., Матанбаева З.Э.;

Педагогика жана психология мугалимдери: Селиверстова Е.И., Мадияров Х., Асадулина С., Сооронбаева Ж.Г., Раимжанов М., Борисова В.А., Сулайманов М., Абдразакова А.;

Тарых мугалимдери: Нышанов Б., Абдыкадыров О., Абдулин Р.А., Ташбаев Э.Т.

Математика, физика мугалимдери : Абдукеримов А., Акмаибеков З., Бечелов К., Энназаров Т.Н., Саитмаматова З, Сулайманова З., Эрматов М. (физика);

Биология, химия мугалимдери: Сабирова З., Ялалова К.М., Асранкулов К., Солтобеков Б.И.,

Дене тарбия мугалимдери: Худайбердиев Э., Ташматов А., Боркеев Т., Дьяченко А.П., Килькеев Р.А., Борбукеев Т.Б.;

Музыка мугалимдери: Темирбаев А.Т., Асанходжяев А., Курбаналиев О.К., Кочкоров Ш.К., Ажиматова М., Кыдыралиева С.;

Орус, өзбек, англис тилдери мугалимдери: Султанов К. (англис), Сейдалиева М.Г. (өзбек), Бударин А.С., Гончаренко В.И. (орус);

Кол эмгеги мугалимдери: Баратов А.Б., Болотова (комендант тарбиячы).

Жогоруда аталган агай эжекелердин ысымдары окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү тарабынан эмдигиче жылуу маанайда айтылып жүрөт. Аты аталбай калгандар да көп болушу мүмкүн. Биз алардан кечирим сурайбыз.

* * *

К. С. Алыбаев

## Жогорку билим берүүнү реформалоонун зарылдыгы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 15 жылдыгы белгиленди. Бул мезгилдердин ичинде эгемендүү республикабыздын баардык тармактарында (экономикалык, сациалдык ж. б.) бир топ өзгөрүүлөр болуп өттү. Элибиздин жалпы турмушка болгон көз карашында, мамилелеринде да өзгөрүүлөр болду. Бир нече ондогон

жылдар бою түзүлгөн, калыптанган мамилелердин бузулуусунун натыйжасында, аларды кайрадан карап чыгуу зарылдыгы пайда болду. Мамилелерде болуп жаткан өзгөрүүлөр биринчи кезекте экономикалык чөйронү өз кучагына алды. Акырындык менен бул процесс социалдык, маданий, билим берүү, медициналык ж. б. баардык тармактарга да өз таасирин тийгизүүдө. Чөйрөдөгү мамилелердин өзгөрүшүн анализдөөнү максат катары койбогонубузду белгилөө менен билим берүү системасы жөнүндө өз пикирибизди билдирмекчибиз.

Коомдо болгон өзгөрүүлөр (айрыкча экономикалык чөйрөдө) билим берүү системасына олуттуу таасир тийгизди жана бул тармакта болуп жаткан өзгөрүүлөр ушул таасирдин натыйжасында болуп жаткандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Учурдун талабына ылайык жогорку билим берүү системасын реформалоолону жүргүзүү керектиги жөнүндө маселе талашсыз болуп калды.

Бирок реформалоону кандай багытта, эмнеге негиздеп жүргүзүү керек деген суроого жооп берүү бир топ татаал маселе.

Жогорку билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр учурдун талабына жооп береби жана ага шайкеш келеби деген суроонун пайда болушу табигый нерсе.

Коюлган суроого бир беткей жооп берүү мүмкүн эмес.

1. Бүткүл дүйнө жүзүн өз кучагына алып келе жаткан глобализация процесси жогорку билим берүү системасына да өз таасирин тийгизип жатканда КРдагы жогорку билим берүү системасы да дүйнөлүк стандартка умтулуу менен билим берүүнүн кандайдыр бир моделине токтоосу зарылдык.

Азыркы учурда КРда акырына чейин калыптана элек, түрдүү чөйрөдөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр, мамилелер адистерге кандай талаптарды коерун системалуу изилдөө талап кылынат.

Бул маселелерди кандайдыр бир деңгээлде чечүүнүн натыйжасында билим берүү учурдун талабына жооп береби жана аны реформалоону, модернизациялоону кайсы багытта жүргүзүү керектигин аныктоо мүмкүнчүлүгү түзүлмөк.

Жогорку билим берүү системасын реформалоонун дагы бир негизги себептеринин бири – биздин жараандарыбыздын жакынкы жана алыскы өлкөлөргө миграциясы. Мындай жараандарыбыздын көпчүлүгү башка мамлекеттерге жумушка жайгашуу үчүн кетип жаткандыгы баарыбызга маалым. Ушул себептүү алар ээ болгон адистерди тастыктоочу дипломдор ошол мамлекетте кабыл алынган дипломдор менен эквиваленттүү болууга тийиш. Эгерде бул маселелер чечилбесе, анда биздин жараандарыбыздын кылган мээнети, иштери өз деңгээлинде бааланбайт, жумуштун эң жөнөкөй түрлөрүн аткарып калышы мүмкүн.

Учурда бул багытта Билим берүү жана илим министирлиги Жогорку Кеңештин Билим берүү комитети, КР академиялык коомчулугу, жогорку окуу жайлардын демилгеси менен бир топ иштер аткарылып жатат.

Окуу пландарынын жана окуу программалардын мамлекеттик стандарттарына өзгөрүүлөр киргизилген, Блим берүү мыйзамынын жаңы долбоору иштелип чыгылды жана жалпы коомчулуктун талкуусуна коюлду, КРда Болон процессинин идеяларын ишке ашыруу боюнча ЖОЖдордун консорциуму түзүлдү. Айрым ЖОЖдор түрдүү долбоорлор менен бул багыттарда иштерди жүргүзүп жатышат.

Жүргүзүлүп жаткан жумуштар, аракеттер жогорку билим берүү системасын реформалоого түрткү гана болуп жатат.

Биздин оюбузча реформаны жүргүзүү үчүн:

Биринчи кезекте жалпы, республикалык масштабда жүргүзүлүп жаткан иш – аракеттер, адистерге болгон талаптар, аларды керектөөнүн масштабын ж.б. факторлор боюнча маалымат топтоп анализдеп чыга турган аналитикалык топту түзүү зарыл. Бул топту түзүүчү, уюштуруучу катары КРнын Билим берүү жана илим министирлиги болууга тийиш.

Экинчиден, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүүнүн алдында, өз өлкөбүздүн ичинде бир мейкиндикти түзүп алганыбыз максатка ылайыктуу болот эле.

Бул саясатты ишке ашырууда борбордук жана регионалдык ЖОЖдордун кызыкчылыктары бирдей деңгээлде сакталууга тийиш. Кийинки мезгилдерде ар түрдүү себептер менен регионалдык ЖОЖдордун айрым адистиктери жабылып, бул адистиктерди даярдоо борборго (Бишкекке) топтоо процесси жүргүзүлүп жатат. Биздин оюбузча, мындай саясат региондордун, аймактардын кадрларга болгон муктаждыгын толук чече албайт, экинчиден, бул аймактардын өнүгүүсүнө да терс таасирин тийгизиш мүмкүн.

Мисал катары жакынкы мезгилдерде (1993-жылы) ачылган Жалалабат мамлекеттик университетин алып карайлы. Аталган окуу жайдын бир нече атайын орто окуу жайлардын, айрым жогорку окуу жайлардын факультеттеринин базасында түзүлүшү Жалалабат областынын кадрларга болгон муктаждыгын кандайдыр бир деңгээлде чечти; област боюнча бирдиктүү билим берүү мейкиндиги түзүлдү.

Областтын борбору – Жалалабат шаарынын, университеттин факультеттери жайгашкан башка шаарлардын да өнүгүшүнө, инфраструктурасынын, социалдык-маданий чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө өз таасирин тийгизди.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен төмөндөгүлөрдү белгилемекчибиз:

1. КР жогорку билим берүү системасын реформалоо учур талабы.
2. Реформалоону жүргүзүүнүн алдында ички жана тышкы рыноктун адистерди керектөөсү аларга коюлган талаптарды кылдаттык менен изилдөө жана анализдөө жумуштарын аткаруу зарыл.
3. КР ичинде бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү.

* * *

К.С. Алыбаев, У. Жакыбаалы уулу

## Текущий и итоговый контроль: математическая модель системы выставления оценок

В данной статье будут рассмотрены вопросы выставления оценок в процессе текущего и итогового контроля. Прежде всего, мы должны выделить основные виды учебной деятельности студента, которые подлежат оцениванию.

В целом учебная деятельность студента многофакторное явление. Учебная деятельность студента включает в себе посещаемость занятий; подготовку к занятиям; выполнение домашних и других видов заданий; участие в процессе усвоения знаний (ответы на поставленные вопросы, в деловых играх, выполнение возложенных обязанностей и т. д.); выполнение самостоятельных работ в определенном периоде времени (к примеру, модуль или другое измерение).

Таким образом, мы условно разделим участие студента в учебном процессе на следующие виды:

1. Посещаемость.
2. Активность (позиция).

3. Самостоятельная работа (с.р.).

Посещаемость – нужна для учета времени отслеживания на аудиторных занятиях;

Активность – нужна для учета ежедневной подготовки и части времени работы над определенным учебным материалом;

С.Р. – учет времени отведенного для самостоятельной работы.

Не будем останавливаться, и обосновывать значимость этих факторов на качество получаемого образования и формирования будущего специалиста.

Остановимся лишь на технологии учета и оценки вышеназванных факторов в учебном процессе.

Постараемся рассказать технологию на основе математической модели.

Далее, все сказанное будет основываться на учебных планах действующих в КР. Хотя все сказанное можно (перевести) проделать и для других учебных планов.

Предположим: $n_1$ – балл за посещаемость на одном аудиторном занятии.

$n_2$ – балл за активность студента на одном занятии.

$n_3$ – балл за выполнение С.Р.

$n_4$ – количество аудиторных занятий по предмету за неделю.

( Количество недель в семестре 18).

Под С.Р. - в нашем случае мы понимаем работу студента над определенным объемом учебного материала в определенное время (как правило, в нашей практике это время определяется одним месяцем).

Пусть в течении семестра студент выполняет $n_5$ – самостоятельных работ.

Далее $n_6$ – балл студента за итоговый контроль.

Тогда общее количество баллов студента в одном семестре по предмету «А» будет состоять из:

$n_1 \cdot n_4$ - недельный балл за посещаемость;

$n_2 \cdot n_4$ - недельный балл за активность;

$n_5 \cdot n_3$ - итоговый балл за С.Р.;

$18 \cdot n_1 \cdot n_4$ - общий (семестровый) балл за посещаемость;

$18 \cdot n_2 \cdot n_4$ - семестровый балл за активность;

$n_6$ - балл за итоговый контроль

Общий балл студента за один семестр определяется значением следующего функционала:

$F(n_1,n_2,n_3,n_6)=18 \cdot n_1 \cdot n_4+18 \cdot n_2 \cdot n_4+n_5 \cdot n_3+n_6$

Почему функционал «F» зависит только от $n_1,n_2,n_3,n_6$?

Величины $n_4$, $n_5$ – всегда можно фиксировать, т.е. заранее определено.

Далее $n_6$ есть балл студента за итоговый контроль. Его также можно взять равным $n_3$, так как по форме проведения итоговый контроль почти равен одному текущему контролю (хотя объем заданий охватывает все задания предыдущих контролей).

Если увеличить $n_6$, то это может, снизит роль «СРС» за семестр. Отсюда следует, что нужно взять: $n_6 \leq n_5 \cdot n_3$

С другой стороны роль итогового контроля не должен снижаться за счет других факторов.

В целом все это имеет определенные сложности. Тут могут иметь место субъективные факторы. Например, организационные, проводимые формы, методы контроля.

Следовательно, в некоторых случаях можно принять n6=n3.

В этом случае, $F(n_1,n_2,n_3)=18 \cdot n_1 \cdot n_4+18 \cdot n_2 \cdot n_4+n_5 \cdot n_3+n_3=18n_4(n_1+n_2)+n_3(n_5+1)$

Для простоты изложения рассмотрим последний функционал. Нам надо определить ограничение на величины $n_1,n_2,n_3$ так, чтобы значение $F(n_1,n_2,n_3)$ было оптимальным.

Имеется возможность заранее определить ограничения на «F». К примеру, можем задать 0.

Главное определить значения $n_1, n_2, n_3$. При определении значений этих величин мы должны учитывать, какие из этих величин являются доминирующими, то есть, главными.

Посещаемость и активность стимулируют повышение качества получаемого образования, но не являются доминирующими.

Если исходить из задачи подготовки специалиста, то «СР» является определяющим. Следовательно, $18n_4(n_1+n_2)<n_3(n_5+1)$, $\left[\frac{18}{n_5}\right](n_1+n_2)<n_3$, где (*)

$\left[\frac{18}{n_5}\right]$ - количество недель отведенное за выполнения одной «СР».

Исследование поставленной задачи облегчается тем, что величины $n_1, n_2, n_3$ могут принять произвольные значения с определенными ограничениями. Например:

$0\le n_1\le 5$, $n_5=4$,

$0\le n_2<5$, $n_2=2$,

$0\le n_3\le 100$,

Функционал имеет вид $F(n_1, n_2, n_3)=36(n_1+n_2)+5n_3$

при ограничении, который можно представить геометрически:.




Анализ ограничений (*). max

$$18\cdot 2\cdot(5+5)=320$$

$$n_3(n_5+1)=5n_3$$

Должна быть $360<5\cdot n_3 \Rightarrow n_3>\left[\frac{360}{5}\right]=[72]=72$ $\left[\frac{18}{4}\right]\cdot(5+5)=40<n_3$

Так как из первого ограничения вытекает $n_3>72$, то это условие выполняется автоматически.

Функционал рассмотрим на параллелепипеде «П».

Несомненно «F» имеет максимальное значение в точке $A_1$.

$F_{max}(5,5,100)=360+500=860$.

Если мы хотим, чтобы в общей системе оценок присутствовали параметры: посещаемость, активность, СР, то надо анализировать все эти факторы -параметры [illegible] и зависимости.

Проведем анализ, на основе примера:

При 16 недельном семестре, общее количество баллов за:

Посещаемость- $18\cdot 10=180$

Активность- 18·10=180
С.Р.- 4·100=400
ИК- 1·100=100
Итого: 860 балл.

Поскольку по разным дисциплинам студент набирает разное количество баллов и требуется перевод набранных баллов в шкалу оценок.

Возьмем оценки в пяти уровнях (условно можно взять и другие):

-Низкая
-Не удовлетворительно
-Удовлетворительно
-Хорошо
-Отлично

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 75%-100% | - | отлично |
| Условно | 60% -до 75% | - | хорошо |
| | 50% - до 60% | - | удовлетворительно |
| | 30% - до 50% | - | не удовлетворительно (пересдача) |
| | Ниже 30% ↓ | | низкая (повторное изучение). |

820 б. → 100%

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 75% - 100% | → | - | 645-820 | («5») |
| 60% - 75% | → | - | 516-644 | («4») |
| 50% - 60% | → | - | 430-515 | («3») |
| 30% - 50% | → | - | 258-429 | («2») |
| Ниже 30% | | - | 257 | («0») |

Исходя из этой таблицы, можно проанализировать зависимость результатов обучения от посещаемости, активности, «СР» и итогового контроля.

* * *

Б.М. Турдубаева, Н.С. Жолдошалиева

## Мотивация учебно-воспитательной деятельности студентов в ходе формирования личности будущего учителя

Очень важным в исследуемом процессе считаем мотивационный фактор.

**Это мотивы**: выбора кружка, выбора направления и содержания самостоятельной познавательной деятельности студентов биологического факультета. Что такое мотивы? – они составляют направленность личности, ядро ее внутренней структуры. Мотивационная сфера – центр структуры личности, в ней доминирующие мотивы, определяющие иерархическое строение этой сферы. Мотивы выражают внутреннюю логику духовной жизни личности, обусловленную практическим взаимодействием личности (человека) с миром.

Непосредственно эти мотивы возникают под влиянием внешних требований, а также под влиянием собственных потребностей, желаний, интересов, взглядов.

Формирование положительной мотивации учения, познания, познавательной деятельности происходит быстрее, если внешние требования опираются на актуальные потребности и вызывают новые, с учетом возрастающих возможностей ближайшего развития личности.

Обращаясь к теории формирования познавательных интересов, личности (Г.И.Щукина, В.С.Ильин, Л.И.Божова), а также к традиционным теориям активизации и оптимизации процесса приобретения знаний учебного процесса (Бабанский Ю.К., Данилов М.А., Есипов Б.П., Занков Л.В. и др.), выделяем факторы, которые необходимо учитывать в процессе мотивационного исследования:

- довузовская подготовка;

- направления личности, способности, потребности, мотив учения, интересы;

- социально-психологические особенности студенческого коллектива и позиция личности в нем, особенности взаимоотношений – «студент- группа», «преподаватель-студент» и т.д.;

- индивидуально-психологические характеристики отдельных психических функций и их синдромы;

- педагогические: содержание обучения, материально- техническое оборудование, типы управления познавательной деятельностью студентов.

Эти специфические комплексы сложных внешних и внутренних, объективных и субъективных условий, диалектически переплетаются в действующей педагогической системе.

Итак, в основе самостоятельной познавательной деятельности лежит система мотивов, которая порождается познавательной потребностью. Она, в свою очередь, представляет собой субъективное отражение объективной потребности в знаниях.

«Потребность в знаниях, в познании окружающей действительности, писал Б.Г.Ананьев, - является одной из основных духовных или культурных потребностей, которую в жизни выразительно обозначают как жажду знаний, [148; 131], т.е. как стремление «насытить ум, утолить умственный голод», но обязательно под влиянием какого-то мотива».

Мотивация познавательной деятельности студентов, как сложное структурное образование, имеет несколько значений.

Мотивация, будучи стимулом целостного формирования личности студента, является вместе с тем и фактором её дальнейшего развития; оказывает общее стимулирующее воздействие на протекание мыслительных процессов, становится и источником интеллектуальной активности студентов; мобилизует творческие силы студентов на поиск и решение познавательной задачи, положительно влияет на качество знаний, их глубину и действенность, широту и систематизацию; является важнейшим внутренним условием развития у студентов стремления к самообразованию; имеет диагностическое значение, служит показателем развития многих важных качеств личности студентов (целенаправленности, сознательности, трудолюбия, широты и устойчивости познавательных действий).

Итак, мотивы выражают внутреннюю логику духовной жизни личности, обусловленную практическим взаимодействием человека с миром; непосредс-твенно эти мотивы возникают под влиянием требований, а также под влиянием собственных потребностей, желаний, интересов, взглядов человека. На этой основе сделано заключение: это процесс самодвижения личности в условиях её деятельности; формирование положительной мотивации познания происходит быстрее, если внешние требования опираются на актуальные потребности и вызывают новые, с учетом возрастающих возможностей и зон ближайшего развития личности. Есть полное основание утверждать, что в педагогические институты в большом количестве приходят абитуриенты, не имеющие устойчивой, выраженной склонности к педагогической деятельности, что является тревожным симптомом. Полноценного учителя невозможно подготовить без специально поставленной и планомерно организованной работы по выявлению и формированию у молодежи педагогического призвания и профессионально-педагогической направленности.

В своем исследовании мы пытались установить, почему студенты учатся по-разному, какое место в их жизни занимает учебная деятельность, какова тенденция изменения мотивов учения в ходе формирования личности будущего учителя. Чтобы проследить строение и динамику мотивов учебной деятельности, нами было взято под наблюдение 123 студента. Использовали различные методики изучения прошлого и настоящего жизни студентов, опросные листы с последующей обработкой, самооценкой и оценкой преподавателя.

Полученные результаты сопоставили по отношению к мотиву, который является наиболее ценным и оправдывающим выбор педагогической деятельности.

В помощь первокурсникам были разработаны и размножены «Учебные задания». Сформированы основные требования к знаниям, умениям, навыкам, приобретаемым при изучении каждого учебного курса; определены содержания конкретных работ.

Один из приемов выработки навыков самостоятельной работы состоит в том, что в конце лекции студенты получают 2-3 контрольных вопроса, на которые должны ответить письменно. Записи просматриваются на лабораторных занятиях преподавателем или учебной комиссией факультета. Или каждый студент получает свое задание. Оно рассчитано 1-1.5 месяца и требует систематической работы над теоретическим курсом.

Используется семестровый график отчетности. В нем четко определяются сроки проведения консультации, коллоквиумов, контрольных работ, отчетов по индивидуальным заданиям.

При составлении графика учитывается общий объем учебной нагрузки студента, координируется аудиторная и самостоятельная работа, обеспечивает-ся её ритмичность. Утвержденный деканатом график становится обязательным для студентов и для преподавателей, регламентирующим учебный процесс; он также пресекает отдельные попытки кафедр увеличить нагрузку в ущерб другим дисциплинам.

Таким образом, мотивация учения, познания, входящая в структуру личности студента, проходит длительный путь развития, перестройки и обогащения.

Важным средством самообразования и творческого роста молодых учителей является привлечение их к использованию достижений педагогической науки в практике школьной работы.

Как единство потребностей, интересов, основных устремлений и отношений личности, мотивация учебной деятельности характеризует познавательную самостоятельность студентов и, как уже говорилось, соотносится с мотивом, который является наиболее ценным и оправдывающим выбор педагогической профессии. Таким мотивом, по нашему мнению, является склонность к обучению и воспитанию детей, интерес к ребенку, как к объекту будущей деятельности. Сравнивая в таком плане все ответы, разделим их на три группы:

1. Мотивы, свидетельствующие действительно о педагогической направленности (желание обучать и воспитывать детей)- 35,4 %.

2. Характеризующие тактическую педагогическую направленность: они выражают потребность, но не в самом существенном для педагогической деятельности, а в некоторых частичных моментах - осознание у себя педагогических способностей, представление о важности и престиже педагогической профессии – 12,8%.

3. Не содержащие педагогической направленности показывают: трудность учебы, не побуждают студентов к творческому поиску, вызывают у них повышенную работоспособность.

Снижение уровня удовлетворенности учением «не совсем удовлетворен» - у студентов, по видимому, объясняется тем, что частично не получили от педагогической практики подкрепления своих профессиональных ожиданий или встретили трудности, к преодолению которых они не были готовы (мотив проявляется в написании сочинений: «Почему я выбрал профессию учителя», «Мой любимый учитель»).

Исследование мотивов учебной деятельности студентов позволило определить уровень трудового напряжения. Выяснилось, что четвертая часть студентов работает не в полную силу (преимущественно студенты старших курсов). Ответы на вопрос «Если вы учитесь не в полную меру своих сил, то объясните, пожалуйста, почему?».

**Ответы: «Не интересно», «Не ту профессию выбрал», «Нет настроения» и т.п. Выявляются как объективные, так и субъективные причины. Кроме мотивов далекого и близкого действия, большую роль в учении студентов играют стимулы, порожденные самой учебной деятельностью. Степень удовлетворенности - неудовлетворенности учебным процессом. См. в Таблице № 1.**

**Таблица № 1.**

| Курсы | Полностью удовлетворены | Не совсем довлетворены | Почти не удовлетворены | Не удовлетворены |
|---|---|---|---|---|
| I. | 25% | 50% | 13% | 12% |
| II. | 27 | 48% | 13% | 12% |
| III. | 35% | 30% | 15% | 10% |
| IV. | 36% | 49% | 10% | 5% |

Как видим, по мере продвижения от первого курса к старшим курсам, происходит перестройка их отношения к учению. Растет удельный вес студентов, получающих полное интеллектуальное удовлетворение от познава-тельной деятельности и соответственно уменьшается число студентов, которые частично или совсем неудовлетворены учением. Следует заметить, что устойчивая познавательная ориентация характерна высокой эмоцией (важный фактор совершенствования этой деятельности).

Таким образом, исследуя строение и динамику мотивации учения студентов, исходили из предположения, что важнейшими условиями ее развития является профессионально-педагогическое направление личности будущего учителя.

Проведенное исследование было преддверием к изучению мотивов выбора кружка и профиля познавательной деятельности в нем, что рассматривается в эмпрической части работы.

* * *

С.С.Сакиева

## Окутуунун технологияларын модернизациялоонун тажрыйбасы жана келечеги

Башталгыч билим берүү - бардык илимдердин атайын билим берүүдөгү башкы фундаменти. Анын мүнөзүн, мазмунун жана формаларын жүргүзүүдө адамдын тагдырынын көп нерселерди аныктоого, келечектеги жашоосуна, инсандык калыптануусунун базасын түзөт.

Башталгыч класстарда адабиятты окутуунун негизги максаты - «Кыргыз элинин калыптанып калган салттарына, ар улуттун өз тагдырын өз алдынча калыптануусунун демократиялык укугуна» негизделиши интеграцияланган курстардын мазмунунда улуттук маданиятын, кыргыз тарыхынын өзгөчөлүктөрүн жана ар түрдүү илимдердин негизин берүү. Эне тили кайсыл тилдеги мектеп болбосун негизги предмет.болуп саналат.

Бул тууралуу XX кылымдын улуу педагогу Янош Корчак:»Эне тил-бул бала үчүн ойлоп табылган эрежелер менен үйрөтүү эмес, анын жан дүйнөсүн бардык элдердин жан дүйнөсү менен бирдей акыбалда дем алдырып турган аба» - дейт.Ал эми адабиятты окутуу башталгыч класстарда интеграциялык мүнөзгө ээ. Ал төмөнкү



Жалал-Абад мамлекеттик университети КИТЕПКАНА УС 2224/07-1

бөлүмдөрдү камтыйт: сабат ачуу жана кеп өстүрүү, адабий окуу , класстан тышкаркы окуу жана кеп өстүрүү, фонетика, грамматика, жазуу эрежелери жана кеп өстүрүү. Бул бөлүмдөрдүн бардыгында тең баланын кебин өстүрүү менен байланыштуу сүйлөөгө үйрөтүү жана туура окуп жазууга, окуунун техникасына (шар, туура, сезимдүү, көркөм, купуя, жарыя) калыптандыруу иштери жүргүзүлөт. Эне тилинде гана бала таалим, тарбия алат.Билүү, үйрөнүү, өз алдынча иштөө, ой жүгүртүү, өзүн-өзү башкаруу, сүйлөө адаттарына калыптанат. Эне тилсиз бала башка предметтерди окууга, жазууга, суйлөөгө, чийүүгө, тартууга, ырдоого өз жөндөмүн аларга берүүгө жөндөмсүз бойдон кала берет.Ал эми мындай машыгууларды ишке ашырууда адабият боюнча түзүлгөн ар бир окуулуктун өзүнчө орду, функциясы бар экендигин көрүүгө болот. Алардын ичинен адабиятты окутуунун өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Ошондуктан биздин макаланын мазмуну адабиятты окутууга арналмакчы.

Адабиятты окутуунун предмети өзүнүн өнүгүү тарыхында көп өзгөрүүлөргө дуушар болуп, учурда дүйнөлүк окумуштуулардын кызыгууларына, талаш-тартыштарды жаратууда. В.Г.Горецкий жарым кылымдын ичинде ал бир нече аталууларга ээ болгондугун белгилеп («Туура», «Отчеттук», «Аң-сезимдүү», «Талкуулап», «Чыгармачыл», «Тарбиялап», «Ойлонуп», «Хрестоматиялык», «Адабий көркөм», «Түшүндүрүп» жана башка), чтение («Учебное» да «Чтение» да кыргызча которулбагандыктан, аны сөзмө-сөз көчүрүү мүмкүн эмес, анда «Окутуп окуу» болуп калат), ал балдар адабияты деп атоо окуу предметинин өзгөчөлүктөрү болуп чагылдыра тургандыгын белгилеген. «Учебное» терминин өз учурунда Л.В.Луначарский «негиздеп окутуу» деп атаган.

Окуу терминининин синонимдерин кийинки кезде жаны аталышын иштеп чыгуунун аракеттери көрүлүүдө.Мисалы, «Окуу жана адабият» (О.В.Джежелей),ошондой эле Л.Е.Стрельникова,Н.Д.Татарченконун башталгыч мектепте адабий билим берүүнүн программасынын долбоору сунуш кылынды.

Кыргыз педагогика илиминде башталгыч класстарда адабиятты окутуу өткөн кылымдын 60-жылдырына чейин атайын, ырааттуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, изилдөөнүн обьектиси боло албаса да, бир катар изилдөөлөр жургузулуп, айрым эмгектер жарык көргөн болчу. Ал эми орус окумуштууларынын эмгектеринде башталгыч класста адабиятты окутуу системага салынып, атайын изилдөөнүн обьектисине алынып, өз алдынча илим катары түптөлүп, калыптанып калганы белгилүү.

Башталгыч класстарда адабиятты окутуунун методикасын негиздөөчүсү орустун улуу педагогу К.Д.Ушинскийдин, анын шакирттери Н.А.Корф, Н.Ф.Бунаков, Д.И.Тихомиров, Д.Д.Семенов, В.А.Флеров, Ц.П.Балталов, В.П.Вахтеров ж.б.лардын эмгектери иштелип чыгылды. К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дуйнөсү» деген окуулуктары, «Эне тилин окутууга жардам»деген эмгектеринде сабатка үйрөтүүнүн анализ-синтез методун, баланын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүдөгү көнүгүүлөрдүн системасын , түшүндүрүп окутуунун методикасындагы көркөм жана илимий-популярдык чыгармаларды окутуунун методикалары сунуш кылынды. Ал эми совет мезгилинде башталгыч класста адабиятты окутуу орустун окумуштуулары тарабынан изилденди, жалпыланды, өркүндөтүлдү. Аларга Н.А.Адамович, Т.Ф. Завадская, А.И. Елкина, Н.П. Каноныкин С.П. Редозубов, Н.С. Рождественский, Н.Н. Шепетова, Н.А. Шербакова В.И. Яковлева, М.С. Васильева, В.Г. Горецкий, К.Т. Голенкина, Л.А. Горбушина, М.И. Оморокова, Е.А. Никитина, М.Р. Львов, Т.Г. Рамзаева, Н.Н. Светловская ж.б.ларды кошууга болот.

Кыргыз башталгыч класстарында адабиятты окутууга карата XX кылымдын башталышында И. Арабаевдин, К. Тыныстановдун, С. Наматовдун окуу китептери

методикалык колдонмолору алгачкы саамалык катары кабыл алынып келүүдө. Ал эми 60-жылдардан баштап адабиятты окутууну системага салууга алгачкы ирет салым кошушкан окумуштуу педагогдор С. Турусбеков, К. Сартбаев, Б. Рысбекованын эмгектерин баса көрсөтүп айтуубуз керек. Адабий чыгармаларды окутууга карата диссертациялык изилдөөлөрдүн обьектисине айланып,бир катар эмгектерин арнаган С. Турусбековдун эмгектери алгачкылардан болду.

Өткөн кылымдын 80-90-жылдарынан баштап адабиятты окутуу(адабий окуу) илими өнүгүү багытында болду. Буга, ушул багытта максаттуу изилдөө жүргүзүшкөн :С.Сакиеванын, А. Токтомаметовдун илимий-методикалык эмгектери, проблемалуу макалалары күбө. Ал эмгектер башталгыч класстарда адабиятты окутуунун актуалдуу проблемалары, адабий билим берүүнүн проблемаларына арналып, ал башталгыч жана жогорку окуу жайларында жаш муундарга адабий билим берүүнүн концепцияларын мамлекеттик стандарттарын жана окуу программаларын түзүүнүн өбөлгөлөрү болду.

90-жылдардан баштап адабиятты окутуунун методикасында ири бурулуштар, иш-аракеттер жандана баштады, т.а.анын максаты-баланын инсандык өнүгүүсүнө багытталып, окутуунун мазмунун өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк түзүлө баштады. Адабият сабактарында – билим берүүнүн мазмуну - окутуунун адабийлүүлүгүнө өзгөчө көңүл бура баштады. Мындагы башкы милдет - баланын логикалык ой жүгүртүүсүн көркөм чыгарма аркылуу өнүктүрүү аркылуу, аларды текстке өз алдынча ой жүгүртүүгө, тексттин маанисине чыгармачылык, ар кандай чыгарманы кабыл алуу-бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурмандын биргелешкен чыгармачылыгы (М.М. Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу-мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы (Г.Н.Кудина) болсо, образдарды, кааармандарды үлгүсүз кабыл алуу(айрыкча жомокторду оозеки угууда) - чыгармачылык (Л.С.Выготский), чыгармачылыгын өнүктүрүү (А.Токтомаметов) болуп саналат.

Окуу терминдериндеги ушундай өзгөрүүлөр, толуктоолор, кыргыз башталгыч класстары үчүн түзүлгөн окуу китептерине да тиешелүү экендиги маалым. Баарыбызга белгилүү болгондой, буга чейин бул окуулук түрдүүчө аталып келген. Өткөн кылымдын 20-30-жылдарында, б.а. К. Тыныстанов түзгөн окуулуктардан баштап «Окуу китеби», 50-90- жылдары «Эне тили», 90-жылдардан баштап «Адабий окуу» деп атала баштады. Окуулуктун түзүлүшүнүн калыптанышы, өнүгүшү, түптөлүшү бир кылымга жакын убакытты басып өттү. Ошондуктан адабиятты окутуунун теориялык жана практикалык жактан калыптанышын үч этап менен кароого болот. Аларды төмөндөгүдөй бөлүштүрүүгө болот.

Биринчи этабында алгачкы түзүлгөн «Окуу китебин» түзүүчү К.Тыныстановдун эмгектерин, иш-аракеттерин атоого болот. К. Тыныстанов окуу китептерин түзүүгө 1924-жылдан тартып кирише баштаган. Анын алгачкы »Окуу китеби» биринчи баскыч мектептерге арналган. Ал 1924-жылы Ташкентте 5000 нуска менен жарык көрөт. Китеп араб тамгасында жазылган, жалпы көлөмү 97 бетти түзөт. Бул биринчи китебине грамматикалык жактан эч кандай маалымат берилбей, ал хрестоматиялык мүнөздө болгон. «Окуу китеби» балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталып, ага тарбиялык маанидеги аңгеме, жомок, чакан тексттер, табышмак жана ырлар кирген. Мисалы, «Абыл. Абылдын мектепке барганы .Кантип котур болушту? Котурдан кантип кутулушту? Бала менен чымчык (ыр түрүндөгү поэма). Келте. Мектепте балдар тартиби. Калпычы. Ууру. Ынтымак. Кичинекей акылман. Сонун үйдүн чечүүсү. Бөбөк терметкенде. Алдар Көсө менен шайтан (жомок). Жаман жолдош. Кичинекей баатыр. Кайран эл» ж.б.у.с. Ар кандай темадагы чакан бөлүмдөр:

1. Адам тууралуу.
2. Куштар.
3. Алдаяр.
4. Күлкүлөр.
5. Ой менен чыгара турган эсептер.
6. Интернационал.

Андан кийин мезгилдер (жаз, жай, күз) башка бөлүмдөрүндө ар бир мезги... карата мисалы, «Жаз» деген бөлүмдө «Жайлоодо», «Чагылган» ж.б.у.с.кыска-кыс... аңгемелер, тексттер берилген да, ар бир мезгилдин аягында ал тексттерден кийин 7-8 ... суроолор жазылган.Китептин аягында берилген материалдардын катасы, дурусунун бет... жолдору көрсөтүлгөн тиркеме берилген.

Китептин сөз башында «Жоктон бар артык дегендей, кур алакан отур... мектебибизди соорото туралы дедик.Көч жүрө-жүрө түзөлөт, биз дагы жүрө-жүрө мек... куралдарыбызды дурустап кетербиз» деген тилегин айткан. Окуу китебинин жазыл... максаты, кимге багытталгандыгы анын сапат деңгээли жөнүндө таамай айтып, мек... окуучулары үчүн окуу китебин түзүүчүлөрдүн алдына келечектүү мүдөө коюуга ара... кылат.Бул окуулуктун түзүлүшү автор өзү көрсөткөндөй, жаныдан алгачкы ок... китебинин пайдубалын куруучу, эне тили окуу китебине чыйыр салуучу катар... бааланып келүүдө.

Элдин калың катмары экономист, юрист, финансист, врач, артист болгусу [illegible] Ал эми бул жерде эл менен иштеген кесиптерден мугалим, же окутуучулукту к[illegible] ошол багытта окуп жаткан, студенттер да каалабайт. Негизги себеп эмне? [illegible] мектеп мугалимдеринин 80 - 90% ын эжекелер түзөт. Маянанын аздыгынан [illegible] мугалимдерине көңүл бурулбай калганынан негизинен эркек педагогдор баш[illegible] менен алектенип кетүүдө. Бул процесстин улануусу келечек муундардан тарбия[illegible] өтө зыяндуу. Себеби тарбия эркек жана аял тарабынан түрдүүчө берилет. [illegible] эле, мугалим деген кесип ардакталбай, бркталбай калышы мүмкүн. Учур[illegible] негизги милдет эркек мугалимдерди жумушка, мектепке тартуу, айлык [illegible] көбөйтүү жана мугалим кызыкчылыгы 1-орунда турат. Окуу мекемеле[illegible] салмактуулуктун сакталышы тарбия жараянынын стабилдүү жүрүшүнүн [illegible] шарты болуп саналат.

Адабияттар

1. Журавлев В. М., Гудимова А. Н. Учитывая уровень школьных знаний: Вестник высшей школы. 1984, №8, с. 72-73.
2. Мещерякова Л. М. Психолого-педагогические особенности подготовки старшеклассников к выбору ими будущей профессии. Краснодар, 2002.
3. О повышении качества подготовки высококвалифицированных специалистов в условиях демократизации и рыночных отношений в образовательной системе // Известия ВУЗов. 2003, №1-2, с.147-154.
4. Климов Е. А. Развивающийся человек в мире профессии. Обнинск, 1993, с.328.

* * *

А.С. Абдибаитова

## Болочок мугалимдерге этнопедагогиканын элементтерин пайдаланып тарбиялык сабактарды өтүүгө багыт берүү

Мугалимдин тарбиялык сабагы ыймандуулуктун үрөөнүн себүүнүн, кишиде жакшылыкты түйүлдүк катары пайда кылуунун, эне тилин, эли жерин кадырлай билүүгө тарбиялоонун, атуулду жетилдирүүнүн дүйнөсү. Ошол дүйнөнүн ачкычтары мугалим, сөз өнөрү жана тарбиялык саат.

Тарбиялык сабактарды уюштуруу үчүн болочок мугалимдердин билимин жана жөндөмүн калптандыруу маселеси мугалим кадрларды даярдоодо негизги проблемалардан болуп эсептелет.

Макалада окуучулардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүчү жана элдик педагогиканын каражаттары жөнүндөгү билимдерин текшерүүчү «Мен чилистен», «Сыр сандык», жана «Сөздү тап» интеллектуалдык оюдарын уюштурууну карап көрөлү.

**«Мен чилистен» оюну**

Бул интеллектуалдык оюндун өтүлүшү жөнүндөгү жарыя бир жума мурда илинет. Иш чара өтүлүүчү зал алдын ала жасалганалат. Оюндун жүрүшүндө музыкалык тыныгууларды уюштуруу да максатка ылайыктуу.

Оюнга беш окуучу катышса болот. Катышуучунун санына карата суроолор даярдалат.Ошондой эле оюндун алып баруучусу окуучулар тарабынан тандалат жана эсептөө комиссиясы шайланат. Оюн IV турдан турат.

I-ТУР

(I-турда ар оюнчуга экиден суроо берилет)

1. «Көз ирмем» элдик педагогикада кайсы бирдик катары колдонулат?
2. «Чашке»- кайсы убакыт?
3. «Тээк» кайсы музыкалык аспаптын элементи?
4. Кыргыз эли кайсы сандарды «ыйык» деп эсептеп келген?
5. Салт сөзүнүн синонимдерин атагыла.
6. Күүнүн башы «...» .
7. «Шырылдаң» кимдердин турмушунун чагылдырган ыр?
8. Сөздүн көркү- ......
9. Алты Аркар жылдызынан астрономияда орусча аталышы?
1. Тебетей –улуттук .... .

Оюндун катышуучулары суроолорго толук жооп бере албаган оюнчуну оюндан чыгарышат. Оюнда 4 окуучу калат.

2-ТУР.

Бул турда ар бир оюнчуга үчтөн суроо берилет. Оюндун тартиби ошол бойдон сакталат.

1. Бир саржин канча метрге барабар?
2. « Кут» сөзүнө маанилеш сөздөр-……
3. Айтыш-бул …. .
4. Куш төрөсү -…. .
5. Ит төрөсүчү -…. .
6. Ичикти кимдер жамынат?

    1. Такыя –бул …. .
    2. « Ак өргөө» кимдер үчүн тигилет?
    3. Нооруздун мааниси кандай?
    4. Көөкөр –бул …. .
    5. Сабаачы?

Оюндун бул турунда да өз суроосуна туура жооп бере албаган оюнчу оюндан чыгарылат.

3 -ТУР.

Бул турда үч оюнчу калат да, аларга төрттөн суроо берилет.

1. « Акыйнек», « Макал айтышуу», « Калп айтышуу»- булар ….. .
2. Бир пудда канча кг бар?
3. Комуз кылы эмнеден жасалат?
4. « Арасынан кыл өтпөө»- бул …. .
5. Чачыланы кимдер чачышат?
6. Жерге бекем түптөдүм, кийиз менен каптадым. Мунун жандырмагы кандай?
7. Бир километр- бул бир…. .
8. Кушту таптаган адамды…. дейт.
9. Жылкыны таптаган адамды… дейт.
10. Кошокту качан кимдер кошот?
11. Карамолдо Орозов ким?
12. « Сынган бугу», « Сары барпы»-булар….. .

Бул турда да тиешелуу суроосуна жооп бере албаган оюнчу оюндан чыгарылат.

4-ТУР.

Бул турда эки оюнчу калгандыктан, ар бир оюнчуга алып баруучу тарабынан 5тен суроо берилет. Суроолордун баарына туура жооп берип, көп упай топтогон оюнчу « женуучу» деп табылат.

1. Добулбас эмне?
2. С.Каралаев. ким?
3. Саялбаган …. тандайт.

Саптай албаган….. тандайт.

4.Шөкүлөнү кимдер кийишет?

5.Коен баласы эмне?

6. Койдун пири--…?

7. Шырдак, туштук, кажары таар-булар….

8. Жоолук таштамай бул-….

9. Чопо чоор, мүйүз керней, жылаажын-булар эмнелер?

2. Узун терек жыгылды,

Учу менин колумда.

Булбулдары сайраса,
Тили менин колумда.
Бул табышмактын жандырмагы эмне?

**Жыйнтыктоо.**

Оюн жыйынтыкталат. Жеңүүчүгө алдын ала даярдалган «Чилистен» төш белгиси тапшырылат.

**Жооптор:**

I . Секунда, күн көтөрүлгөн убак, комуздун, «3,7,40», «традиция, каада», «Камбаркан», жылкылардын, макал, Малая Медведица, баш кийим.

II. 2. Метр, «бакыт, таалай,береке»,ырчылардын алым сабак айтышы, Буудайык Кумайык, кымыз куюлуучу идиш, кымыз даярдоочу идиш, эркектер, кыздардын баш кийими, жарма, жаны үйлөнгөндөр үчүн, жаны күн.

III. Акыл оюндары, 16кг, ичегиден, өтө жакын болуу, улгайган байбичелер, эне аялдарга, бир чакырым, мунүшкөр, саяпкер, аялдар, улуу комузчу, элдик күүлөр.

IV. Музыкалык аспап, улуу манасчы, боз үй, ийне-учук, жаш келиндер, бөжөк, Чолпон Ата, боз үй эмеректери, улуттук оюндар, музыкалык аспап, комуз.

«СЫР САНДЫК» интеллектуалдык оюну.

«Сыр сандык» интеллектуалдык оюнун өткөрүү окуучулардын билимдерин тереңдетүү, чукул абалдан чыга билүүгө үйрөтүү, күтүүсүз берилген суроолорго тез жооп берүүгө жетишүү максатын көздөйт.

Суроолор жазылып салынган сырдуу сандыктан ар бир тур үчүн алып баруучу тарабынан берилет. Оюн 4 турдан турат.

**1-ТУР. Тандоо туру.**

Бул турда жалпы класста отурган окуучуларга үч суроо берилет, алгачкылардан жооп берген үч окуучу оюнчу катары тандалат. Ар бир суроого бирден бал коюлат.

1. Жигит пири…(Шаймерден)
2. Тизгин, суулук, үзөнгү, басмайыл-булар…(ат жабдыктар)
3. Бугу айы кайсы ай? (Май).

**2-Тур. Сөз куроо.**

Мында окуучулур а, ы, и, е, б, к, л, т, ш, н тамгаларынан куралган Амир Темирдин небереси Султан Бабырдын кыргыз, кыпчак, кырк, мин уруктары үстүнө алтын кемер, алтын жабуу жабып, алтын сырлуу бешикте калтырып кеткен уулунун атын табуусу керек.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

Бул сөздү тапкан оюнчуга 4 балл коюлат.

Бул сөз оюнчулар тарабынан табылгандан соң, Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романындагы, ушул сөздүн келип чыгуу тарыхын айтып берүү максатка ылайыктуу.

Ошондой эле ушул эле тамгалардын жардамында кыргыздын төл сөздөрүн, алардын ичинен кыргыз элинин жашоо тиричилигинде, оюндарында, каада-салт, үрп адаттарында колдонуулучу сөздөрдү жазуу сунуш кылынат. (Табылган ар бир сөзгө бирден бал коюлат)

(Шакек, баба кешик, тебетей, бешик, кийит, ж.б)

Балдарды ой жүгүртүгө, өз алдынча издене билүүгө үйрөтүүчү төмөнкү тапшырмаларды билүүгө болот.

А-а…н б…а-А
Л-л…п м…л-Л
Т-т…н с…т-Т
Ы-ы…н б…-ы-Ы

Н-н…л к…-н-Н
Б-б…т а…б-Б (араб сөзү)
Е-е…и ш…е-Е
Ш-ш…к а…ш-Ш
И-и…к б…и-И
К-к…т ш…к-К

(аркан, лакап, тыйын, ыйман, накыл, бешмант, шакек, ийик, бата, макал, салт, быжы, адап, шерине, айтыш, белдемчи, шырдак)

**3-тур. Бүтпөгөн макалдар.**

Бул турда оюндун алып баруучусу бирден толук эмес макал окуйт, оюнчулар аны улантып кетүүсү керек. Ар бир толукталып айтылган макалга 3төн балл коюлат.

1. Жакшы атанын кашык менен жыйганын,
   Жаман уул… (чөмүч менен түгөтөт)
2. Бирөөнүн жеринде султан болгончо,
   Өз элинде… (ултан бол)
3. Комуз сынса ыр жок,
   Көңүл сынса…(сыр жок)

Жыйынтыгында 9 балл топтогон окуучу 4-турга өткөрүлөт.

IV. Жанылмачтар.

1. Тоодогу койлор ойго түштү, 2. Бул кай каймак?

**Ойдогу койлор толо түштү. Бул бал каймак, бул кам каймак**

Толгон кой толкуй түштү,
Бал каймакты кам каймакка кошоюн
Толкуган кой жолго түштү,
Кам каймакты бал каймакка кошоюн.

3.Айылыбызда арал бар,
Ал аралда үч марал бар.
Бири-кара марал,
Бири-ала марал,
Бири-бала марал.

**Жыйынтыктоо**

Оюн жыйынтыкталып, жеңүүчү аныкталат. Жеңүүчүгө алдын ала даярдалган сыр сандыктын сыйлыгы тапшырылат.

**«Сөздү тап» оюну**

Бул оюнда 2 окуучу «чөнтөкчөлүү плакатта» жашырылган сөздөрдү табуу боюча мелдешишет.

Мисалы; 1-тапшырма

Кыргыз элинин эң белгилүү күүлөрүнүн биринин аталышын табуу.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | |

1- окуучу: Мен бул сөздү 10 тамгадан табам.
2- окуучу: Мен бул сөздү 8 тамгадан табам.
1-окуучу: А мен 6 тамгадан табам.
2-окуучу: Мен болсом 4 тамгадан табам.
1- окуучу: Тап.

Атаандашы уруксат берген окуучу өзүнөн ушул сөздө бар деп ойлогон тамгаларын атайт.

Мисалы: Ө,А ,Т.

Анан сөздүн аталышы боюнча өз вариантын айтат. Эгер туура болсо бул окуучу «жеңүүчү» деп табылат, ал эми туура таба албаса, бул суроо жалпы класстын окуучуларына ташталат.

***2-тапшырма***

1) Кыргыз элинин «Гүл желекчелүү кыз, гүл сымалданган кыз» деген маанини түшүндүргөн накыл сөзүн табуу.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

***3-тапшырма***

Зергерлер сатат базарда,
Билекке салчу жасалга.
Табышмагынын жандырмагы

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

(Саринжибөкөй, Кызбурак, Билерик)

Тарбиялык сааттарды өткөрүү үчүн болочок мугалимдерди тарбиялык сабактарды өткөрүүнүн, уюштуруунун ыкмаларын «Педагогикалык системаны башкаруунун негиздери» предметинде окутуп, алардын аткарылышын педагогикалык практика мезгилинде практикалоого болот.

Педагогикалык окуу жайларынын жогорку курстарынын студенттерине педагогикалык практика учурунда жогорудагыларга окшош, типтеш ар түрдүү интеллектуалдык оюндарды системалуу түрдө уюштуруп өткөрүүлөрү мектеп окуучуларынын:

1. Кыргыз элинин маданиятына, музыкасына, үрп-адаттарына, каада салттарына жана элдик оюндарына болгон кызыгуусу артып тарбияланаары;
2. Адабияттар менен иштөөлөрү;
3. Кругозорун өстүрүү үчүн өз алдынча иштөө көндүмдүктөрүнүн өнүгүүлөрү;
4. Логикалык жактан ой жүгүртүүлөрүнүн туура калыптанаарын байкашкан.

Адабияттар

1. Карасаев Х.К Накыл сөздөр.
2. Закиров С. Кыргыз элинин макал, лакаптары. Фрунзе, 1972.
3. Алымбеков Ж. Кыргыз этнопедагогикасы. Бишкек, 1996.

* * *

М.С. Мурзаев

## Инсанды социалдаштыруунун этнопсихологиялык маселелери

Инсан көп кырдуу, көп деңгээлдүү түшүнүк катары көптөгөн илимдер тарабынан изилдөөгө алынат.

Психология илиминин тармактары да инсанды ар тарабынан изилдөөгө алат. Жалпы психологияда инсандын аныкталышы, табияты, түзүмү, калыптанышы ж.б.у.с. жалпы түшүнүктөр, мыйзамченемдүүлүктөр изилденсе, курак жаш психологияда ар бир куракта кандайча, кантип инсандын калыптаныш мыйзамдары ишке ашары изилденет.

Орустун көрүнүктүү окумуштуусу, методолог, социалдык психология илимин негиздөөчүлөрдүн бири Г.М. Андреева инсанды социалдык психологиялык өңүттөн изилдөөдө инсанды социалдаштырууну, инсандын социалдык установкасын, инсандын

социалдык-психологиялык сапаттарын изилдөө зарыл экендигин баса белгилеп, социалдык психологиялык өңүттөн алганда инсанды калыптандырууну - адамдын социалдык-психологиялык тажрыйбаларды өздөштүрүүсү жана адамдын инсан катары рухий дүйнөсүнүн, дүйнөтаанымынын, мүнөздүк өзгөчөлүктөрүнүн ж.б. өнүгүшү катары түшүндүргөн.

Инсандын социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүсү коомдун эң кичинекей бөлүкчөсү болгон үйбүлөдөн - бала өзү жашаган элдин, улуттун каада-салты, үрп-адаттарын, жашоо образын, баарлашуу, ишмердүүлүк өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү аркылуу инсан катары жетилет.

Адам инсан болуп жетилгенде белгилүү бир элдин өкүлү ошол элдин маданиятын, каада-салтын урматтаган, үр-адатын жактаган, элдин этникалык аң сезимин алып жүргөн жана башка адамдарга аны көрсөткөн, жайылткан адам катары өзүн турмушта көрсөтөт. Ошондуктан адамдын инсан катары өнүгүшүн анын улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болуусу катары кароо туура.

Биз макалабызда инсанды социалдаштыруу маселелерин этнопсихологиялык өңүттөн карайбыз.

Г.М.Андреева: «Социалдаштыруу процесси татаал, эки жактуу процесс; бир жагынан адамдын социалдык байланыштардын тутумуна, социалдык чөйрөгө аралашуу аркылуу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүсү болсо, экинчи жагынан социалдык чөйрөдөн ж.б. коомдук иниституттардан өздөштүргөн тажрыйбаларды өз аракеттеринде, жүрүм-турумунда көрсөтүшү болуп саналат»- деп эсептейт (2. 276.).

Социалдаштыруу процессинин жүрүшүндө инсандын калыптанышы 3 жагдайда ( ишмердүүлүктө, баарлашууда, өзүн өзү аңдап билүүдө) жүрөт. Ушул аталган үч жагдай ар бир этносто өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ болот. Анткени ар бир адам белгилүү этностун өкүлү болгондуктан, анын инсан катары жетилишинде элдин, улуттун өзгөчөлүгүнүн тийгизген таасири өтө чоң.

Г.М.Андрееванын пикири боюнча адамдын кайсы элге, улутка тиешелүүлүгүнө жараша инсандын калыптанышы эң башкы шарты болгон микрочөйрөнүн (үйбүлөнүн) кандай болушу менен аныкталат. Анткени ар бир элдин мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдө элдин узак кылымдар бою өнүгүшүнүн тарыхый тажрыйбалары топтолгон, аны өздөштүрүү социалдаштыруунун мазмунун түзөт (1.211). Анткени ар элдин маданиятын түзүп турган нарк-насил, баалуулуктар, аоциалдык установкалар, каада-салттар, үрп-адаттар ж.б. адамдардын жүрүм-турумунун, умтулууларынын жөнгө салып турат. Адам кайсы элдин маданиятын өздөштүрсө ошол элдин өкүлү болуп саналат.

Үйбүлө, тууганчылык, айыл тутунган адаттар ж.б. этникалык өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан, бала инсан катары жетилүүдө өз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирүүсү ишке ашат. Бала өмүрүнүн биринчи күнүнөн тартып үйбүлөдө ата-энесинин, туугандарынын таасиринде болот жана өз ара карым-катнаш тутумуна аралашат. Бала өзүн курчаган адамдар менен алакалашып алар ээ болгон маданият менен карым-катнаш жасап, аны өзүнө сиңире баштайт. Үйбүлөдөн бала улуттук өзгөчөлүккө таасирленгендөн улам анын инсан катары жетилүүсү башталат. Ушул убакыттан тартып үйбүлө аркылуу бала коомдун таасиринде болот, ошол коомдун социалдык мамиле тутумун өздөштүрөт, аны өз аракеттеринде, жүрүм-турумунда, баарлашуусунда көрсөтөт. Ошол элдин өзгөчөлүктөрүн алып жүрүүчү адам болуп калыптанат.

Кыргыз элиндеги жөрөлгөлөр: бөбөктү чулгоо, бешикке бөлөө, балага байланышкан (жентек той, бешик той, тушоо кесүү, сүннөт той ж.б.) каада-салттарды

аткаруу аркылуу баланы кыргыз элинин маданиятына аралашуусу башталат жана башка элдин өкүлдөрүнөн айырмаланган инсан болуп калыптанат.

Баланы ата-энеси туулган күндү белгилөө, той, ж.б. сыйлуу жерлерге өзү менен кошо алып баруу менен баланын социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүүсүнө шарт түзөт жана аны улуттук өзгөчөлүктөрдө социалдаштырат, баланын инсан катары калыптануусу жүрөт. Үйбүлө, бала бакча, мектеп ж.б. коомдук институттарга баланын кириши (андагы балдар менен алакалашуусу) алардын социалдаштыруусуна өз таасирин тийгизет.

*Жыйынтык.* Инсандын калыптанышы социалдык чөйрөдө, социалдык мамилелердин тутумун өздөштүрүү аркылуу жүргөндүктөн, бала өмүрүнүн биринчи күнүнөн тартып ата-энелери, туугандары аркылуу белгилүү бир этностун маданиятын, жашоо образын, каада-салтын, үрп адатын, мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүсүнүн натыйжасыфнда инсан болуп жетилгендиктен инсандын жетилүүсү этнопсихологиялык өңүттөн каралышы,изилдениши зарыл.

1. Инсанды социалдаштырууну улуттук өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алуу инсанды жетилтүүнүн факторлорунун, механизмдеринин, мыйзамдарынын улуттук өзгөчөлүктөрүн тактоого жана социалдаштыруунун натыйжалуулугун арттырууга мүмкүндүк берет.

## Адабияттар

1. Андреева Г.М. Социальная психология. М., Изд. МГУ, 1988.
2. Андреева Г.М. Социальная психология . М., Аспект Пресс, 1998.

* * *

М. Таштанов, Т. Мойдунов, И. Алиев

## Мектеп дене тарбиясын өнүктүрүүдөгү негизги проблемалар

Өлкөбүздө «Дене тарбия жана спортту, улуттук спортту өнүктүрүү» закондуулугу боюнча президент Курманбек Салиевичтин жүргүзгөн саясаты азыркы учурдагы элибиздин сациалдык талаптарын ишке ашыруудагы эң бир негизги аракет максаттарынын бири болуп эсептелет.

Учурдун талабына жараша элибиздин социялдык-экономикалык абалы жогорулап Сергек турмушта ден соолугу чың болуп коомубуздун кошуна мамлекеттер сыяктуу активдүү өнүгүп кетүүсү келечекте жаш муундарды туура өстүрүп тарбиялоодон башталат. Дене тарбия жана спортту өнүктүрүү проблемасына байланыштуу болгон адам баласына керектелүүчү эң баалуу педагогикалык сапаттардын түптөлүп калыптануусуна мектептин окуу-тарбия процессинин чоң ролго ээ. Бүгүнкү күндө Катар мамлекетиндеги Доха шаарында Азия өлкөлөрүнүн XV олимпиадасына катышып жаткан 150 дөн ашык биздин спортсмендерибиздин жараткан ийгиликтерине жаш мамлекетибиздин өнүгүүдөгү спортко болгон алгачкы кадамдары болуп эсептелет.

Бирок эң негизгиси келечекте жаш муундардын, студент жаштардын жогорку дене тарбиялык сапаттарын, даярдыктарынын негизин жараттуу жалпыга билим берүүчү комплекстүү мектеп программасынын айланасындагы теориялык жана практикалык алган билимдүүлүгүнө байланыштуу болот.

Ошондуктан окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата жаңы түзүлгөн мектеп программасынын айланасында областыбыздын эң мыкты мектептеринин 5-9-11 класстарына атайын теориялык жана практикалык суроолор өлчөмдөрдүн негизинде түзүлүп практикалык эксперименталдык иш жүргүзүлдү.

Эксперименталдык иштин максаты.

Мектеп окуучуларынын дене тарбиялык даярдыктарына, теориялык жана практикалык билимдүүлүгүнө салыштырма анализ жүргүзүү.

Эксперименталдык иш 2005 жылдын март айында жүргүзүлдү, 1547 мектеп окуучулары катышты. Жалпыга билим берүүчү мектептерде 11-класстар үчүн дене тарбиясынын теориялык билимдүүлүгү боюнча тесттик суроолорго жооп берүүсү.

**Таблица 1**

| | Суроолордун мазмуну | Жал-т обл. мек-ри | Өзб.респ.мектеп-ри |
|---|---|---|---|
| | Мектептерде дене тарбиясынын сапаттуу өтүлүшү. | 67,15% | 88.5% |
| | Мектептерде спорттук мелдештердин сапаты. | 27,13% | 57% |
| | Дене тарбия сабагына кызыгуу жана катышуу. | 42,4% | 71,4% |
| | Ден соолукту чындоо үчүн катышамын. | 49,71% | 52% |
| | Ден соолукту чындоочу негизги каражат: Гимнастика. | 51,58% | 71,4% |
| | Ден соолук чындоо эрежелерин билесиңби? | 52,66% | 68,5% |
| | Мектептерде жеңил атлетика менен машыгуу. | 2,27% | 4,48% |
| | Олимпиада жөнүндө түшүнүк. | 6,86% | |
| | КРнын спортакиадасы ж-дө түшүнүк. | 13,88% | |
| | а)КРсы олимпиадага канча жолу | 13,78% | |
| | катышты? | 3,2% | |
| | б) канча спротсмен | 29,28% | |
| | в) кайсы шаарда олимпиада өткөрүлөт | 10,6% | |
| | Олимпиаданын 3жолку чемпиону ким? | | |
| 0 | Дене тарбия сабагында бааланат: | 11,66% | |
| | а) ГТО өлчөмдөрү алынбай эле; | 21,98% | 11,4% |
| | б) спорт оюндарына карата; | 4,8% | 2,8% |
| | в) жүрүм турумуна карата; | 62,74% | 83,2% |
| | г) ГТО өлчөмдөрүн тапшырып. | | |
| 1 | Дене тарбия сабагында кайсы спорттун түрлөрү көп колдонулат? | 74% | 80,38% |
| | а)волейбол, баскетбол, футбол; | 63,2% | 20,11% |
| | б)кыймылдуу оюндар; | 48,1% | 15,88% |
| | в) улуттук оюндар; | 2,8% | 4,40% |
| | г) женил отлетика. | | |
| 2 | Тамеки жана ичимдик. | 66,80% | 82% |
| | а) эч качан тамеки чекпеймин; | 66,6% | 85% |
| | б) эч качан ичимдик ичпеймин | | |

Атайын түзүлгөн тесттик суроолоруна жооп берүүсү % менен көрсөтүлгөн.

**Практикалык өлчөмдөрдү тапшыруу боюнча салыштырма анализдик жыйынтыгы**

Таблица 2.

| № | Өлчөмдөрдү тапшыруу баскычтары | Өзбекистан | Жалалабат |
|---|---|---|---|
| 1. | Сапаттуу жетишүү | 74,49% | 39,95% |
| 2. | Абсалюттук жетишүү | 91,59% | 56,66% |
| 3. | Өлчөм тапшыра албаганы | 8,41% | 43,19% |

Жүргүзгөн эксперименталдык иштердин жыйынтыгы салыштырмалуу төмөн экендиги №2 таблицада көрүнүп турат. Дене тарбиясын өнүктүрүү боюнча мамлекет тарабынан иш чаралардын аткарылбагандыгы, дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин көрсөтүлгөн багытта үгүт насаат усулдук иштеринин тиешелүү деңгээлде канаттандыраарлык уюштуруп алып кете албагандыгы деп түшүнсөк болот. Мектеп окуучуларынын билимдүүлүгүн, дене тарбиянын даярдыктарын атайын түзүлгөн тесттин өлчөмдөрүнүн негизинде жүргүзүп эксперименталдык иштерин төмөндөкүдөй корутундулайбыз.

Мектеп дене тарбиясын өнүктүрүүгө жетишерлик көңүл бурулбагандыгы, усулдук кеңешмелердин «канаттандыраарлык» учурдун талабына жооп берелик эмес өтүлүүсү уюштуруу иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү менен баяндалат.

Мектеп окуучуларын «дене тарбия жана спорт» багытында теориялык билимдүүлүкө тарбиялоо, алардын дене тарбиялык даярдыгын сапаттуулугуна, өз алдынча ден соолугун чыңдоо эрежелерин билүүгө, эмгек өндүрүмдүлүүгүн жогорулатууга, жогорку гармониялуулукта өсүшүнө, коомдогу активдүү көз караштагы жаштарды тарбиялоонун негизи болуп эсептелет.

Ошондуктан дене тарбиясы боюнча мектеп программасын жаңы окуу процесстерине салыштырмалуу модернизациялоо зарылчылыгы талап кылынууда. Мамлекет тарабынан чыгарылган «дене тарбия жана спортту өнүктүрүү» иш мыйзамдарын эл массасынын арасында жүзөгө ашыруу үчүн мектеп дене тарбиясын өнүктүрүүнү күчөтүп окутуп-тарбиялоо процессинин жаңы технологиясына ыңгайлаштыруу зарыл. Ансыз келечекте чоң спортко чыгууга болбойт, мектеп дене тарбиясын өнүктүрүү менен гана жакшы шарттардын түзүлүшүнө, спорттук ийгиликтерди жаратууга шек жок.

«Казанда болбосо чөмүчкө илинбейт» деген макал ата бабаларыбыздан айтылып келген.

Улуу окмуштуулар Аристотель, Платон, Гиппократ, Ибн Синанын «Дени сактын эли сак», «Таза дене, таза ой акыл-эсти жаратат» деген учкул акылман сөздөрүн бекеринен айтышкан эмес, себеби алар убагында олимпиаданын чемпиондору болушкан.

* * *

К.Ф. Тешебаева, Д.К. Хамидова, Х.К. Кодирова

## Изучение проблемы готовности выпускников к работе с родителями.

## Актуальность

Сегодня человек все больше обращается к анализу своей деятельности, способной обеспечить его формирование, адекватно реагирующего на потребности общества. государства. Из психологии известно, что внешние воздействия переходят во внутренний, личностный план, соответственно, адекватно влияя на его сознание, побуждение и поведение.

Учитывая это положение, возможен иной подход решения качества обучения в вузе, способствующий адекватному переходу внешних процессов во внутренние (экстра-интраверсии), на создание такой среды, которая обеспечивала бы преподавателю – фассилитатору совершать встречный процесс (активное восприятие) в отношении деятельности студента. И тем самым усилить эффект раскрытия и развития индивидуальных, потенциальных возможностей личности студентов младших курсов.

Социально экономические условия общества создали такие условия, что школа в вопросе подготовки учащихся не всегда отвечает современным образовательным стандартам. Уровень подготовки выпускника школы в основном не соответствует вузовским требованиям. Все те изменения, которые происходят в образовательной сфере - информационный вакуум , что в свою очередь негативно влияет и на профессиональную подготовку студента. Создавшиеся негативные явления переходят из одной ступени образования в другой в неразрешенной форме. И в таком состоянии вуз принимает своих абитуриентов. Возникают проблемы.

**Цель исследования:**

- изучить степень активности родителей и потребности семьи и его влияние на успеваемость ученика.
- изучить уровень готовности выпускника к работе с семьей. (1- уровень);
- разработать методические тренинги по работе учителя с семьей;
- провести методические тренинги;
- определить уровень овладения навыками работы с семьей. (2—уровень).

**Методика исследования.** тестирование

**Результаты исследования и его обсуждение.**

Выдвинутая на начальном этапе исследования гипотеза о недостаточной сформированности у выпускников психологического образа «Родитель –Учитель» и навыков работы с ними в процессе вузовской подготовки подтверждена результатами проведенных тестирований учителей 14 школ.

В66 % всех опросных листов отмечены типичные недостатки, связанные с их неумением действия в педагогических ситуациях с родителями.

Некоторые выдержки из полученных опросных анкет.

1997 год:

- очень слабая теоретическая подготовка не позволяющая качественно разобраться в педагогических ситуациях с родителями;
- не уверенные навыки работы с коллективом родителей.

1999год:

- не умелые действия в ситуациях;
- слабые практические навыки.

2003год:

- не умелые действия в ситуациях;
- растерянность;

2005год:

- слабая психологическая и профессиональная подготовка выпускника к работе с родителями.

Кроме выпускников были протестированы студенты 3, 4, 5 курсов педагогической специальности. Проведенное экспериментальное исследование показало, что у многих студентов отсутствует психологический механизм регуляции действий при решении педагогической ситуации., т.е. не сформированы образы «Учитель – родитель». Это не только подтверждено статистическим материалом, полученным при анкетировании, но и выявлены из бесед с педагогами.

На основе вышеуказанных результатов сделаны следующие выводы.

1. В процессе обучения студенты изучают по программе лишь структурно – функциональную схему объекта управления, описывающую содержание, формы, методы. Отрабатываются теоретические вопросы действий в типовых ситуациях, нацеленные на точность знания, быстроту, сообразительность и т.д. Изучаются элементы деятельности, отрабатываются навыки действий в традиционных условиях и косвенно рассматриваются теоретически возможные традиционные педагогические ситуации. В результате, часто формируется не навыки действия, а теоретический образ – эталон, который не только помогает, но зачастую мешает узнаванию событий и перестраиваться по нему. Традиционно, только после неоднократной работы в реальных ситуациях приобретается необходимый опыт и вырабатывается требуемый образ – эталон, способствующий своевременному формированию оперативного психологического образа, адекватного задаче учителя. Но студенты не изучают ни структуру причинно - следственных связей между возникшей педагогической ситуацией и отдельным учащимся или его семьей, ни способы их анализа и пути выхода из них. Поэтому у выпускников формируется лишь теоретический образ педагогических ситуаций, а не причинно-следственный, которого можно анализировать. Это означает, что у студентов отсутствует образ – эталон «Учитель – Родитель», с которым должны сравниваться образы в текущих ситуациях. В результате низкий уровень знаний и навыков анализа деятельности учителя с родителями.

2. Отсутствие в программе професиональной подготовки методов формирования образных компонентов «Учитель – Родитель»» приводит к тому, что выпускник уже будучи специалистом тратит длительное время, самостоятельно разрабатывает этот образ и формирует целостную концептуальную модель своей индивидуальной деятельности с семьей.

Это положение подтверждено результатами наших экспериментальных исследований студентов 3 – 5 курсов, связанных с изучением зависимости количества ошибочных решений педагогических задач при диагностики результатов анализа ситуации от заданного времени студентов и выпускников, проработавших в реальных ситуациях в течении 3-5 лет.

3. В результате исследования процесса формирования образа «Учитель – Родитель» у 87% испытуемых был обнаружен потеря наиболее важной части структуры. Во всех записях испытуемые отвечали с наибольшим количеством ошибок (до 20 – 24), отсутствие некоторых событий и причинно-следственных связей пришлось именно на основную часть структуры. После определения этого факта испытуемым предложили записать действия пошагово: в этом случае ошибки были незначительны(от 3 х до 5 ти в целом). Из бесед с испытуемыми мы установили, что в данном случае им легче строить причинно – следственную зависимость и быстро находить правильное решение ситуации.

Таким образом, степень сложности объективной причинно – следственной структуры является зависимым фактором, детерминирующим не только время и надежность анализа ситуации, но и длительность процесса формирования отдельных образов – эталона «Учитель – Родитель» и целостной концептуальной модели деятельности по выполнению функции педагогической диагностики ситуации с родителями.

Мы предполагаем, что это трудность во многом определяется такими фактами, как не совершенство форм обучения и способов подачи информации.

Литература

1.Воликова Т.В. Учитель и семья. М., 1980.
2.Гребенников И.В. Школа и семья М.,1985.
3.Подласый И.В. Педагогика М., 2002.
4.Комановский И.В. Работа с родителями младших школьников. М., 1972.
5.Панасюк Б.С. Формы индивидуальной работы учителя с родителями. М., 1965

* * *

Ж. Токтомамбетова, М. Акматова

Жогорку окуу жайларында окутуунун сапатын жакшыртуу маселесине карата

Азыркы учурда дүйнөлүк педагогикада предметтерди окутуу методикасы жалпы эле адамзаттын башка илим, технологияларга кызыгуусу сыяктуу эле өзгөчө кызыгууну жаратып жаткан учуру. Мунун бирден бир себеби, технологиялардын өсүшү менен гана эмес, илимдердин интеграцияланышы, инсандын өзүн-өзү таанып-билүүгө жакындашуусу менен да түшүндүрүлөт.

Дүйнөлүк процесстеги мына ушул кыймылда ошол агымдан окчун калбоого аракет кылган улуттук илимпоздорубуз да ар кимиси өз көрөңгөсүнө жараша кыргыз илимин жаратууга аракет кылууда. Бирок, улуттук илимибиз бир чети чыныгы улуттук жүзүн көрсөтө албай, экинчи жагы дүйнөлүк илим - технологияларды кыргыз кыртышына сиңгидей деңгээлде алып келе албай жатат. Азыркы күнгө көз чаптырсак индустриалдык деген коом артта калып, адамзат постиндустриалдык информациялык коомго баш багып отурат. Ошондуктан дал ошол кыймылдан артка калбоо үчүн жанталашып аракет кылуу зарылдын-зарылы болуп эсептелет.

Билим берүү жана тарбиялоо процессинде жаны технологияларды киргизүү, жана мурдагы технологияларды жаңыртууга, реформалоого кылган аракеттер бул биринчи кезекте жалпы коомдогу өзгөрүүлөр, ошол өзгөрүүлөр талап кылган муктаждыктар менен байланыштуу. Коомдун, адамзаттын өзгөрүүлөрү, өсүштөрү жана кемчиликтери ар дайым билим берүү тармагы аркылуу өтүп келген жана бул процесс бүгүнкү күндө андан бетер активдешип турган чагы. Ошол себептен эртеңки күнү бүгүнкү мектепти жана университетти бүткөндөрдү адис катары абдан күчтүү конкуренция күтүп турат да, биз даярдап жаткан адис эң биринчи кезекте ошол адистик атаандаштыкта женип чыгууга даяр болушу керек.

Кээде ЖОЖду бүтүп, жумушка орношкон жаш адистер 5 жыл бою окуган кезде алган билимдери керекке жарабай, абдан кыйналгандыгы тууралуу сөздөрдү айтышат.

Мунун себеби эмнеде? Эмне үчүн алар ЖОЖ берген билимди иш жүзүндө өндүрүмдүү колдоно алышпайт? Демек, болочок адистиктерди даярдоодо ал тиешелүү билимдерди өзүнө сиңире алган эмес турбайбы?

Ушундай бүтүрүүчүлөр ар кандай ЖОЖдун аброюна шек келтирип, беделин түшүрөрү бышык. А эң негизги, начар даярдалган адис келечекте ордун табыш кыйын болот. Бул болсо, өлкөбүздүн келечегине белгилүү деңгээлде терс таасирин тийгизет.

факторлордун бири болуп саналат. Ошондуктан, ЖОЖдо болочок адистиктерди даярдоодо бир өңчөй камырабастык менен мамиле кылууга болбойт. Ушул жерде «эмне биздин окутуучулар окутуу процессине кайдыгер мамиле жасайбы?» деген орчундуу суроо коюлушу мүмкүн. Албетте, окутуучу сабакка даярдыксыз кирбейт, бирок ошого карабай, сабактын натыйжалуулугун төмөндөтүүчү бир орчундуу жагдайга иш жүзүндө көңүл анчалык бурула бербейт. Бул жагдай берилген сабакта өтүлүүчү окуу материалын ошол эле сабак учурунда түшүнүп – өздөштүрүп алууга көпчүлүк студенттердин жетиштүү түпкү даярдыгынын жок экендиги. Мында «түпкү даярдык» деп жаңы материалды түшүнүп өздөштүрүү үчүн керек болуучу, мурдагы сабактарда киргизилген түшүнүктөрдүн, алардын өз ара байланыштарынын мазмунун студенттин кандай деңгээлде билгендигин айтып жатабыз. Эгер студенттин билими мурда өтүлгөн темалар боюнча тайкы болсо, анда ал жаңы теманы да тиешелүү дэңгээлде өздөштүрө албашы түшүнүктүү. Ал эми бизде болсо студенттин аң - сезиминде жаңы билимди өздөштүрүүдө маанилүү роль ойногон түпкү түшүнүктөр керектүү деңгээлде калыптангандыгы же калыптанбагандыгы эске алынбастан эле, улам жаңы темаларды окута берүүгө жол коюлат.

Ал эми сабакты мындайча өтүүгө студент ички таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктү ишке ашыра алса гана жакшы натыйжа берет. Түпкү даярдыгы жетишсиз студент мурда киргизилген жана жаңы киргизилип жаткан түшүнүктөрдү туюнтуучу термин-сөздөр, символдор менен тийиштүү ой операцияларын кандайча жүргүзүү зарылдыгын удаалаш түшүнбөйт, б. а. керектүү ички гностикалык (таанып - билүүчүлүк) иш аракеттерди шартка жараша аткара албайт. Натыйжада, студент окуу материалын чала түшүнүп, курулай жаттоого көнөт, анын билими формалдуу болот. Студент, өз билимин тааныш жана тааныш эмес кырдаалдарда өз алдынча, мугалимдин жардамысыз ийгиликтүү колдоно албайт.

Биздин оюбузча, традициялуу окутуунун кризиси да, бул кризистин улам тереңдеп баратышы да, студенттин ички гностикалык ишмердүүлүгү менен аны шарттаган тышкы окуу ишмердүүлүктүн ортосундагы шайкеш келбөөчүлүккө байланыштуу.

Бул болсо биздин ЖОЖдордо окуу процессин уюштурууда, б. а. окутуу-окуу бинардык усулдарын колдонуу учурунда студенттин ички таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүнүн өзөчөлүктөрү тийиштүү даражада эске алынбайт дегенди билдирет.

Демек, студент ЖОЖдо сапаттуу билим алсын үчүн анын ички гностикалык жана тышкы окуу ишмердүүлүктөрү бири-бирине шайкеш уюштурулууга тийиш. Бирок бул шарт канааттандырылгандай даражада окутуу процессин уюштуруу ЖОЖдун алдына коюлуучу маселелердин эң олуттуусу болуп саналат.

Аталган маселени чечүү үчүн, биринчиден, ЖОЖдун ар бир окутуучусу илимдин өзү окуткан тармагы боюнча мыкты адис болуудан сырткары жогорку педагогдук чеберчилик менен сабак өтө билүүсү зарыл. Экинчиден, ЖОЖ өзүндө жүргүзүлүүчү окуу тарбиялык процессти ар тараптан изилдеп бул максатта обьективдүү мориторингди өткөрүп, алардын жыйынтыктарын эске алуу менен бүтүн жана ийкемдүү педагогикалык системага айлануусу зарыл.

Ошентип, педагогикалык системанын алдына коом тарабынан белгилүү сапаттарга ээ болгон инсандарды тарбиялап чыгаруу маселеси коюлуп, бул маселе кайсы бир технологиянын жардамында чечилери сөзсүз эске алуучу процесс.

Акыркы жылдары билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүүнүн жолдорун жана каражаттарын активдүү издөө жүрүп

жаткандыгы байкалат. Окумуштуу – дидактиктер, окутуучулар, методисттер бул максатка жетүүгө багытталган педагогикалык технологиялардын үстүндө иштешүүдө.

Мисалы азыркы шартка ылайык адистерди даярдоо үчүн мектептерде жана жогорку окуу жайларда төмөнкүдөй технологиялар практикаланып жатат дейт Барнаулдук окумуштуу А.В. Петров.

1) Проблемалык окутуу. Анын максаты үйрөнүп жаткандын алдына атайын максат коюп, изденүүчү методдорду жана таанып-билүүчү милдеттерди коюунун механизмдерин колдонуу.

2) Концентирленген окутуу. Анын маңыз-максаты – билим блокторун бириктирип окуу менен предметтерди терең өздөштүрүүгө аракет кылуу. Мында максатка жетүүнүн бирден бир жолу – үйрөнүүчүнүн жөндөмдүүлүгүн өстүрүүчү ыкмаларды колдонуунун механизмдерин пайдалануу.

3) Модулдук окутуу. Өз алдынча окуу программасы менен үйрөнүүчүнүн жекече ишмердигин өнүктүрүү. Мунун максатка жетүү механизми – окутуунун индивидуалдуу темпи жана проблемалуу мамиле.

4) Өнүктүрүп – өстүрүүчү окутуу. Мунун маңызы – үйрөнүүчү адамдын жекече мүмкүнчүлүгүнө жана анын инике ашышына негизденип билим берүү. Максатка жетүү үчүн – үйрөнүүчүнү ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү боюнча ишке салуу.

5) Дифференцирлеп окутуу. Анын маңызы - үйрөнүүчүнү жалпыга милдеттүү стандарттан төмөн түшүп кетпегендей ар түрдүү деңгээлде пландалган программалык материалдарды окутуп – үйрөтүү. Мында индивидуалдуу окутуу методдору колдонулат.

6) Активдүү (комплекстүү) окутуу. Анын маңызы – келечектеги адистик ишмердүүлүгү үчүн предметтик жана социалдык мазмунду моделдештирүү. Максатка жетүү үчүн активдүү окутуунун методдору пайдаланылат.

7) Оюнга негиздеп окутуу. Мунун маңызы – билим берүүчү маалыматтарды издеп табуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү ишмердүүлүгүнө багытталган жумуштарды өз алдынча ишке ашыруу. Максатка жетүү үчүн – үйрөнүүчүнү чыгармачылык ишмердүүлүккө тартууну көздөгөн оюн ыкмалары колдонулат. Жогоруда аталып кеткен окутуунун технологияларында диалогдук (баарлашуу) ыкма пайдаланылат. Диалогдун да төмөнкүдөй типтерин колдонуу натыйжалуу болот, алар: маалыматтык – проблемалык ички диалог; катуу сакталган эвристикалык диалог; эркин эвристикалык диалог; изилдөөчүлүк диалог.

Айрым окумуштуулар учурда колдонулуп жүргөн класс-сабак-предметтик системаны төмөнкүдөй усулдардын жардамы менен жеңилдетүүгө болорун айтышат:

- негизги жана кошумча окуу адабияттарын, ошондой эле маалыматтын башка булактарын өз алдынча үйрөнүү;
- обзордук жана көнүктүрүп – даярдоочу сабактар;
- лабораториялык жана лабораториялык – практикалык сабактар;
- семинарлар, аңгемелешүү – дидарлашуулар, дискуссиялар;
- чыгармачылык жолугушуулар;
- окуу көрмөфильмдер, электрондук тексттер, интернет ж.б. жардамы менен маалымат алуу;
- чыгармачылык конкурстарды өткөрүү;
- эвристикалык текшерүү иштерин өткөрүү;
- окуу ишмердүүлүгүнүн ийгилигин баалаган рейтингди пайдалануу;
- ишканаларга, адистик көргөзмөлөргө экскурсия жасоо.

Тилекке каршы, азыркы кездерде «технология» деген термин ылайыгы келсе да, келбесе да туш келди колдонулуп жүрөт. Орус педагогдору анын маанисин төмөндөгүдөй түшүндүрүшөт: «- социалдык тажрыйбаларды чагылдыруунун форма, ыкма, метод жана каражаттарына биримдик – байланышы, ошол процесстин техникалык жактан ишке ашырылышы педагогикалык технология болот» деген аныктама Ростов-на-Дону шаарынан чыккан психологиялык – педагогикалык справочник – сөздүктө берилсе, Байкова Л.А., Гребенкина Л.К., «Педагогикалык технология жана педагогдук чеберчилик» аттуу эмгектеринде:

«- педагогикалык технология – окуу – таанып билүү процессин уюштуруунун жолдорунун биримдиги же алдыга койгон максатка жетүүгө багытталган мугалимдин конкреттүү ишмердүүлүгү менен байланышкан белгилүү бир кыймыл-аракеттердин, операциялардын ыраатуулугу» деген аныктама беришкен.

Демек, педагогикалык технология деген төмөнкүдөй процесстерди камтыйт:

«Педагогикалык эффективдүүлүктү жогорулатуу усулдарды жана ыкмаларды конструктурлоо жана колдонуу, аларды баалоо боюнча факторлорду анализдөө жолу менен окутуу жана тарбиялоону оптималдаштыруу».

Айрым окумуштуулар педагогикалык технологияны бүтүндөй илимий багыт, агым катары да карашат. Мындай пикирлердин көп түрдүүлүгү биринчиден, «окутуунун технологиясы» деген түшүнүктүн өтө кенендигине байланышса, экинчиден, анын ар тараптуу илимдердин обьектисине айланбагандыгы, кеңири баасын албагандыгы менен байланышат.

Адабияттар


1. «Кутбилим» 4.02.2005-ж. №5
2. «Кутбилим» 4.03.2005-ж. №9
3. «Ош жарчысы» серия №2 2004-ж.


* * *

П.Х. Самидинова, А.Б. Жолдошалиева

Чет тили боюнча өз алдынча иштөөнү жүргүзүү менен студенттердин жазма жана оозеки речин өнүктүрүү

Жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын алдында турган маанилүү милдеттеринин бири-студенттердин өз алдынча иштөөсүн адатка айландыруу.

Немец элинин улуу педагогу Адольф Дистервег: «Жакшы мугалим өз сабагында окуучулардын чындыкты өзү издеп таап алууга жана аны таанууга үйрөтсө, жаман мугалим окуучуларына чындыкты өзү айтып берет» - дейт. Ошондуктан биз чындыкты (илимди) студентке өзүнө тапшырсак, студенттин аң-сезимин, ойлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөрүү бышык.

Студенттерге окуу материалдарын даяр берүү студенттердин акыл-эсин ишке салуусун токтотуп коет, болбоду дегенде чектейт. Андыктан биз, окутуучулар илимдеги өздөрүнө керектүү маалыматтарды илимий булактардан (китеп, Интернет, ж.б.) таап алууга окуу материалдарын аракеттенип үйрөнүүгө шарт түзүп берүүбүз зарыл.

Филологиялык багыттагы эмес факультеттерде чет тилин окутуунун өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Бул баарынан мурда студенттердин чет тилин ар кандай деңгээлде билгендиги менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан студенттердин өз алдынча иш алып баруусуна айрыкча көнүл бурган оң натыйжа берет. Студенттердин өз алдынча окуусу боюнча китептерди интенсивдүү пайдалануу окутуу ишиндеги милдеттүү процесс болуп эсептелинет.

Студенттерге бериле турган тексттин мазмуну программалык материалдын белгилүү бир талаптарына: тексттин көлөмүнө, анын татаалдыгына, адистигине, тилди кандай даражада өздөштүргөндүгүнө, тарбиялык жана таануучулук ролуна жооп берип турушу абзел. Өз алдынча иштөө үчүн жаштарды патриотизмге, чынчылдыкка, боорукерликке жана туруктуулукка тарбиялай ала турган көркөм адабий чыгармаларды коомдук-саясий адабияттарды илимий-популярдуу китептерди тандап алуу талапка ылайык келет.

Мындан тышкары көркөм адабият студенттин (жалпы эле адамзаттын) эмоционалдык, эстетикалык табитин, руханий дүйнөсүн да калыптадырып студенттерди идеялык-нравалык жактан тарбиялоого да жардам берет жана алардын лексикалык запасын кеңейтет, көркөм сөздүн маңызын түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

«Сөздүн төркүнүнө жетпей туруп, адамдын жан дүйнөсүнө дайым таасир кылып жаткан жана алардын арасында дүйнөгө көз карашы өркүндөтүлүп турган нерселерди түшүнүү мумкун эмес» - деп айткан В.А. Сухомлинский.

Көркөм текст менен иштөөнү төмөндөгүчө тартипте жүргүзүү талапка ылайыктуу:

1. Комментариялап окуу – мындай окуу өз кучагына окуунун техникасын да камтып турат, тексттин стилистикалык өзгөчөлүгүнө анализ берүү, текстин маанисин түшүнүү жана аны тактоо үчүн көнүгүүлөрдү аткаруу зарыл, мында которуу иши да маанилүү ролду ойнойт.

2. Кыскартуу – текстти кошумча жана терең өздөштүрүү ыкмаларынын бири болуп эсептелинет. Ал материалды кыска, логикалык жактан ырааттуу берүү, окуган тексттерди студенттин көркөм айтып берүү максатын көздөйт.

Жогорку окуу жайлары белгилүү даражадагы билимге ээ болгон адистерди гана калыптандырып тим болбостон баарынан мурда коомдук граждандарын болгондо да, маданияты жана моралдык жактан бийик турган, азыркы замандын талабына жооп берип иштей ала турган профессионалдарды тарбиялап чыгууга тийиш. Бул жагдай жалпы маданияттын бири чет тили боюнча өз алдынча иштөө процессиндеги студенттердин эстетикалык даярдагы болуп эсептелинет.

Көркөм адабияттын көп кырдуу жаңылыктарын жакшы билүү жана аны көп окуу студенттердин рухий диазапонун кеңейтет, окула турган сабактарга карата болгон чыгармачылык чоң кызыгууларын калыптандырат, анын интеллектуалдык гана эмес, окуп-үйрөнө турган фактыларга, закон ченемдүүлүктөргө жана кубулуштарга карата мамилесин пайда кылат. Мына ошондуктан, адамдын ан-сезиминде анализделип чыккан фактылар анын ишенимине айланат, өз адистигине туура позицияга ээ болуп ишинде ага жардам берет.

Өз алдынча иштөөнүн дагы бир системасы – рефераттарды, докладдарды иштеп чыгуу, өзү барып көргөн музейлер, көргөзмөлөр кино жана спектаклдерге рецензияларды жазуу болуп саналат. Өз алдынча иштөөнүн бул системасы студенттердин сабаттуулугун өркүндөтүлүшүнө өбөлгө болот, алардын жазуу речин өстүрүп, илимий жактан калыптануу навыктарын өнүктүрөт.

Студенттердин өз алдынча иштөөсү боюнча илимий-изилдөө иштеринин максаты болуп алардын «стандартсыз» ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү аркылуу өз көз караштарын билдирүү, эске тутуу, ар бир жоопту иште оптималдуу чечимге келүү, конкурстарга, олимпиадаларга жана конференцияларга катышуу, эл аралык карым-катнаштын тили болгон англис тилин пропагандалоо болуп эсептелет.

Мына ушинтип чет тили боюнча өз алдынча иштөөнү пландуу уюштурууда туура иш жүргүзүү студенттердин ойлонуу жөндөмдүүлүктөрүн гана эмес, пропагандалык жөндөмдүүлүктөрүн да активдештирет таанып-билүү жана билимдерин көтөрүү, ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет, ошону менен бирге илимий-изилдөө иштерине болгон кызыгууларын арттырат, өздөрүнүн болгон кесиптерине чыгармачылык менен иштөө мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет.

Студенттердин өз алдынча иштөөсүн 3-этапка бөлүп аткаруу тажрыйбасы оң жемишин бергендигин айтуу менен аны сунуш кылууну туура таптык.

1-этапта студенттер өз алдынча иштөө үчүн берилген темалар же үйгө берилген тапшырмаларды өз алдынча иштешет.

2-3-этапта студенттер сабак учурунда өз алдынча иштешет.

Студенттерге англис тили сабагы боюнча өз алдынча иштөө үчүн тапшырмаларды пландаштырганыбызда биз алардын сүйлөө речин, сөздүк запасын өнүктүрө турган, ошондой эле алардын келечектеги кесибинде колдонулуучу терминдери бар тексттерди алганыбыз оң. Англис тилин өтө жакшы өздөштүргөн студенттерге өз алдынча иштөө үчүн татаалырак тексттерди бергенибиз туура болот, тактап айтканда тапшырмаларды дифференциациялап даярдоо максатка ылайык. Студенттер өз алдынча иштөө үчүн берилген темаларга байланышкан материалдарды издеп таап, үйрөнүүгө аракет кылат.

Мисалы, "Nooruz", "Kyrgyz meals" деген темаларды окуу менен студент кыргыздын жаңы жылы качан болорун, ошондой эле кыргыз элинин үрп-адат, каада-салттарын улуттук тамак аштарын жана башкаларды үйрөнүшөт. Ал эми "History of Kyrgyzstan", "Kyrgyz art" деген темаларды студенттерге өз алдынча иштөө үчүн берүү менен дүйнөдөгү бардык элдер сыяктуу эле кыргыз элинин тарыхын, кылымдардан берки өрчүп-өнүгүп келе жаткан искусствосун, улуттук маданий дөөлөттөрүн үйрөтүп, аларды маданияттуулукка жана адептүүлүккө тарбиялап, рухий байлыктарынын терендигине шарт түзөбүз. Бул темалар боюнча студенттерге сочинениелерди жазууга тапшырма берсек да болот. Мында студенттер кыргыз искусствосунун жана Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун негиздөөчүсү С.А. Чуйковдун чыгармачылыгы жөнүндө жазышса болот. Бул тема боюнча сочинение жазуу менен студенттер Чуйков жөнүндө өз билгендерин, ой-пикирлерин жазуу менен жазма жана оозеки речин өнүктүрөт. Мындай темаларды окуп үйрөнүү студенттердин англис тилине болгон кызыгуусун арттырат. Ошону менен бирге эле ыймандуулукка, адамгерчиликке жана ынтымакчылыкка тарбиялайт.

Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн дагы бир эффективдүү түрү эки-экиден иштөө болуп саналат. Алар берилген тапшырмаларга ситуацияларды, диалогдорду түзүшөт.

Мисалы, студенттерге төмөндөгүдөй тапшырмаларды берсек болот.

1. Bolot, your close friend whom you liked and trusted for many years tells you a lie. You are unhappy and discuss the matter with him.

2. Asan, your friend Bakit asks you to take part in the table-tennis competition. You are interested, but explain why you can't do it at this time.

Англис тили сабагында эки-экиден иштөө аркылуу студенттер бири-бири менен активдүү пикир алышып, өздөрүнүн ички дүйнөсүн оозеки бере алышат. Өз алдынча

иштөөнүн бул түрүндө студенттер ой-жүгүртүүсүн, сөз байлыгын, кеп маданиятын өстүрөт, кругозорун кенейтет жана чыгармачылык менен иштөөгө шарт түзөт.

Ошондуктан биз өз тажрыйбабызды жаш окутуучуларга мүмкүн болушунча аудиториядан тышкары окууга, студенттердин өз алдынча иштөөсүнө көбүрөөк көңүл буруусун сунуш кылмакчыбыз.

Адабияттар


1. Афасижева Д.А., Кузнецова С.А., Каменская А.С. Организация самостоятельной работы студентов по иностранным языкам в вузах неязыковых специальностей. М., 2000, № 3.
2. Горчев А.Ю. Самостоятельная работа школьников по иностранному языку, условия эффективности. II И. ЯШ, 188, №4.
3. Полот Е.С. Обучение в сотрудничестве. Иностранные языки в школе-2000, №1.
4. Аттокуров А.Т., Умаров Т.Н. Самостоятельная работа студентов в системе подготовки студентов к идейно-нравственному воспитанию учащихся. Эл агартуу – 2004, №1,2, с. 30-36.


* * *

Р.Ю. Эмилбекова, Ы.К. Жолдошбаева

## Англис тилине үйрөтүүнүн стилдери

Кыргыз мамлекети өнүгүп келе жаткан коом болгондуктан, жаш муундарды [illegible] тилине үйрөтүү эң орчундуу маселе болуп саналат. Мындан 15-20 жыл мурда чет [illegible] окутуп үйрөтүү-тил үйрөтүү катары эсептелсе гана, азыркы мезгилдин талабы [illegible] башка. Бул коом техниканын, компьютердин коому. Биздин жаштар чет тилин [illegible] өздөштүрө албаса ал техниканы эч кандай башкара албайт. Ошондуктан зам[illegible] талабына ылайык келечектин муундарына, мектептерден, жада калса бакчалардан ба[illegible] англис тилине үйрөтүүгө муктаж болобуз. Бизде жүрөктү өйүгөн көйгөй жаб[illegible] (лингафонный кабинет, магнитафон, телевизор ж.б.) айрыкча айылдык мектептерде [illegible] болгондуктан, мугалим окуучуга англис тилин үйрөтүүдө көп кыйынчылыктарга учур[illegible]

Окуучунун жаш өзгөчөлүктөрүнө карата ар кандай ыкмалар менен сабак [illegible] аракет кылат.

Сен англис тилин үйрөнүүдө сага мугалим окуп бергендеби же сага айтып бер[illegible] эске жакшы сактайсыңбы? Жаңы сөздөрдү үйрөнгөндө аларды кайталап, сүрөттөр [illegible] иштегенди жакшы көрөсүңбү?

Ар кандай окуучу ар кандай ыкма менен англис тилин үйрөнгөнду ка[illegible] Мугалим окуучунун каалаган ыкмасы менен сабак өтүүгө жетишүүсү зарыл.

Бул ар кандай ыкма дегенибиз – үйрөнүүнүн стилдери деп аталат. Үйрөн[illegible] стилдери окуучуга эң жакшы үйрөнүүгө, эң жакшы түшүнүүгө, эн жакшы эске [illegible] өбөлгө түзөт.

Англис тилинде 4 үйрөнүүнүн стилдери бар:

1. Visual (seeing) – көрүп үйрөнүү;
2. Auditory (hearing) – угуп үйрөнүү;
3. Kinesthetic (moving) – жасап үйрөнүү;

4. Tactile (touching, or holding) – кармап, түртүп үйрөнүү.

б) характеристику мужчины: кызыл камчы - «жестокий и скорый на расправу» (букв.: красная плеть)-merciless, to be too quick to court. кызыл тебетей- «чиновник, хан» (букв. Красная шапка)- official, khan.

в) характеристику как женщины, так и мужчины: жайыл дасторкон- «гостеприимная» «гостеприимный»( букв.: открытая скатерть)- hospitable.

2. Название органа или его части вместо выполняемой им функции:

а) Называются брови и ресницы: каш кирпиги бузулуу – «расстроиться» (букв.: расстроились его брови и ресницы)- confusion, disorder.

б) Называются ноги: буту бутуна тийбейт- «проворно, торопливо (бегать, ходить, работать)» (букв.: нога ноги не касается)- to work quickly, speedy, swift.

3. Название причины вместо результата действия: оозуна тал кан куй- «молчать» (букв.: у него закрылись челюсти)- calm.

4. Название результата действия вместо его причины: тишин кирин сор- «положить зубы на полку» (букв.: сосать зубной налет)- suck dry.

Этегин жыртуу - «хлопотать безрезультатно» (букв.: рвать полы своего платья)- to do everything without result.

Казаны отгон туш- «материальные дела плохи у кого-либо»( букв.: у него котел слез с огня)- to have a problem.

5. Название конкретного предмета вместо абстрактного понятия:

а) Для обозначения понятия «здоровья»: агы ак, кызылы кызыл- «здоровый(ая)» ( букв.: у него белое бело, красное красно)- healthy, wholesome.

б) Совести: бетинде кызылы бар - «совестливый(ая)» (букв.: у него на лице есть красное)- conscientious, scrupulous.

в) Зависти: козу кызаруу - «завидовать» (букв.: у него глаза краснеют)- to be envious of.

г) Беспокойства: ичкени ирим, жегени желим-«горе горевать» (букв.: он пьет гной, ест клей)- woe to you.

д) Власти, управления: эки чылбыр, бир тизгин- «власть, руководство» (букв.: две веревки, один повод)- power, guidance.

е) Разграбления: кызыл уук кыл- «разграбить до чиста» (букв.: оголить унины, оставить юрты без покрытия)- to pillage, to sack.

ж) Времени: ат тезегин кургатпай- «слишком часто» (букв.: не давая лошадиному навозу высохнуть)- too often.

Карга кык чокуй электе- «рано утром» (букв.: пока ворона еще не успела клюнуть навоз)-early in the morning.

з) Пространства: иттин уну угулган жерде - «близко, совсем рядом» (букв.: на расстоянии слышимости собачьего лая)- too close, near.

Ат чабым жерде- «близко, не так далеко» (букв.: на расстоянии лошадиного пробега)- not so far.

Следует еще раз подчеркнуть тот факт, что метафорическое и метонимическое переосмысление, являясь основой основ образования фразеологических единиц, играют ведущую роль в создании фразеологической экспрессии, а другие средства создают экспрессию, накладываясь на них.

* * *

А. Оморов

## «Сынган кылыч» романындагы мезгил, орун, аралыкты туюндурган фразеологизмдердин стилистикалык кызматы

### 1. Мезгил менен жаш куракты билдирген фразеологиздер

Мезгил менен убакыт экөө - эки башка түшүнүктү (нерсени) билдирген аталыш. Жылды климаттын өзгөрүп турганына ылайык төрт башка мезгилге бөлөбүз. Мезгил түшүнүгү убакыт түшүнүгүнө караганда, ичине көп убакытты камтыйт. Ал эми убакыт болсо, секунд менен эсептелет. Мисалы, убакыт канча болду десек, саатка карап же күндүн турган ордуна карап жооп беребиз. Ал эми мезгил канча болот? деп сурай албайбыз. Бирок, убак (убакыт

эмес) менен мезгил - синоним сөз. Жайкы **убак** кандай сонун! Жайкы **мезгил** кандай сонун! Экөө бир эле түшүнүк, бир маанини билдирди. Бир күндүн, мусулманча айтканда, багымдат, пешим, асыр, шам, куптан деп бөлүнүшү да мезгилди, убакты көрсөтөт.

Биз сөз кыла турган чыгармада жогоруда айтылган мезгилдер менен кошо адамдын жаш курак өзгөчөлүгүн туюндурган фразеологиздер да учурайт. Мисалы, жигит кездеги, бойго жеткен кездеги курагын билдирген: **тамырында кан толкуп турган кез, оозунан чыккан жел жер өрттөп турган кез.** Мезгилди убакытты билдирген: **ат кара тил бологон маал, көз байланган кез, көзгө сайса көрүнгүс, көз ачып жумганча, түн көшөгөсүн түрүү, таң таштоо, көз ирмемде ж.б.**

Мисалы:

*1. Сынбасты уста жаратпаптыр, өлбөстү кудай жаратпаптыр. **Тамырында кан толкуп турган кезде, оозундан чыккан жел жер өрттөп турган** ооматың бар кезиңде өлүм сенин алдыңда арсыз болуп сезилет экен.*

Эң күчтүү, эң кайраттуу, эч нерсени тоотпогон убак – жаш кезиң.

Мына ушундай күчкө толгон. Айбаттуу жаш куракты сүреттөөдө – ***тамырыңдан кан толкуп турган чак*** фразеологизми контексттин стилистикалык **боектуулугун** күчөтүп берди. Өлөр алдында Нүзүптүн мына ошол өлүмгө моюн сунбаган кездери, ооматтуу болуп, айтканы айткан, дегени деген болуп, эл арасында кадыр-баркка ээ болуп турган чагы – ***оозуңдан чыккан жел жер өрттөп турган кез*** деген фразеологизми аркылуу туюндурулду. Демек, күчүң ашып турган жаш куракты – ***тамырыңда кан толкуп турган чак*** фразеологизми, кадыр-баркка ээ болуп, атагы чыккан, колу узарган кезди ***оозунан чыккан жел жер өрттөп турган кез*** фразеологизми аныктап, Нүзүптүн жаш курагындагы кезин көркөм сүреттөөгө кызмат кылды.

*2. Ошол 1874-жылдын жай алдында, **ат көккө кара тил болуп күчтөнгөн кезде,** орун которуп жөнөгөн бал аарынын уюгундай дуулдап, ат туягынан жер дүңгүрөп, мыкты куралданган үч миң ашуун эрегишчи дагы Чаткалдан кара селдей каптап түштү.* Бул мисалда жылдын жай алдындагы убагын – ***ат көккө кара тил болуп күчтөнгөн кез*** туруктуу айкашы туюндурду. Демек, бул убак жаз мезгилинин аягындагы, жай мезгилинин алдындагы көк чөп аябай көтөрүлүп, күчүнө кирип, мал жандыктар да көккө тойбой жей бергенден улам тили карайып калган мезгилди түшүндүрөт. Бул фразеологизм айрыкча мал чарбачылыгы менен алектенген адамдардын арасында колдонулат. Азыркы мезгилге салыштырмалуу мурунку, Улуу Октябрь революциясына чейинки мезгилде бул фразеологизм оозеки сүйлөшүү стилинде көп колдонулгандыгы анык. Анткени ал мезгилде кыргыздар дээрлик мал чарбачылыгы менен жашаган. Ушул жагдайды эске алып, ***ат көккө кара тил болгон кез*** фразеологизмин архаикалык мүнөздөгү фразеологизм деп эсептесек да болот. Мындай архаикалык фразеологизмдин китеп стилинде келиши – айрыкча, тарыхый чыгармаларга мүнөздүү көрүнүш. Анткени автор кайсыл тарыхый доордун турмушун чагылдырбасын, ошол доордо колдонгон, ошол доорго тиешелүү лексиканы, сөзсүз түрдө билип, аны каармандын речинде, же өзүнүн речинде колдонушу зарыл.

*3..Бул түнү Маулан бек өзгөчө сак болду. Эн четки күзөттө **көзгө сайса көрүнгүс** карангыны оронуп, үкү сыяктуу түн койнуна тикирейип көз тигип, атынын жанына өбөктөп акырын бастырып жүрдү.*

Салыштырыңыз:

*-Ыя! –деп, чоочуп кыйкырып, башын көтөрдү. «Кайда жатам?» дегендей. Эки жакты абайлап карады. Эсине келди. **Көзгө сайса көрүнгүс.** Өлүктөй жымжырт. Көрдө жатып тирилгендей сезилди.*

*Тегерете карап, баягы бир учу ак жиптей үлбүрөгөн шooланы издеди.* Биринчи мисалда «**көзгө сайса көрүнгүс**» фразеологизми түнкү убакты билдирип жатса. Экинчи мисалда ошол эле фразеологизм – мезгилдин абалын эмес зындандын ичиндеги бир учук ак

жиптей гана нуру бар караңгылыкты билдирип жатат, ал эми сыртта болсо жарык. Демек, «**көзгө сайса көрүнгүс**» фразеологизми мезгилдин (бүтүндөй жер шарнын бир бетиндеги түндүн) караңгылыгын гана эмес нерсенин ичиндеги караңгылыкты да туюндуруп, полисемикалык[1] фразеологизмдин катарына кирери жогорудагы мисалдардан көрүнүп турат.

*4. **Түн көшөгөсүн түрүп, таң таштоого жакындап**, суук жел сыдырып калган. Эшик кар, үй тар, кычыраган суук – ким тарыбасын, ким жадабасын?! Бары көзү илинип үлдүрөп калган убак.* Түндүн батып, таңдын эми гана ата баштагандагы мезгилди, башкача айтканда, жаңы күндүн эң биринчи – багымдат маалы **түн көшөгөсүн түрүү, таң таштоо** туруктуу айкашы менен көркөм сүрөттөлдү. Бул фразеологизм кайсы гана контекстте учурабасын, дайыма өзүнүн бир гана маанисинен башка маанини туюндура албайт. Дайыма таңкы мезгилди билдирет. Ошол үчүн туруктуу айкашты бир маанилүү фразеологизм деп эсептейбиз. Ошондой эле стилдик касиетине ылайык автордун речин көркөм, экспрессивдүү чыгышын камсыз кылып, кептин китеп стилинде да, оозеки стилинде да пайдаланылат.

*5. -Тарт, -деди Мусулманкул кумсарып. Казына башынын жаны чыгып кетти, **көз ачып жумганча** Алманбеттин үстүнөн чапанды сыйрып алып бүрүшө кетенчиктеди.* Сүйлөмдө «**көз ачып жумганча**» фразеологизми – заматта болуп өткөн окуянын мазмунун чагылдырды. Башкача айтканда, Мусулманкулдун Алманбеттин үстүндөгү чапанды заматта сыйрып алганын баяндап берди. Жарым секундга жетпеген убакыт талап кылынды. Демек, бул фразеологизм мезгилди эмес, убакыттын тездигин туюндуруп, дайыма бир гана маанини алып жүрөт. Бул сөзүбүз далилдүү болуш үчүн чыгармадан дагы бир мисал келтирели: *Эми Алымбек датка эңкейип. Жез чылапчынга кол тосуп, ашыкпай жууп, суудан ууртап, ооз чайкап жаткан мезгилде килейген Чотон леп тура калып, койнунда катылуу келген шап кылыч чагылгандын отундай бир жарк дей төбөдөн шилтенип, **көз ачып жумганча** Алымбек датканын башы чылапчынга шалак деп түшүп калды.* Бул мисалда дагы биз сөз кылган фразеологизм окуянын тез убакыттын ичинде өткөнүн көрсөттү. Ушул эле туруктуу айкаштын синонимдик жуптары болгон ***көз ирмемде, каш серпилгенче*** деген фразеологизмдер да бар: *Эсинин калтыраган колу башынан сылап өтүп барып, шап тумшугун сыга кармады. Кармады да, тыбырашка үлгүртпөй, түлкүлөрдүн мойнун бурап сындырып маш болгон кол **көз ирмемде** бырс дедирип жүлүнүн үзүп салды...* Мындан да **көз ачып жумганча** болгон окуяны «**көз ирмемде**» фразеологизми сүрөттөп, болуп өткөн окуяга кеткен убакыттын ченин аныктап берди.

Романдагы мезгилди, убакытты, жаш куракты туюндурган фразеологизмдерди талдап келип, бул туруктуу айкаштар менен синонимиялык, полисемиялык, көбүнчө моносемиялык мааниде келип, автордун речинин, ошону менен бирге эле чыгарманын тилинин эмоционалдуу – экспрессивдүү чыгышына, окуяны, көрүнүштү ошондой эле калыбында окурманга жеткиришинде чоң кызмат аткарган тилдик каражат болуп берди деп айтсак болот.

## 2. Аралык, орунду билдирген фразеологизмдер.

Аралык – белгиленген эки орундун ортосундагы узундук. Чексиз, өтө алыскы аралык да болушу мүмкүн. Мындай фразеологизмдерге **узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына** деген туруктуу айкалыштар кирет.

Орун – нерсенин жайгашкан жери. Абстрактуу да, конкреттүү да нерсенин өз орду болот. Мисалы, күндүн, айдын жалпысынан асман телолорунун орду – асманда, ал эми жан-жаныбарлардын орду жерде болот. Жөнөкөйлөтүп алсак, килемдин орду дубалда, жерде, китептин орду – китеп текчеде жана башка. Абстракту нерсе – аба, мунун орду – мейкиндикте, аба катмарында. Кээде конкреттүү нерсе абстракту орунда болуп калат. Мисалы, курман

[1] Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиясы жана фразелогия. –Б.: «Кыргызстан», 1998. 130-б.

болгон адамдын кийинки өмүрү, орду – наркы дүйнө. Чыгармада орунду билдирген: **өз үйүң, өлөң төшөгүң, канжыгадан көрүшүү, ат жалынан бүткөрүү, өз уясы** сыяктуу фразеологизмдер кездешет. *Ана, көз ача элек кызыл эт бала... Алтын бешик... Кунда жок каухар кемер... Жөн тегин адамдын баласы эмес, **узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына** кабар кылып таанып алары чыкпаган соң миң уругунун айылынан сүтү бар зайып табышып, балага алтын бешиги менен табылган бала дешип Алтын бешик деп ат коюшат.* Баланын ээсин табу үчүн, өтө алыс аралыкка чейин кабар кылуусун – ***узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына*** деген фразеологизм туюндурду. Демек, бул фразеологизм билдирген маани-белгиси алыскы аралык, чен-өлчөм. Ал эми бул фразеологизмди архаикалык фразеологизмдердин катарына кошсок болот. Ошондой эле бул туруктуу айкаш бардык эле контекстте дайыма өзүнүн бир гана маанисин сактайт. Мисалы, *Баатырга **узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына** чейин барып кызды таап келүүгө буйрук кылынды.* Мында да алыскы аралыкты билдирди. Демек, бул фразеологизм бир гана мааниге ээ.

*Мына, **өз өргөсү, өлөң төшөгү** демекчи, кызыл жалыны жалмаңдап күйгөн арча оттун кызылын тиктеп өз төрүндө олтурат.* Алымбек датканын өз өргөсүндө отурганы – **өз өргөсү (үйү), өлөң төшөгү** фразеологизми аркылуу билдирилди. Алымбек датканын өзүнүн жашаган үйү, орду – анын өз өргөсү, өлөң төшөгү. Бул фразеологизм контексте дайыма таандык категория аркылуу ишке ашырылат, башкача айтканда орунду кимдир бирөөгө таандык кылып көрсөтөт. Чыгармадан дагы бир мисал келтирели:

*Искак кадалып тиктеп:*

*- Алейкум – ассалом, келиңиз бек - деп, Абдрахмандын колун ордунан турбай алды да беит алдында жаткан ташты көрсөтө берди. – Келиңиз, олтуруңуз, **өз үйүбүз, өлөн төшөгүбүз** эмес кечиргейсиз.* Бул жерде Искактын өз үйү эмес экендиги, анын ордуна орундук катары ташты көрсөтүп жаткандыгы далил болду, тактап айтканда, бул сүйлөмдөгү негизги айтылган орун катары үй эмес, коончунун багындагы бир кичинекей гана жер болду. Эки мисалда тең белгилүү болгондой, ***өз үйү, өлөн төшөгү*** фразеологизмдери – дайыма турак-жай, үйдүн ордун көрсөтөт. Ошентип бул туруктуу айкаш да моносемикалык фразеологизмге жатат.

*Логлоп жетелеп келген жигиттин колунан кара аргымактын сагагын алып. Колтуктан сүйөп аттандырды Бекназар.*

*- Эми көрүшсөк **канжыгадан көрүшөт** окшойбуз, эмчектештерим, кайыр... - деди Мусулманкул.* Бул мисалдагы фразеологизм – ***канжыгадан көрүшүү***. Канжыга – наркы дүйнө, наркы дүйнөнүн ордун көрсөтөт. Мусулманкул туугандары болгон Абил бий, Бекназар, Алманбеттер менен эми мындан ары бу жарык дүйнөдө жүз көрүшпөстүгүнө ишенип, өлөрүн билген үчүн ушинтип айтып жатат. Ушул эле фразеологизм катышкан дагы бир сүйлөмдү мисалга келтирели:

*Аргасыздын иши. Насирдин хан баланын бешенесинен сылады. Каңырыгы түтөгөндөй болду:*

*- Кайыр...* **Канжыгадан көрүшөрбүз...**

*Зайып ийилип таазим кылды да, Баланы бооруна кысып, акырын басып чыгып кетти.* Бул мисалда да тиги дүйнөдөн көрүшөөрүн Насирдин хан өз наристесине айтып жатат. Демек, бул фразеологизм дайыма бир адамдын адамдар менен жарык дүйнөдө көрүшпөстүгүнө, бул дүйнөдө бар болоруна, жок болоруна ишенип айткан кебинде гана колдонулат. Ошондой эле бул фразеологизм дайыма бир гана орундун белгисин билдирет. Ошондуктан, бир маанилүү фразеологизм.

**Ат жалынан бүткөрүү:**

*Курманжан айым карача аргымактын суулугун бура тартып, кайра окчундай жетелей басты:*

*- Куп жакшы! Андай болсо аттан түшпөң, ырым болсун, датка. Качуу оюңузда жок болсо, маслахат үчүн эле келген болсоңуз куп жакшы,* ***ат жалынан бүткөрөлү*** *датка...* Бул контексттеги **«ат жалынан бүткөрөлү»** фразеологизми – аттан түшпөй, ат үстүндө гана сөздү бүтүрүү деген орунду билдирген маани менен кошо, ишти тез аранын ичинде бир мүнөт да убакытты текке кетирбестен бүтүрүү керек деген маанини да түшүндүрүп жатат. Бул фразеологизмдин экинчи мааниси көбүнчө зарыл болгон жумушту тез аранын ичинде, зык убакытта гана бүтүрүүдө колдонулат. Мисалы: *Абалыбыз кылычтын мизине келип турган учурда мындай ишти* ***ат жалынан бүткөрүү*** *ылазым.* Ошентип, бул туруктуу айкаш эки маанини алып жүргөндүктөн, көп маанилүү (полисемикалык) фразеологизм боло алат.

«Сынган кылыч» романындагы мезгил, орун, аралык, белгисин туюндурган фразеологизмдердин берген маанилерине карата топтолушу, бөлүнүшү, анын стилдик касиетинин аткарган стилистикалык функциясы, чыгарманын максатынын ийгиликтүү ишке ашышына эң негизги каражат, таянычы катары кызмат аткарып, окуяны окурмандын аң-сезимине, көз алдына элестүү кылып жеткириши, жалпылап айтканда, семантика-стилистикалык функциясы илимий макалабыздын мазмуну болду.

Адабияттар

1. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразелогиясы. Б., Кыргызстан-Сорос фонду, 1996.
2. Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиясы жана фразеологиясы. Б., Кыргызстан, 1998.
3. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. Бишкек.

* * *

Р.Ю. Эмилбекова, Ы.К. Жолдошбаева

Работа над текстами на уроках английского языка

Важным фактором при обучении иностранному языку является интерес к предмету.

Преподаватель обладает большим запасом средств форм и приемов, чтобы побудить интерес у студентов и поддерживать его. В данной статье мы хотим показать работу над текстами, на уроках английского языка. Мы часто используем на уроках разные тексты, обычно преподаватель читает тексты или рассказывает сюжеты, а иногда предлагает студентам читать текст вслух, затем задает вопросы по содержанию прослушанного текста и предлагает им пересказывать текст. Эти виды работ, конечно, полезны: создает мотив для аудирования, демонстрируется ситуативное употребление изученного языкового материала и с этим происходит закрепление текста. Да конечно на старшем этапе, т.е. в вузе мы должны использовать такие приемы работы так, чтобы студенты работали над текстами самостоятельно, т.е. они сами про себя прочли текст и могли отвечать на вопросы к тексту. За последнее время среди некоторых преподавателей отрицательно относятся к работе «над чтением вслух на уроке». Большинство преподавателей считают, что чтение текста вслух во время урока отрицательно. В недавнем прошлом большая часть урочного времени отводилась чтению вслух и переводу.

На уроках иностранного языка мы должны обучать студентов речевой деятельности. Появляется мнение о том, что чтение вслух - это не плодотворный вид работы, который играет чисто служебную роль, а иногда мешает успешному усвоению чтения про себя.

Кто, как и в каком виде проводит урок, как учит студентов? Я не отрицаю, что у каждого свой опыт и своя работа. В 2000 году на Иссык-Куле мы участвовали на двухнедельном семинаре. Там мы изучали многие виды работ, с этого времени мы часто применяли такие формы работ на своих занятиях. Я хочу представить вам, как мои студенты работают над текстами на уроках английского языка.

Возьмем текст «The first American» этот текст произведено из книги «Twelve famous Americans»

Class I: Benjamin Franklin

Objectives: students will be able to

- understand and give information on Benjamin Franklin.
- Achieve the aims of the lesson.

Materials: cards, crosswords, paper.

Pre-activities:

I. Brainstorm about Franklin (ask students if they know anything about him).

1. What was he?
2. What was his first job?
3. What was he famous for?
4. What age did he die?

II. Review vocabulary: universal man, liberty, apprentice, quotation, independence, peace treaty, and constitution.

Activities:

1. Silent reading: « Benjamin Franklin,
 The first American».
2. Jigsaw (group activity). Devide the class into us many groups as can be divided by 3. Give each of the 3 groups one part of the text (group 1, Part I; group 2, Part II; group 3, Part III ) and a card for each students in each groups ( A, B, C, etc ). After groups have read their position of the text, jigsaw groups by letter of the alphabet. So they can share their information.

**Benjamin franklin**

«The First American»

[Text adapted from Twelve Famous Americans, USIS]

Benjamin Franklin was a journalist, inventor, educator, politician, writer, and philosopher. His accomplishments, talents, and interests during the course of his long life - 1706 to 1790 - earned him the title of «the first American.» One of 17 children, Benjamin worked in the shop of his father, a soap and candle maker, but this work didn't appeal to a boy who loved to read and study.

When he was 12, he was sent to help his half-brother James who had a printing shop. Here Benjamin read many books and practiced writing. In 1721, James began publishing a newspaper. Benjamin, using a pen name, secretly sent articles to James. When James was arrested for criticizing the British authorities, Benjamin courageously printed a quotation from a London newspaper in defense off freedom of speech and the press.

When Benjamin was 17, he quarreled with his brother and left Boston. He failed to find work in New York, so moved on to Philadelphia where he worked as an apprentice printer. Later he married and started his own printing shop. In 1729 he purchased his own paper, *The Pennsylvania Gazette*, and wrote many articles in this popular paper.

At the same time, Franklin involved himself in community projects, founded the first subscription library, and organized the first fire fighting and fire insurance companies. As an inventor, he looked for easier and better ways to do things. But he is especially famous for his experiments in the field of electricity and his discovery that electricity and natural lightning are the same. He also did pioneer work in the field of weather observation.

In 1757 he went to London as an agent for the colony of Pennsylvania, and later agent for Georgia, New Jersey, and Massachusetts. During there years abroad he worked hard to close the division between England and her American colonies. Although he thought he was a loyal Englishman, his ideas favoring American independence became stronger.

Returning to Philadelphia in 1775 at the start of the American Revolution, Franklin worked hard for the cause of independence. In 1776 he was appointed to the committee to help write the Declaration of Independence. Next he was sent to France to seek French aid for the American cause. He was well-known in France because his experiments had made him world-famous. Money and the French fleet were soon on their way to aid America.

In 1781, the British surrendered, and Franklin was sent to England to help negotiate the peace treaty between England and America. The treaty was signed in 1783, and Franklin returned to America two years later. In 1787, Franklin performed one last task for his country; he helped to write the Constitution of the United States of America. He died three years later, at the age of 84.

Post-activities:

1. Ask each group of students to write out 2-3 questions for each paragraph, then exchange with another group who will answer the questions.

2. Put the students un groups of three and give each group$50. Tell them that some of the sentences are true and some false. In the auction that is to follow they are going to have bid for sentence the aim being to buy only true sentence. Tell them each group has $50 for buying sentence. They may not spend more than $50 in the auction: The winners of the auction are the group with the most money left.

3. Check student's comprehension: Give them the stripes and ask them to arrange them in order according to the meaning. The students will check this activity by retelling in turn.

Ask T for true and F for false. Collect the true sentences.

1. F When he was 12 he worked in the shop of his father.
2. __ In 1721 James began publishing a newspaper.
3. __ Benjamin left Boston, when he was 27.
4. __ Later he started his own printing shop.
5. __ Benjamin famous for his experiments of diesel engine.
6. __ In 1757 he was appointed to the division between England and her American colonies.
7. __ In 1776 he was appointed to the committee to help write the Declaration of War.
8. __ He was well-known in France for his experiments in the field of electricity.
9. __ Franklin was sent to England to help negotiate the peace treaty between Scotland and and England to help negotiate the peace treaty between Scotland and England.
10. __ The treaty was signed in 1783 and he returned to America 2 years later.

1. Benjamin Franklin worked…
   a) in the shop
   b) at the University
   c) at the market
2. He began publishing …
   a) a magazine
   b) a journal
   c) a newspaper
3. As a writer he using…
   a) security name
   b) a pen name
   c) a full name
4. Benjamin failed to find work…
   a) in Osh

b) in London
c) in New York

5. He purchased his own paper…
   a) in 1729
   b) in 1985
   c) in 2005
6. In 1757 he went to London as…
   a) an engineer
   b) an spy
   c) an agent
7. His ideas favoring American Independence became…
   a) a stronger
   b) a true
   c) a force
8. Benjamin's experiments had made him…
   a) Well known
   b) World famous
   c) Unknown
9. In 1791 he was sent to …
   a) England
   b) Bishkek
   c) America
10. **He helped to write the Constitution of the …**
   d) Kirghiz Republic
   e) USSR
   f) USA

**Fill in the boxes**

1. He was called the _______ ________ .
2. _______ worked in the shop of his father.
3. He failed to find work in ___________ .
4. Benjamin ________ as an apprentice printer .
5. He is famous for his study of __________ .
6. In 1776, he helped to write the Declaration of _________ .
7. Franklin returned to America 2 years after negotiating the Peace Treaty between __________ and America .

*Answer key: Benjamin, New York, First American, worked, electricity, England, Independence.*

**Cross – word game.**

Who fills in the first?



Key words: Educator worked, first, American, natural, electricity, Independence, England.

Опираясь на текстовый тест мы сделали следующий топик или мини топик. Этот тест охватывает краткое содержание текста, но составляя мини-текст по этому тесту можно добиться высокого качества обучения. Теперь мы предлагаем вам этот мини-текст.

1. Benjamin Franklin worked in the shop. He began publishing a newspaper. As a writer he is using a pen name. Benjamin failed to find work in New York. He purchased his own paper in 1729. In 1757 he win to London as an agent. His ideas favoring American Independence became stronger Benjamin's experiments hade made him world famous. In 1781 he was sent to England. He helped to write the Constitution of the USA.

Студенты могут самостоятельно делать пересказы или рассказывать текст. Мини текст отличается от самого текста по объему, но основной смысл текста остается. Студентам можно еще давать другой текст и они могут составить свой текстовой тест или мини текст к данному тесту.

Кроме этого, мы использовали несколько вариантов тестов, чтобы улучшить обучению текста и вообще иностранного языка. Один из них называется «заполняй таблицу». Здесь задаются предложения, среди предложений отсутствуют несколько предложений. В конце задается ключ к этому предложению. С помощью этого теста так называемого «заполняй таблицу» у студентов развивается мышление. Из этих трех тестов «кроссворд» отличается тем, что можно только найти слова по горизонтали. Это так просто кажется простым, по существу это сложно дается студентам. Для того, чтобы найти эти ключевые слова, они должны хорошо изучить текст. К этому тесту тоже дается ключ.

Если плодотворно используем всех видов текстового теста, то м обязательно добьемся успехов в своей трудной педагогической работе. У студентов тоже появится интерес к английскому языку.

Литература

1. Helen Prevost, Using texts in the class room Soros Foundation in Kyrgyzstan.
2. Иванов В.Г. Тексты для аудирования в 10 классе. ИЯШ, 5/83.
3. Ненко К.Г. Работа над стихами на уроках английского языка. ИЯШ, 1/87.
4. Стронин М.Ф. Нужно ли учить умению читать вслух на иностранном языке. ИЯШ, 3/86.

* * *

Ж. А. Аденов, Ж.М. Орозбаева, К.Т. Салиева, Б.М. Дыйканбаева

## ЖаМУда «Химик» мугалимдерди даярдоодо селен, иод элементтерин терендетип окутуу

Ушул убакка чейинки жана учурдагы окуу материалдарын, план - программаларды карап көрсөк, мектепте жана жогорку окуу жайларында Д. И. Менделеевдин мезгилдик системасынын VI группасынын негизги подгруппасынын элементтери кычкылтек жана күкүрттүн мисалында түшүндүрүлүп селенге көп көңүл бурулбайт. Ал эми VII группасынын негизги подгруппасынын элементтерин окутканда хлор менен фтордун мисалында түшүндүрүлүп, йодко аз көңүл бурулат.

Азыркы мезгилде Жалалабат шаарында гезиттерде жазылган фактгарга таянсак акыркы үч жылда чоң адамдардан 729, жаш балдардан 6 мин. 510 богок оорусу менен ооругандар

катталган. Ал эми облус боюнча чоң адамдардын саны 19 миң 664 балдардын саны 72 миңге жетти.

Жогорудагы факторлор «йоддун жетишсиздигинен пайда болуучу оорулардын профилактикасы» жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын закону чыккандан кийин жогорку окуу жайларында химия окуган адистер үчүн селен, йодду терендетип окутуу актуалдуу проблемалардын бири.

Макаланын максаты Түштүк регионунда йододефициттин алдын алуучу профилактикалык жумуштардын начар жүргүзүлгөндүгүнөн богок оорусу менен ооруган кишилердин санынын күндөн күнгө көбөйгөнүнөн селен, элементтери жана алардын мааниси жөнүндө терең билим берүү.

Жогорку окуу жайларында традициялык метод боюнча кычкылтек жана галогендер топчолору төмөндөгүдөй планда окутулат:

Кычкылтек топчосу.

1. Кычкылтек топчосунун элементтерине жалпы мүнөздөмө.
2. Кычкылтектин алынышы жана касиеттери. Озон. Колдонулушу.
3. Күкүрттүн жаратылышта кездешиши. Алынышы, касиеттери, колдонулушу.
4. Күкүрт кислотасы, алынышы, касиеттери, колдонулушу.
5. Селен. Теллур. Галлогендер.

1. Галлогендерге жалпы мүнөздөмө. Хлордун алынышы, касиеттери, колдонулушу жана жаратылышта кездешиши.
2. Хлордуу суутек. Туз кислотасы. Туз кислотасын алуу жана колдонулушу.
3. Фтор, бром жана йод. Алардын касиеттерин хлордун касиеттери менен салыштыруу.
4. Галогендер бирикмелери [1].
5. Студенттерге селен, йод жөнүндө билим берүүдө сабакка бир жума калганда поликлиникага, экскурсияга алып барып, эндокринолог врачтын кабыл алуусуна келген богок оорусу менен ооруган кишилерди көрсөтүп, богок оорусу жөнүндө макаласы бар газета, журналдарды, окуу китептеринин тизмесин берип, үйдөн өз алдынча окуп келүүгө тапшырма берилет. «Богок оорусу жөнүндө эмнелерди билесин», «Богок оорусу менен күрөшүү», «Кандай себептерге байланыштуу акыркы жылдары богок оорусу менен ооруган кишилердин саны көбөйдү» ж.б. темаларда студенттер менен диспут, тегерек стол өтөбүз. Сабакка келгенде студенттер профилактикалык жактан даяр, жана йод селен жетишпесе кандай оору келип чыгышы боюнча тийешелүү информацияларды билип келет.

Сабак төмөндөгүдөй суроолору бар анкеталарды студенттерге таратып берүүдөн башталат.

*1 - суроо* Богок оорусу эмнеден пайда болот?

*2 - суроо* Калкан бези деген эмне, кызматы кандай?

*3 - суроо* Кыргызстандагы йододефицит кимдер тарабынан,канчанчы жылдан баштап изилдене баштаган?

*4 - суроо* Организмдеги йодго болгон талапты рационго башка азык - заттарды киргизүү менен толуктаса болобу?

*5 -суроо* Селен элементинин жетишсиздиги да богокоорусунун келип чыгышына таасир этеби?

Анкетага кыскача жооп берүүгө 5-7 минута берилет. Андан кийин, мугалим анкетаны жыйнап алып, жогорудагы суроолорго берилген жоопторду студенттер менен ангемелешүү иретинде толуктоо менен селен жана йод элементтерине кенири токтолот.

Сабакка карата көрсөтмө куралдар богок менен ооруган кишилердин, Д.И.Менделеевдин элементтеринин мезгилдик системасы боюнча таблицасы, икроэлементтердин кишинин организминде кармалып жүрүшү жана алардын биологиялык

ролу боюнча таблицасы, йоддун физиологиялык суткалык керектелиши (микрограмм түрүндө) боюнча таблицасы, йоддун азык - заттарга кармалып жүрүшү боюнча таблицасы, йод эндемиясынын оорлугуна УЗИден берилген маалыматтар боюнча баа беруу таблицасы.

Окутуучу жогорудагы анкетада берилген суроолор боюнча ке□ири маалымат берет.

*1 - жооп* Богок оорусу - бул калкан безинин чоңоюшу. Себеби (90%) йод ефицити.

*2 - жооп* Йод калкан безинин гармонунун бир бөлүгү болуп эсептелет. Калкан бези 4 атом йодду карман жүргөн тироксинди ($T_4$) секреттейт. Перифериялык ткандарда тироксин үч атом йодду карман жүргөн биологиялык жактан бир кыйла активдуу трийодтиронинге (Тз) айланат. Организмге тамак - аш, суу менен киргенден кийин, йод калкан безине өтөт да гормон пайда кылуу үчүн колдонулат, йоддун жарымынан көбү (60%), организмден сийдик менен кошо чыгат.

*3 - жооп* Эндемикалык богок Кыргызстанда крайлык патология катарында, 1947 - жылга чейин изилденген эмес. 1947 - жылдан баштап, бул проблеманы изилдөө мамлекеттик мааниге ээ болду.

Эндемикалык богоктун өсүшүн, айлана – чөйрөдөгү йодат жана башка микроэлементтердин ролун эске алуу менен И.К. Ахунбаев бул проблемалардын актуалдуулугун далилдеди.[2]

Өткөн кылымдын 60 - жылдарындагы богок оорусуна каршы жүргүзүлгөн иш-чаралар калкан безинин оорулары менен күрөшүүдө чоң ийгиликтерди алып келди.

Республикалык богок менен ооругандардын саны орточо эсеп 1968 - жылы *6* %, 1980 - жылы 4,2 % түзгөн. СССРдин жоюлушу ошого байланыштуу өлкөдөгү экономикалык кризис кайрадан богок оорусунун өсүшүнө алып келди.

Азыркы биздин Республикадагы социалдык -экономикалык кырдаалда, йоддоо профилактикасынын универсалдык методу болуп, туздарды йоддоо саналат. Кыргызстанда туздарды йоддоочу бир нече цехтер бар, бирок бул продукция биздин жердин шартында аз йоддолгон болуп саналат. Бир килограмм тузга 25 миллиграмм калий йодиди туура келет. Бул концентрация жеңил йододефициттүү жерлерге туура келет. Кыргызстанга орто оор жана оор йододефицит мүнөздүү. Калий йодиди туруксуз зат. Ал күндүн нурунун, нымдын таасири астында тез эле учуп кетет. Йоддолгон туздарда йоодун сакталуу мөөнөтү үч ай.

Керектуу сандагы гармон пайда болуш үчүн керектүү сандагы йод организимге кирүү керек. Саламаттыкты сактоонун бүткүл дүйнөлүк уюму тарабынан төмөндөгүдөй йоддун суткалык дозасы сунуш кылынган. Окутуучу студенттерди таблица менен тааныштырат.

| Кишилердин группасы | Йодду керектөө талабы, мкг/сутка |
|---|---|
| 1 жашка чейинки балдар | 50 |
| 2 жаштан 6 жашка чейинки балдар | 90 |
| 7 жаштан 12 жашка чейинки балдар | 120 |
| Жаштар (12 жаштан чоң) жана чоң кишилер | 150 |
| Кош бойлуу жана бала эмизген аялдар | 200 |
| Улгайып калган кишилер | 100 |

***5-жооп.*** Организмдеги йодго болгон талапты рационго башка азык-заттарды киргизүү менен толуктаса болот. Таблицаны колдонуу менен түшүндүрүлөт [2].

| Азык-заттар | 100 грамм продуктыдагы йоддун мкг |
|---|---|
| Деңиз азык-заттары, кайрадан иштетилгенден кийин | 5-400 |

| | |
|---|---|
| Балык (чийки) | 243 |
| Балык (бышырылган) | 74 |
| Форель | 3,5 |
| Сүт азыктары | 4-11 |
| Эт | 3 |
| Жумуртка | 10 |
| Нан | 6-9 |
| Картошка | 4 |
| Аш-көк | 6-15 |
| Жер-жемиштер | 1-10 |

***6-жооп.*** Акыркы жылдары йод менен селендин биогеохимиялык жана метаболиялык аракеттенишүүсү өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Эндемикалык богоктун профилактикасын селендин жетишпеген фонунда, бир эле йодду кошуу менен жүргүзүүгө болбойт. Бул учурда селендин дефицити 5 - деййодиазанын синтезинин төмөндөшүнө жана йоддун коррекциясына алын келет.

Селен, йоддун маанисин студенттер менен бирдикте талкуулагандан кийин, студенттерде бул элементтерге болгон кызыгуу пайда болот. Окутуучу андан кийин селен, йод элементтеринин атомунун түзүлүшү, алынышы, касиеттери, жаратылышта кездешиши, колдонулушу жөнүндөгү суроолорго токтолот.

## Адабияттар


1. Ходаков Ю.В., Эпштейн Д.А., Глориозов П.А. Преподавание неорганической химии в средней школе, М., Просвешение ,1975.
2. Матыев Э.С., Аденов Ж.А., Касымова С.С., Карпачев Б.М., Менг С.В. Роль химических элементов и их соединения в экологии, биологии и медицине. Бишкек. Издательство «Технология», 2002.
3. Гулнур Омарбек кызы. Боюнду соргон богок. Фергана республикалык гезит, №67, 16-февраль, 2003.
4. Н.Л.Глинка Общая химия. Л., Высшая школа, 1988.


* * *

Б.М. Турдубаева, Н.С. Жолдошалиева, А.А. Темирова

## Окутуунун учурдагы технологияларын колдонуунун айрым ыкмалары

С.Е.Повлюченканын изилдөөсү боюнча окутуунун учурдагы технологияларынын ар биринин төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү болууга тийиш.

- Иштин жыйынтыгын алдын-ала билүүнү камсыз кылуучу диагностикалык максаттын болушу.

- Коюлган максаттан жыйынтыкка карай педагогикалык аракеттин кезеги менен аткарылышы (алгоритм).

- Адекваттык максатта билим деңгээлди текшерүү системасынын болушу.

- Окутуунун жетишкендигинин абалы, жыйынтыктын алынышы.

Жогорудагы белгилер ишке ашканда гана окутуунун технологиясы максатына жетет. Эгерде ушул белгилердин бирөө эле жетишпесе окутууда кандайдыр бир технология иштелип чыкпай эле, технологияга жакын окутуунун методикасы пайда болот.

**Окутуунун технологиялары төмөндөгүдөй классификацияланат:**
**(Селевко Г.К.)**

- **Колдонуу деңгээли боюнча**: жалпы педагогикалык, жеке методикалык (предметтик), локалдуу (модулдук).

- **Уюштуруу формасы боюнча**: окутуунун коллективдүү түрү, группалык түрү, шериги менен окутуу, жекече окутуу, дифференциялдык окутуу.

- **Методдордун басымдуулук кылышы боюнча**: программалык окутуу, модулдук окутуу, таяныч схемалык конспектини пайдаланып окутуу, оюндук окутуу, проблемалык, чыгармачыл окутуу.

- **Окутуучу менен окуучунун ортосундагы мамилелери боюнча:**

Педагогикалык кызматташтык технологиясы, инсандык ориентацияга негизделген технологиялар, адамды калыптандыруучу педагогикалык технологиялар.

- **Традициялык окутууну модернизациялоочу багыты боюнча**: мамилени демократиялаштыруу, гумандаштыруунун негизинде, окуучулардын аракетин интенсивдештирүүнүн жана активизациялоонун негизинде, башкаруу жана уюштуруунун натыйжалуулугунун негизинде, материалды методикалык жана дидактикалык жактан реконструкциялоо боюнча, альтернативдүү жана авторлордун мектебинин технологиясынын бүтүндүгүн сактагандыгы боюнча ж.б. Учурдагы окутуунун технологияларынын көбү окуу материалдарын репродуктивдүү кабыл алууга негизделген.

Педагогикалык процедуранын алгоритми мугалимдин жана окуучунун чыгармачылыгына дал келбейт. Чындап караганда оюн технологиясы, проблемалык окутуу, өнүктүрүп окутуу, педагогикалык чеберчилик технологиясы, коллективдүү окутуу, кызматташып окутуу ж.б. технология деп аталганы менен, окутуунун жалпы технологиясына кирбейт, алар автордук технологиялар.

В.П. Беспальконун оюу боюнча окутуунун технологияларынын барын колдоно албайбыз. Окуу-тарбиялык процессти ишке ашыруу үчүн мугалим жаңы технологиялардын көбүн билүү керек же бир технологиянын жактоочусу болуп, аны ишке ашырууга киришүүсү абзел.

Окутуучулардын ар бири ар кайсыл технологияны ар башка колдонушат да, алгын жыйынтыктары да түрдүүчө болот. Демек, окутуу технологиясын тандоо жеке инсандын касиетине, окуучулар менен окутуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жараша болот.

Г. К. Селевко кыркка жакын окутуунун технологияларын топтоштуруп жазган. Алар азыр учурдагы сабактарга колдонулуп жатат жана билим берүүчүлөр өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгү ачылган.

Учурда төгөрөгү төп келген, окуу процессинин бардык талаптарын ишке ашырган, окуучулардын билим деңгээлин жана окутуунун сапатын көтөргөн жалгыз окутуунун технологиясы жок.

Ошондой болсо дагы азыркы учурда мурдагы шаблон менен өткөрүлгөн традициялык сабактан жадаган окуучу, окутуучулар үчүн окутуунун жаңы технологиялары сунуш кылынып жатат. Алардын биз колдонгон айрым түрлөрүнө токтоло кетели.

**Чакан тайпаларда иштөө технологиясы.**

Кийинки учурларда мугалимдер сабакта өз алдынча иштөөнү уюштуруу максатында окуучулардын чакан тайпада иштөө аракеттерин колдонуп жүрүшөт. Чакан тайпада иштөө - интерактивдүү методду колдонуунун негизги ыкмасы. Бул ыкма окуу же турмуштук проблемаларды чечүүдө же татаал маселелердин үстүндө иштөөдө пайдаланылат. Чакан тайпанын иши жалпы группанын астында презентацияланат. Чакан

тайпада 4-6 адам болот жана курамы дайыма өзгөртүлүп турат. Чакан тайпанын ар бир мүчөсү өзүнө ылайык кызматтарды аткарышат. Мисалы: Лидер идеянын генератору, спикер хронометрист, иллюстратор (жасалгалоочу), сынчы, аналитик, секретарь(жазгыч) ж.б.

Чакан тайпага бөлүү түрдүү ыкмалар менен жүргүзүлөт: (санатып, туулган айлары боюнча, окуучу сүйгөн түсү боюнча, кыркылган сүрөттү бириктирүү боюнча, таратылган математикалык формулалардын окшоштуктары боюнча,оюн түрүндө) ж.б. Демек, чакан тайпаны түзүү – өзүнчө бир искусствону, чеберчиликти талап кылат. Чакан тайпада иштөө технологиясында окутуучу төмөндөгүдөй уюштуруучулук милдеттерди чечсе болот:

1.Чакан тайпанын курамын түзөт. Окуучулар шериги менен иштегенде пикир алмашып, бири бирине жардам берүүсү керек. Окутуучу чакан тайпа түзгөндө ошол тайпанын ичиндеги окуучулардын жетишүүсү түрдүү деңгээлде болуп, бири бирине пайдалуу карым – катнаш түзүлүшүн карайт. Ал эми бирдей өздөшүү деңгээлиндеги окуучулар бир группада болбосо, тапшырмалар дифференцияланып берилет. Эгер группанын саны көп болсо, начар өздөштүргөн окуучу көлөкөдө калышы мүмкүн.

2.Чакан тайпаларга так, даана тапшырмалар берилүүгө тийиш. Анын үчүн атайын даярдалган дидактикалык материалдар пайдаланылат. Бул тапшырмалардын максаты группанын ишин башкаруу. Эреже боюнча тайпага толук өз алдынчалуулук берилет. Мугалим жардам берүүчү гана ролду ойнойт.

3.Окутуучу тапшырмаларды иштеп чыгып жатканда тайпадагы ар бир партнердун аракетин, мүнөзүн ойлонуштуруу керек. Өзгөчө, проблемалык мүнөздөгү тапшырмалар пайдалуу. Ошондой тапшырмалар ар бир окуучунун интелектуалдык деңгээлин көтөрөт, жалпы окуучулар үчүн талкуунун предмети пайда болот, талаш тартыш келип чыгат, бири бирине далилдөө, жокко чыгаруу аракеттери болот. Группалык иште аудиторияда уу-дуу көп болот. Чакан тайпанын ичинде түрдүү пикир алмашуу болуп, иштөө мезгилинде ошончолук кызыгууну пайда кылат. Иштеп жаткандагы уу-дуу чегинен ашып кетпеси үчүн, окутуучу аларды башкарып турат.

4.Чакан тайпада иштөөдө убакыт пландаштырылат да, запастык варианттары ойлонуштурулат. Бир эле тапшырмага көп убакыт кетип калбоосу эске алынат.

5.Чакан тайпада иштөөнүн тартиби иштелип чыгат. Окуучуларга иштөөнүн алгоритми берилет. Иштөөнүн алгоритминде окуучулардын ишинин катарлулугу жана көлөмү белгиленет. Кээде, окуучулар аудиториянын бир жагынан экинчи жагына, бир орундан экинчисине өтүүгө туура келет. Бир тапшырма экинчисине алмашканда дагы иштөө учурлары, ордулары өзгөрүүсү мүмкүн.

6.Тайпаларда иштөөдө иштеп жаткан орун, аудиториянын жасалгаланышы, негизги ролду ойнойт. Отургучтар така түрүндө, уй мүйүз тартып, топ топ болуп коюлат. Окуучулар бири бирин көрүп, пикир алыша тургандай денгээлде уюштурулушу абзел.

7.Бул технологияны колдонууну эсепке алуу, текшерүү системасы иштелип чыгат. Тайпаларда иштөө жөнөкөй окутууга караганда көп эмгекти талап кылгандыктан, окутуунун формаларынын көпчүлүгүн пайдаланууга болбойт. Бир күндө эки сабак жетиштүү. Бул сабак окуп үйрөнүлүүчү материалдын өзгөчөлүгүнө, аудиториянын даярдыгына жараша болот.Чакан тайпанын иштөөдө биз төмөнкү методдорду тандап алдык.

Окуучулардын идеяларын чогултуу методорунан мээ чабуулу, карточкалык чабуул, группалык чабуул, 6* 3* 5* методу, информациялык банк, ж.б. кирет.

Ал эми чогултулган идеяларды талкулоодо объективдүү аппоненттер методу, SPAN – методу, рейтинг, светофор, эссе жазуу ж.б.

**Окутуунун имитациялык (моделдик) технологиясы.**

Бул окутуунун технологиясы оюн - сабактарды өткөрүү менен мүнөздөлөт. Группалык окутуунун бул түрүндө катышуучулар өзгөчө «сценарий» менен өткөрүлүп,социалдык аспекте моделдешет.

Оюн ситуациясында оюнчулар жалгыздап иштей алышпайт, топ болуп, чогуу иштешет. Оюндун жүрүшүндө катышуучулар кандайдыр бир ролду аткарышат.

Имитациялык оюндар-окуу аракетин активдештирүүнүн күчтүү стимулятору. Качан гана ар бир катышуучу активдүү болгондо, бири бири менен иштөөнү туура пландаштырганда, ошондой эле, окутуучу менен байланышын чыңдаганда сабак максатына жетет.

Бул технология ***ролдук*** жана ***иштиктүү*** оюндар болуп бөлүнөт. Аталган оюндар окуучулардын теориялык билимин практикада колдонушу менен байланыштырылат.(В.С.Конюшконун классификациясы).

Оюн сабактарды өткөрүп жаткан мезгилде чарчоо, конфиликтик кырдаал, убакыттын жетишсиздигинен кандайдыр бир чечимдерди кабыл алуу, информациянын толук эмес болушу, оюндун катышуучуларынын арасында карама каршы аракеттердин болушу уюштуруунун так эместигин жаратат.

**Таанып билүүчү-дидактикалык оюндарда** жалаң эле эс алдыручу, алаксытуучу материалдар болбостон, катышуучулардын деңгээлин жогорулатуучу жаңы билим да болот. Дидактикалык оюндарга викториналар, ребустар, кроссвордор, табышмактар, ж.б. кирет. Дидактикалык оюндар менен сабактагы ролдук оюндар айырмаланышат.

**Ролдук оюндарда**–катышуучулар кандайдыр бир ролдорду аткарышат. Окутуучу мурдатан ролдорду даярдап, окуучуларга үйрөтөт, атайын даярдыктардан өткөрөт.

Ролдорду аткаруунун төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

1. Адабияттардагы каармандардын ролун аткаруу (инсценировка).
2. Жаныбарлардын ролун аткаруу.
3. Админстрациянын кызматкерлеринин ролун аткаруу.
4. Кандайдыр бир проблеманы чечүү үчүн чогулган комиссиянын ролун аткаруу.
5. Атайын сценарий менен түзүлгөн оюндардагы ролдорду аткаруу .
6. Ата энесинин балдарга жасалган мамилелери боюнча ролдорду аткаруу.
7. Жаратылышка жырткычтык менен мамиле жасаган броконьерлердин ролун аткаруу ж.б.

**Иштиктүү оюндар** - предметтик жана социалдык мазмундагы же профессионалдык, саясий, техникалык ж.б. түрдө болот. Иштиктүү оюндардын шартында жаңы билимди өздөштүрүү келечектеги кесиптик аракетке жараша жыйналат. Окутуу бирдиктүү, коллективдүү мүнөзгө ээ.

Иштиктүү оюндар үч этапта өткөрүлөт:

**Биринчи этапта** оюндун максаты аныкталып, алгачкы информация берилет. Бул этапта катышуучулар өзүнүн проблемаларын так, даана түшүүнүсү керек жана коюлган проблема максатка туура келүүсү абзел. Окутуучу чыгармачыл группаны түзөт. Ар бир катышуучу өз демилгеси менен проблемаларды тандап, өзү чечүүгө жетишүүсү керек.

**Экинчи этапта** чакан тайпаларда катышуучулар өз алдынча иштешет. Коюлган проблемаларды чечүүгө киришүүдө катышуучулар толук билимге ээ болушпайт. Окутуучунун жардамында проблеманы терең түшүнүп, ык машыгуулары пайда болуп, ситуацияларды анализдеп, жөндөмдүүлүгү артат. Чакан тайпаларда талкууга катышкан окуучулар өзүнүн жеке көз карашын, позициясын айта ала тургандай болуусу талапка ылайык.

**Үчүнчү этапта** - группалар арасындагы талкуу менен башталат. Ар бир тайпа өзүлөрүнүн аткарган тапшырмаларынын варианттарын айтышат. Калган тайпалардын окуучулары оппонент катары аларга суроолорду берип, сын көз менен карашат же кубатташат.

Иштиктүү оюндарды өткөрүп жатканда көбүнчө дидактикалык оюндар колдонулат. М: «Керемет талаасы», «Билгичтердин конкурсу», «Интелектуалдык морофон» жана предметтик-мазмундук моделдер «Саякат оюну», «Жомок түзүү» ж.б.

Учурдун талабы болгон интерактивдүү методдорду сабакка пайдалануу жогорудагы окутуунун технологияларында ишке ашып, өздөштүрүүнүн чегине жетет. Жогорку окуу жайларында жана мектептерде айтылган окутуунун технологияларын пайдалануу колдоого алынууда.

Адабияттар

1. Журнал «Биология в школе».
2. Конющко В.С. Как подготовить урок биологии. М., 1988.
3. Конюшко В.С., Повлюченко С.Е., Чубаро С.В. Методика обучения биологии . Мн., 2004.
4. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. М., 1998.
5. Турдубаева Б.М. ж.б. Биологиялык жана экологиялык билимдерди өнүктүрүүнүн жолдору. Жалалабат, 2002.

* * *

К.М. Ураимов, А.Э. Төрөбекова

## Элдик салттар кыргыз тили сабагында
## (Өзбек мектептеринде кыргыз тилин окутуу)

«Сен канча тил билсең, ошончо адамсың» деп айтылган сөздүн мааниси канчалык деңгээлде орундуу жана өз учурунда айтылган сөз экендигине ынанбай кое албайсың. Анткени мамлекетибизде жашап жаткан көп улуттун өкүлдөрү бүгүнкү күндө кыргыз тилин да үйрөнүүгө астейдил аракет кыла баштаган учуру. Мамлекетибиздин тили кыргыз тили болсо да ырасмий тил катары орус тилине да статус берилди. Бул тил илимий тилде блингвизм деген термин менен колдонулуп жүрөт. Ал эми өзбек мектептеринде да кыргыз тили окутула баштаганына он жылдан ашык убакыт өттү. Ушул мезгилге чейин өзбек мектептеринде кыргыз тилди окутуу жумуштары бир топ жолго коюла баштады десек болот. Мугалимдер үчүн атайын колдонмолор, окуу китептери жок эсепте болсо да, ийгиликтер жаралып келүүдө. Кыргыз тили боюнча өзбек мектептеринин арасында областтык, республикалык олимпиадага чейин катышып байгелүү орундарга ээ болуп кайткандардын сабы арбып баратканы бизди кубандырбай койбойт. Азыркы күндө орус жана кыргыз тилинде окутулган мектептерде кыргыз тилинен берип жаткан кесиптештердин өтө көп «тер төгүшүнө» туура келип жатат. Чындыгында да ошондой. Учур талабына ылайык улам жаңы усулдардын негизинде сабак өтүү, балдарды тил үйрөнүү өнөрүнө жетелөө, кызыктыруу эң орчундуу, актуалдуу маселелерден болуп келе жатат. Изденүү менен окуучуларга тил үйрөтүү максатын көздөп, салттык эмес сабактын формасында сабакка элдик каада-салттарды колдонуу менен элдик педагогиканын

тарбиялык маанызын камтыган сабактын бир формасын тартуу кыла кетүүнү туура таптык (өзбек мектептеринде).

I. **Сабактын темасы:** Татаал баяндооч.

II. **Сабактын максаты:**

А). Окуучуларга баяндоочтун түзүлүшү жана татаал баяндооч жөнүндө түшүнүк берүү.

Б). Сүйлөө речин өстүрүү, өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

В). Жаратылышты коргоого тарбиялоо.

III. **Сабактын жабдылышы:**

Түстүү плакат, оюн үчүн карточкалар ж.б.

IV. **Сабактын предмет аралык байланышы:**

Орус тили, өзбек тили, музыка, география.

V. **Сабактын түрү:**

Сабак-шерине.

VI. **Сабактын усулу:**

Индукция-дедукция,көрсөтмөлүүлүк, аңгемелешүү.

VII. **Сабактын жүрүшү:**

А). Уюштуруу.

- Ассалоом алейкум !
- Алейкум ассалоом !
- Арбаңыз балдар, бүгүн биз жайлоого келдик.
- Карагылачы кандай кооз ээ ?

1-окуучу. Айткылачы, азыр кайсыл мезгил ?

2-окуучу. Жаз мезгили.

3-окуучу. Анда жаз мезгили жөнүндө ырдабайлыкпы ?

Байчечекей.

Жашыл жазда көк көлгө,
Жамгыр төгүп өткөндө.
Байчечекей гүл ачат,
Бажырайып көктөмдө. } 2 жолу
(ыр кесе сунулат).

Ыр кесе, алтын шакек, шакек салмай, жоолук таштамай, ак чөлмөк сыяктуу атадан балага калып салтка айланып илгертен келе жаткан элдик мурастарыбыз бар. Анда элдин достугу, ынтымагы, кайрымдуулугу, айкөлдүгү сыяктуу март берешендигисыяктуу сапаттары негизги орунда туруп, чоңго да кичинеге да бирдей тарбиялык таасир берген. Мына ошолордун ичинен шеринеде уюштурулчу ыр кесени колго алсак деп окуучуларга ыр кесени сунам.

Ыр кесе демекчи, ал чыны болуп ага жаңы ачыган бээнин сүтүнөн даярдалган кымыздан толтуруп куюп коюшкан. Анан аны колуна алган киши кымыздан ооз тийип өзүнүн колунан келген өнөрүн көрсөтүп берген. Анте албаса тамашалап мөөрөтүшкөн, уяткарышкан. Ошондуктан жок дегенде макал-ылакап, жаңылмач айтып бериши керек болгон.

4-ок. Кылкылдатып ичип койгондон көрө, шаңкылдатып табышмак, макалдар айтышкан жакшы эмеспи ?

1-ок. Тептим тереке чыктым, бул эмне?

2-ок. Төө минип эчкиге жашынба.

3-ок. Эки кара күрөгү бар,

Суудан коркпос жүрөгү бар.
Меңсиз ак, кулагы сак.

**4-ок.** Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшойт.

**5-ок.** Ортосунда тоосу бар,
Баш жагында «О»су бар,
Кыйын болсоң таап ал,
Татынакай кайсыл шаар.

**6-ок.** Эмгексиз бакыт , тузу жок тамактай.

**7-ок.** Кып-кызыл алма кыйын болсоң карма.

**8-ок.** Бекерчиден безе кач. ж.б.у.с.

Б). Үй тапшырманы суроо.

**Муг.** -Кана эми тойго баралы. (тосуп чыгып) чачала чачам.
-Мына силер чачалалар алдыңар, алар кангдай экен?
-Алма. –Баяндооч деп эмнени айтабыз?
-Боорсок. –Жөнөкөй баяндооч деген эмне?
-Печенье. –Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү кайсылар?
-Момпосуй. –Сүйлөмдөн баяндоочту тап.
-Алмурут. –Жөнөкөй баяндоочко мисал келтир.
-Кулпунай. –Кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тап.
Ата, келди, чоң эне, окуду, чуркап жүрөт, ойнйп жатат.

**Муг.** –Эми кайтасыңарбы? Мейли анда жакшы баргыла.

**1-ок.** Балдар, балдар ушул үйдүн ээсине бата берип койсок.

«Бата берүү элибизде салтка айланган көрүнүш. Ар дайым адамдын ишини илгери жүрүшүнө тилек билдирилген. Мунун тескерисинче болгон учурлары да кездешет. Ак бата эң жакшы ниетте (айтылган) берилген бата»

2-ок. Манас, Курманбек аталарыбыздын арбагы колдосун!

«Бата»

«Жаш өлбөсүн, жамандык көрбөсүн, карыларыбызга ынсап, жаштарыбызга ыйманберсин. Тапкан-тутканыңа береке берсин, үйүңө ырыскы, бакыт кушу кошо келсин. Ойлогон ой-максатын ишке ашсын. Эл тынч болуп, байлыгың да ашып ташсын!»

В). Өбөлгө түзүү.

Эми тигил үйгө жеткенче ырдап баралы.

Биз <u>келдик</u>, <u>ойноп келдик</u>.
Ала-Тоонун койнуна.
Ыр <u>ырдадык</u>, <u>кирип келдик.</u>
Жаңы үйгө оюнга.

Г). Үй ачылат.

-Иий... Бул сүйлөмдө баяндооч эки сөздөн турат да?
-Мен билем бул... Жоок, муну агайдан сурайлычы.

**Муг.** Бул сөздөр татаал. Силер эстегилечи, жөнөкөй сүйлөмдөр канча сөздөн турчу эле?

Ок. -Бир сөздөн.

Муг. –Ал эми бул сөз эки сөздөн туруп жатат, демек бул эми
татаал баяндооч болуп калды.
-Эмесе балдар бүгүнкү числону жазгыла. Күнгө кайсыл күн?

Ок. Ишемби. Отуз биринчи март.

Жаңы тема. Татаал баяндооч.

Кыргыз үйдүн эшиги ачылып андан кезектеги жазуу окулат. **«Жаңы тема»** анда жаңы тема башталат да окуурмандар ал үйдө кайнап жаткан сүмөлөктүн үстүңн чыгат. Бул жерде сөзсүз сүмөлөк жана анын мааниси жөнүндө токтоло кетүү керек. Сүмөлөк элибиздин мурунтан эле бышырып келе жаткан тамактарынын бири. Ал жөнүндө көптөгөн уламыштар, учкул сөздөр бар. Сүмөлөктү кандайдыр бир жакшы тилек менен кайнатышкан. Аны тилегин, өз арзуусун айтып анан аралаштырган. Кимде-ким таң атканча уктабай аралаштырып, астейдил карап бышырса ошол адамдын тилеги орундалат жана ал бактылуу болот дешкен.

1-ок. –Ийй балдар бул үйдө сүмөлөк бышып жаткан тубайбы?
-Бул сүмөлөгүбүз татаал баяндооч деп аталат.
2-ок. –Мен да татаал баяндооч менен болоюнчу?
-Татаал баяндооч мени чакырып жатат окшойт.
3-ок. –Саламатсыңбы татаал баяндооч?
4-ок. - Татаал баяндоочту мен да табайынчы.
5-ок. - Татаал баяндоочко жолугайынчы.
6-ок. –Мен да ооз тиейинчи.
7-ок. –Сактыкта кордук жок, мен да барып көрөйүнчү.
8-ок. - Татаал баяндооч менен коштошоюнчу.
-Карагылачы мынча көп көпөлөктөр. Жүргүлө карайбыз. Мына мен кармадым.
1-көп. - Татаал баяндоочтун суроолору.
2-көп. –Муздак булак агып турат.(сүйлөмдү талда).
3-көп. - татаал баяндооч деген эмне?
4-көп. –Жөнөкөй баяндоочтун татаал баяндоочтон айырмачылыгы?
5-көп. –Жаз-жарыш, күз-күрөш. Деген макалдын маанисин чечмелеп бер.
6-көп. - татаал баяндоочту тап.
Көпөлөктөр топ-топ болуп учуп жүрүшөт.

VIII. Бышыктоо: -Мына балдар эми бери карагыла. Биз эмне деген тема өттүк?
-Ал кандай суроолорго жооп берет экен?
-Сүйлөмдөрдү талдадыңар ээ?
-Эми мына бул сөздөргө сүйлөм түзсөңөр, ал үчүн
доскага да иштейбиз.

1. Күлүп жатат. Айгүл күлүп жатат.
2. Жалалабат. ________________
3. Он экиде. ________________
4. Аябай кооз. ________________
5. Сен болсоң. ________________

-Демек силер байкадыңарбы мурда кыймыл-аракетти билдирген сөздөр бирөөле болсо, эми эки сөздөн туруп жатат ээ балдар?

IX. Үйгө тапшырма:
-Үйдөн 345-көнүгүүнү үлгүдөгүдөй аткарып келесиңер.
X. Баалоо:
«5» баллдык системада.
Аягында темага байланышкан боз үйлөрдүн көрүнүшүн схема түрүндө беребиз.

Татаал баяндооч үчүн тиркеме.




Адабияттар


1. С. Давлетов, Ж. Мукамбаев, С. Турусбеков. Кыргыз тилинин грамматикасы. Ф., Мектеп, 1982, I бөлүм, 171 б.
2. Ч. К. Дыйканова, Л.С. Сулайманова, Э.Т. Төлөкова. Кыргыз тилин үйрөнөбүз. Б., 1997, 160 б.
3. Ж. Мураталиева. Морфологияны синтаксистин негизинде окутуу. Б., 2003, 42-б.
4. Б. Өмүралиев. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы. Ф., Мектеп, 1991.


* * *

И. Абдувалиев

## Орхон-Енисей жазууларынын жазылышы жана тыбыштык түзүлүшү жөнүндө

Орхон-Енисей жазуулары деп аталган байыркы түрк жазуусу биздин эранын биринчи миңжылдык доорундагы түрк урууларынын (элдеринин) маданиятынын туу чокусу катары эсептелүүгө тийиш. Анткени, адамзаттын узак тарых өсүп-өнүгүшүндө жазуунун пайда болушунун өзү эле сөзсүз түрдө анын маданиятынын кандайдыр деңгээл бийиктик көрсөткүчү катары болгондугу белгилүү.

Улам жаңы эмгек куралдарын жаратып, өзүнүн коомдук турмушунун жогору көтөрүлүшүнө жетишип, көркүнө чыгар тиричилик-шартты түзүп алып, бири-бири

менен тынымсыз пикир алышууларды жүргүзүп, жашоо-тиричилигинин деңгээлин көтөрүү эчен кылымдардан бери адамзаттын негизги жалпы максаты болуп келет. Адамзаттын мына ушундай бийик максаттарынын орундалышынын, жүзөгө ашышынын бир көрсөткүчү - жазуунун пайда болушу.

Жазуу пикир алышуудагы мезгилдик жана узак аралык тоскоолдуктарды жоюп, бир нече муундардын пикир алышуусун, алыс аралыктарга карабай пикир алышууларды жөнгө салуунун негизги булагы болуп саналат. Ушул жерде мындай бир нерсени эске тутуп коюубуз зарыл. Жазууну кагазга, териге же бир башка затка жазуу менен таш бетине, башкача айтканда, катуу заттын бетине жазуу экөөнүн айырмабаркын баамга тутуу өзүнчө бир башкача ой жүгүртүүнү жаратат.

Кагаз, тери өңдүү заттарга жазуу менен таш бетине, катуу затка жазгандын асман-жердей айырмасы бар. Эгерде кагаз, тери сыяктуу буюмдарга жазууда кайсы бир зат менен, тактап айтканда боёк, сыр же башка бир жукма суюк зат менен из калтырып эле жаза турган болсок, катуу заттардын, мисалы жыгачтын, таштын бетине жазганда андай из калтырып жазуу пайдасыз болуп калат.

Анткени, биринчиден, катуу заттарды бүктөп же ороп кичирейтип сактап алып жүрүүгө болбойт. Алар ошол канча көлөм текст жазылса да ошол турпатында, атүгүл ордунан козголбой эле кала берет. Ошол себептүү, экинчиден, ар кандай суюк зат менен из калтырып жазганда жаратылыштын өзүндө жата берип, жамгыр, кар, шамал сыяктуу кубулуштардан улам бат эле жуулуп, жоголуп, өчүп да калат.

Ошондуктан, катуу заттарга жазууда өчүп калбас үчүн сөзсүз түрдө анын бетин оюп жазуу талап кылынат. Жыгач өңдүү заттын бетин курч буюм менен оюп тамга түшүрүүнү оңой эле элестетсек болот. Ал эми таштын бетин оюп тамгаларды түшүрүү кагаз, тери же бир башка затка из калтырып жазганга караганда канчалык кыйын, канчалык машакат жумуш экени өзүнөн-өзү белгилүү. Ташты оюу үчүн албетте андан да катуу зат, башкача айтканда, темир, болот, чоюн сыяктуу заттардан жасалган куралдардын болушу талап кылынат.

Байыркы түрк жазууларынын бир нече жүзжылдыктар бою унутулуп, аларды XVII кылымдын 20-жылдарынан бери карай гана батыш европалыктар таап чыгып, бирок эч ким окуй албагандыктан сырдуу деп аталып, сызылыштарын, сүрөттөрүн түшүрүп алып, атластарды жарыялап жүрүп олтуруп, XIX кылымдын аягында тамга белгилеринин ачкычын таап чыгышкан. Пайдаланган элдин өзү тарабынан да ошого чейин эч ким окуй алган эмес. Ошентип, бүтүндөй жазуунун өзү да элдин эсинде сактала бербей унут болгондуктан, аны жазган жазуу куралдарынын да кандай болгондугу, эмне деп аталгандыгы бизге, азыркы заманга белгилүү боло бербей келет.

Орхон-Енисей жазуулары менен жазылган эстеликтердин дээрлик бардыгынын таш бетине оюлуп, чегилип жазылгандыгы ошол оюу, чегүү өнөрүнүн мыкты куралдарынын болгондугун айгинелеп турат. Болжолу, темирдин кандайдыр мыкты сугарылган үлгүлөрүнөн сапаттуу жасалган атайын *ушку* өңдүү жазуу куралы пайдаланылган деп айтууга негиз бар. К. К. Юдахин муну «сверло, пнрка; шило для прокалывания дыр в **уук**'е (*см.* **уук** 1)»; **үшкү баш** «голова шилом, клином (*в форме редьки хвостом вниз*)»[1], деп которгон. Бул жерде *ушкунун* азыркысы тууралуу түшүнүк алып жатабыз, ал эми байыркы замандардагы, айталы мындан миң жыл, бир жарым миң жыл мурдагы *ушку* кандай болгондугу тууралуу азырынча даректүү кабар жок. Ал эми *ушку* өтө байыркы сөз, анткени, анын уңгусун монгол тилдеринен жолуктурууга болот: монг. *үзэг* «перо»[2], калм. *үзг* «буква; перо (*для письма*)»[3].

---

[1] Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь. –М., 1965. 827-б.

[2] Орос-монгол толь. –Улаанбаатар, 1982. 441-б.

Катуу заттардын бетине илгери атайын *кылооч* менен жазышканы да белгилүү. Андан тышкары ар кандай темир буюмдардын сыныктарынын учтуу кырлары менен таш бетин койгулап отуруп, тамганы оюп түшүрүүгө боло турганын адамзат тарыхы жакшы билет.

Анан дагы, жазганда сөздөрдү каз-катар тизип, баарын бирдей кураштыруу жана бир да тамгасын калтырбай бардыгын өз-өз орду менен туура түшүрүү зарыл болот. Мына ушундай деңгээлде жазгандын өзү үчүн канча жылдык тажырыйба менен канча жылдык жөндөмдүн керек экенин элестетүү кыйын. Орхон-Енисей жазма эстеликтеринин тушунда аны пайдаланган түрк калктарында расмий болсо да, расмий эмес болсо да окутуу, билим берүү, сабат ачуу ишмердүүлүктөрүнүн болгондугу тууралуу эч бир даректүү кабарларды жолуктура албадык. Археологиялык казуулардан деле кайсы бир жерлерден жазуу үчүн пайдаланылган деп далилденген буюмдун бар экени алигече белгисиз.

Бирок, жогоруда биз белгилегендей, байыркы түрктөрдө *үшкү, кылооч* сыяктуу таш бетин оюп тамга түшүрөр атайын куралдары болбосо, Күлтегин эстелиги, Күлүчор эстелиги, Билге каган эстелиги, Сужи эстелиги өңдүү толгон-токой жазуулардын абдан мыкты чегилип жана сабаттуу болуп жазылып, биздин күндөргө чейин окулуш жойбурларын жоготпой сакталып келиши күмөн болчу.

Демек, ар кайсы окумуштуулардын эмгектеринде Орхон-Енисей жазуулары, көктүрктөрдүн жазуулары, рун жазуулары дегендей аттар менен аталып биздин күндөргө чейин келип жеткен байыркы түрк жазма эстеликтери түрк элдеринин ошол доорлордогу маданий улуу жетишкендиктеринин бир чоң күбөсү экенинде талаш жок. Жазуунун унутулганындай эле ошол маданияттын да унутта калгандыгын окумуштуулардын моюнга алып коюшун шарт деп эсептейбиз.

Көчмөн калкта бир гана жерде отурукташкан орун-очогу болбойт. Жыл бою мал артынан жүрүп күн көрүп, жаратылыштын ысык-суугуна, кыш, жаз, жай, күз мегилдерине ылайыкташа көчүп-конуп өмүр кечирет. Бир жылда үч-төрт жолу жер которуп көчүп жүрүшү мүмкүн. Демек көчмөн турмуш шарттарында жазылгандарды сактоо түшүнүгүнө, зарылдыгына, тилекке каршы, маани берилген эмес. Көчмөн турмуш заманында көчкөнгө ыңгайлуу, улоого артканга ыктуу, жарашыктуу жана күндөлүк жашоо тиричилигине зарыл керек болгон буюмдар гана колдонулуп, кайсы жакка көчсө да ошолорду гана ала жүрүшкөн. Ашыкча буюм, башкача айтканда, күндөлүк жашоо тиричиликке зарыл керек болгон буюмдардан башка буюмдар тутулган да, кармалган да, сакталган да эмес. Анан калса, көчкөндө андай буюмдар ашыкча жүк болуп, бара-бара пайдалануудан, сактап жүрө берүүдөн калып, көпчүлүгү колдонуудан чыгып унутулуп кала берген. Ошондон улам болуш керек, көчмөндөр кайсыл жерде жашабасын айтылар акыл-ойду таш бетине түшүрүп, жеринде калтырып, эстеп коюп кете беришкен.

Ошентсе да байыркы түрктөр жазууну катуу заттардын беттерине гана жазышкан дегендей бир жактуу ой айтуудан алыспыз. Орхон-Енисей жазууларын изилдеген окумуштуулардын да таш менен жыгач өңдүү катуу заттардын бетине гана жазып калтырышкан деп таккесе айткандарын жолуктурбадык. Албетте, ошол кездердеги түрк урууларында кагаз болбосо да тери өңдүү бир башка заттардын бетине жазуу мүмкүнчүлүгүнүн болгондугун тана албайбыз.

Түрк элдеринин ичинен эң эле улууларынын бири болуп эсептелген кыргыздардын кытай тарых жазмаларында катталып, кытай эли менен үзүл-кесил болсо да кандайдыр деңгээлде мамилеге түшүп келгенине 2200 жыл болгондугун эске

---

[3] Калмыцко-русский словарь. –М., 1977. 546-б.

алсак, Орхон-Енисей жазуулары колдонулган учурларда түрк элдеринде кагазга жазуу деген түшүнүктүн бар экендигине ишенсек болот. Демек, Байыркы түрктөр кагазды билген эмес, пайдаланган эмес деп тыянак чыгарууга болбойт. Бирок, эгерде кагазга же териге жазылган жазуулар арбын болгон болсо да көчмөн турмуштун шартында алардын биздин күндөргө чейин сакталып келип жетээри белгисиз болчу. Анткени, биринчиден, көчмөндөрдө көп эле буюмдарды жылдан жылга, кылымдан кылымга сактап жүрө берүүнүн зарылдыгы, биз жогоруда белгилегендей, боло бербейт. Экинчиден, мезгил-мезгили менен болуп келген жоокерчилик жүрүштөрдөн, сырттан келген душмандар менен болгон кагылыштардан улам да кагаз, тери өңдөнгөн буюмдардын кылымдарды кечирип жүрүп олтуруп «аман» калышы сейрек болот.

Мына ошентип, байыркы түрк рун жазуулары деп аталган эстеликтердин биздин күндөргө чейин келип жеткендеринин дээрлик бардыгы таш бетинде болуп, «таш китептер» түрүндө сакталып келет. Ырас, алардын ичинен төлгө маанисиндеги «Ырк битиг» өңдүү айрымдары гана кагазга түшүрүлгөн нускада биздин заманга чейин келип жетип, Турпандан табылган[4].

Эми ошол таш бетине кынала түшүрүлгөн сөздөрдүн, тамгалардын, жогоруда биз айткандай, кооз сүреттөлүп түшүп, ар бир ойду туура чагылдырганына жетишүү үчүн кишиге не деген билимдер, не деген көндүмдөр, не деген эмгек, аракеттер керек экенин айтуу кыйын. Анткени, көп жылдык окуп-үйрөнүү тажрыйбасы, көп жылдар бою жазып жүргөн көндүмдөрү болбосо, кишинин алдагыдай кылып таш бетине жаза албасы белгилүү. Арийне, муну менен биз байыркы түрктөрдө жазуусу салттуу (традициялуу) болуп, кадимкидей окутуу, билим берүү системасы жүрүп турган деп айткыбыз келген жок.

Байыркы түрк маданиятынын, көчмөн турмуш маданиятынын, ошентип, таш жана башка катуу заттарга жазылып калгандыгы гана биздин күндөргө чейин келип жеткендигине себепкер болуп, алардын кантип жазылгандыгын, ким деген инсандар жазгандыгын далилдеген улуу маданияттын өзүнүн азыркы өркөниятка, биздин күндөргө келип жетпей унутта калгандыгы өкүнүчтүү.

Эми ошол жазуулардын тамга белгилери, алардын окулушу тууралуу да азыноолак сөз кылалы. Орхон-Енисей жазуулары орус падышасы Петр биринчинин тушунан бери карай азыркы дүйнөлүк өркөниятка белгилүү болуп, көптөгөн окумуштуулар тарабынан изилденип, иликтенип келет. Жазуунун сырын ачуу, алфавиттик ачкычын табуу үлүшү XIX кылымдын аягында күнбатыш окумуштууларынын[6] бактысына туш келген.

Батышевропалык, ал гана эмес орус чыгыштаануучулары деле, бардыгы түрк диалектилерин, түрк тилдерин Н. А. Баскаков бөлүштүргөндөй батыш хун бутагындагы диалектилерден, тилдерден окуп үйрөнүшкөн. Ал эми түрк тилдеринин батыш хун бутагындагы тилдердин чыгыш хун бутагындагы тилдерден эң негизги өзгөчөлүгү алардын «*й* тилдери» экендиги менен мүнөздөлөт. Чыгыш хун бутагындагы түрк тилдери негизинен «*ж* тилдери» болуп эсептелет.

Ошентип, байыркы түрк рун жазууларынын сырын ачып, азыркы өркөниятка тартуулаган улуу окумуштуулар Вильгельм Томсен да, Василий Васильевич Радлов да, алардын жолун жолдоочулар да, бардыгы түрк тилдеринин «*й* тилдер» тобун өздөштүрүшкөн окумуштуулар экенинде талаш жок. Башкача айтканда, алар түрк

---

[4] Древнетюркский словарь. –Л., 1969. XXXIV-XXXV.

[5] Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности. –М.–Л., 1951. 11-б.

[6] В. Томсен менен В. В. Радлов экөө бир мезгилде байыркы түрк рун жазууларынын сырын ачышкан. – И. А.

тилдерин «*йаш*», «*йыл*», «*йал*», «*йай*», «*йак*», «*йе-*», «*йай-*», «*йап-*» деп айтылыш турпатынан айтып, ошол туруштан чыгып иликтөө жүргүзүшкөн.

Демек, ой келип чыгат. Орхон-Енисей жазуулары деп аталган байыркы түрк рун жазууларынын тамга белгилеринин ачкычы алгач табылганда, аны тапкан улуу чыгыштаануучулар тарабынан батыш түрк бутагына кирген түрк тилдеринин тыбыштык айтылыш өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк орун берилип калган. Башкача айтканда, Орхон-Енисей жазууларынын тамга белгилеринин тыбыштык маанилери батыш түрк тилдеринин, тактап айтсак, «*й* тилдери» тобунун табияты, ички деми басымдуурак болуп аныкталып калган, деп ой жүгүртүүгө толук негиз бар.

Жөнөкөй эле бир мисал алып карайлы, батыш хун бутагына кирген түрк тилдеринин дээрлик бардыгында сөз башына «*й*» тыбышы келип, ошол эле сөздөр чыгыш хун бутагына кирген түрк тилдеринин дээрлик бардыгында «*ж*» тыбышы менен айтылат.

| **Чыгыш хун бутагы** | **Батыш хун бутагы** |
|---|---|
| *жер* | *йер* |
| *жаш* | *йаш* |
| *жаз* | *йаз* |
| *жез* | *йез* |
| *жыл* | *йыл* |
| *жаа* | *йай (йайа)* |
| *жок* | *йок* |
| *жүз* | *йүз* |
| *жет-* | *йет- (йетмек)* |
| *же* | *йе- (йемек)* |
| *жол* | *йол* |
| *жар-* | *йар- (йармак)* |
| *жаз-* | *йаз- (йазмак)* |
| *жыл-* | *йыл- (йылмак)* |
| *жуу-* | *йув- (йувмак)* |
| *жүр-* | *йүр- (йүрмек)* |
| *жаак* | *йаңак* |
| *жамгыр* | *йамгур* |
| *жылан* | *йылан (илан)* |
| *жүрөк* | *йүрек* |
| *жумшак* | *йумшак* |
| *жакшы* | *йакшы* |
| *жыгач* | *йыгач* |
| *жоон* | *йуган* |
| *жети* | *йети* |
| *жыгла-* | *йыла- (йыгла-)* |

Түрк тилдериндеги батыш менен чыгышты айырмалап турган негизги белги, сөз башында айтыла турган *ж* жана *й* тыбыштары боюнча мына ушул эле мисалдарды жетиштүү деп эсептейбиз.

Мындан келди, Орхон-Енисей жазууларында сөздүн башында «*й*» тыбышы турса да, аны белгилеген 𐰖 , 𐰘 тамгаларынын «*ж*» тыбышы болуп окулушу толук ыктымал деген ой өзүнөн-өзү келип чыгат. Ошондо эстеликтердеги *йол* – **жол**, *йаш* – **жаш**, *йыш* – **жыш**, *йагы* – **жоо** (*жагы*), *йоллык* – **жоллык** (*жолдук, жолго коюлган*), *йарык* – **жарык** болуп окулушун акылга сыярлык болмок деп эсептээр элек.

Минтип ой таштаганыбыздын дагы бир себеби, ошол эстелик таштардын дээрлик бардыгынын күнчыгыштан табылгандыгы. Башкача айтканда, Орхон-Енисей жазуулары деп аталган байыркы түрк рун жазууларынын дээрлик бардыгынын жайгашкан аймагы чыгыш хун бутагына кирген түрк урууларынын (элдеринин) мекени болуп саналат. Ал эми, жогоруда биз белгилегендей, чыгыш хун бутагына кирген түрк тилдеринде «*й*» тыбышынын ордуна бардык учурларда, айрыкча сөз башында, «*ж*» тыбышы айтылып келет.

Ырас, тарыхый факторлор эске алыныш керек. Бул жагынан алып караганыбызда түрк тилдеринде сөз башында алгач «*й*» болгонбу, же «*ж*» болгонбу деген маселе аныктала бербей, тактала бербей келаткан маселелерден болуп саналат. Мунун чечилиши «*сөз башында алгач «й» болгон*» деп чечилген күндө деле ошол кубулуштун Орхон-Енсей жазууларынын доорунан мурда же кийин болгондугу тууралуу чечилиши талаш меселенин да баамыбызда тургандыгы тууралуу акыйкат суроону болбой койбойт деп айтыш кыйын. Албетте, мунун өзү биздин бул макалабыздын обөектисине жатпай, өзүнчө изилдөөнү, расмий чечилишти талап кылып турган маселе. Ал жөнүндө, *ж*, *й* тыбыштары жөнүндө, айтар сөзүбүз али алдыда. Бул өзүнчө башка изилдөөнүн темасы.

Айтарыбыз, байыркы түрк рун жазууларындагы  ,  тамга белгилеринин «*й*» же «*ж*» тыбыштарынын кайсынысынын маанисин бергенинде гана болуп жатат. Бул бир гана мисал.

Мындан тышкары түрк тилдеринин байыркы учурларында сөздүн башы каткалаң үнсүздөр менен айтылганбы, же жумшак жана уяң үнсүздөр менен айтылганбы, бул маселенин чечилиши да Орхон-Енисей жазууларынын окулушуна түзөтүүлөрдү кийириши мүмкүн.

Кош эринчил «*б*», «*п*», «*м*» тыбыштарынын кайсынысы алгачкы деген өңдүү тарыхый фонетиканын көптөгөн маселелеринин акыйкатына жеткире аныкталышы деле сөзсүз түрдө Орхон-Енисей жазууларындагы тигил же бул тамга белгилеринин тыбыштык маанилерин тактоого, аныктоого салым кошпой койбойт демекчибиз.

Анан дагы «лт» М, «нч»  , «нт»  өңдүү катар келген үнсүз тыбыштарга бирден тамганын ыйгарылып окулушу түрк тилдериндеги кандайдыр табышмакты чечер маселеге тема болуп келет. Булардын тыбыш маанилеринин биринчилеринин (*л, н, н*) уяң үнсүздөр (сонорные) болуп келгендиги да өзүнчө кызыгууну туудурат. Түрк тилдери, негизинен, үнсүз тыбыштары менен үндүү тыбыштарынын бир сөз ичинде салыштырмалуу тең салмактуулукту сактагандык өзгөчөлүгү бар тилдер болуп саналат. Башкача айтканда, сөздө үнсүз тыбыштардын артыкчылыгы болуп, алардын катарлаша келүүлөрү түрк тилдерине анча мүнөздүү боло бербейт.

Байыркы түрк элдериндеги мына ушул касиет азыркы кыргыз тилинде өтө күчтүү сакталып келет. XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз тили боюнча алгачкы окуу китептерди жазып, анын тыбыштык түзүлүшүнө биринчилерден болуп назар салган белгилүү тилчи Касым Тыныстанов кыргыз тилиндеги сөздөрдө үнсүздөрдүн катарлаша келгенин мыйзамченемдүү эмес деп кабыл алган. Ошондон улам ал катарлаша келген үнсүз тыбыштарга башкача мүнөздөмө берет. Катарлашып келүү мүмкүнчүлүгү барлардын *р*, *л*, *м*, *н*, *ң*, *й* тыбыштары гана экендигин аныктап, буларды сөз ичиндеги тыбыштык айкашуу өзгөчөлүктөрүнө карап, «бир муун ичинде каткаландар менен катар туруп, уруша берет (айкаша берет – И. А.), ошондуктан булар муунчулдар деп аталышат»[1], деп жазган.

Касым Тыныстанов орхон-енисей жазууларына назар салып, изилдөө жүргүзгөн эмес. Бирок, анын азыркы кыргыз тилиндеги уяң үнсүздөргө берген мүнөздөмөсү жалпы түрк тилдеринин, айрыкча байыркы доорлордогу түрк тилдеринин (*диалектилеринин* десек да болот), тыбыштык түзүлүшүнө тиешелүү маселелердин чечилиши алдыдагы маселе экендигин белгилеп тургансыйт. Чынында эле түрк тилдеринин ички табиятына үңүлүп карасак, бир сөз ичинде уяң үнсүздөр менен уяң үнсүздөр жана айрым жумшак үнсүздөр, же каткалаң үнсүздөр менен жалаң гана уяң үнсүздөр катар келип айкашат.

**йр**: *бөйрөк, куйрук, ийри, шыйрак, айры-* ж. б.

**рм**: бармак, тырмак, йегерме, йирми, кайырмак, тегирмен, ирме-, карма-, тырма- ж.б.

**лт**: жылдыз, ылдам, алд (алды жак), алты, балта, калтар, ултар- ж. б.

**лк~лг**: йылкы, жалкы, чулга-, булга-, алка-, калка, үлкер, тулга, жылга, каалга, билге ж. б.

**рк~рг:** кырк, үрк, үркөр, кургак, жорго, арга ж. б.

**рп:** турпак~топрак, торпок, урпак, арпа, тарп ж. б.

**рт:** арт, уурт, сырт, жорт-, тарт-, жырт- ж. б.

**нг~ңг~ңк:** инген, көрөңгө, шуңкар, чуңкур ж. б.

**лж~лч:** олжо, кулжа, алчы, калча-, болжо-, өлчө- ж. б.

**нч:** конч, тынч, канчык, канча, унчук-, жанч- ж. б.

**нт:** кант , ынтаа, кынтык, онто- ж. б.

Мындан келди, Орхон-Енисей жазууларындагы «*лт*», «*нч*», «*нт*» болуп катар келген үнсүз тыбыштарга ар бир экөөнө бирден гана тамга белгилеринин көрсөтүлүшүн биздин күндөрдөн, болжол менен, бир жарым миң жыл мурдагы түрк тилдеринин тыбыштык түзүлүшүндөгү ички колорит өзгөчөлүктөрдөн деп эсептөөгө негиз бар. Тынымсыз өнүгүп, өзгөрүп тура турган тилдин тыбыштык түзүлүшүндө да өзгөрүүлөр болбой койбойт. Көп кылымдар бою тилди алып жүрүүчүлөр тарабынан унутта калып, атактуу окумуштуулардын терең акыл калчоолорунун натыйжасы менен гана тамга белгилеринин ачкычы табылып, сөздөрү, ойлору гана эмес, тыбыштык түзүлүшү да калыбына келтирилген V-IX кылымдардагы түрк тилдеринин айрым тыбыштарынын азыркы учурдагыдан айырмаланып калышы мыйзамченемдүү көрүнүш болуп эсептелет.

Ошол байыркы Орхон-Енисей доорундагы түрк тилдеринин «*лт*», «*нч*», «*нт*» тыбыштык айкалыштарындай эле, башкача айтканда, татаал тыбыш көрүнүштөрүн азыркы ар кайсы түрк тилдеринен жолукканын окумуштуулар белгилеп келишет. Көпчүлүк түрк тилдеринде *ж, ч, ц* тыбыштарынын аффрикаттар[7] деп аталышы буга мисал. Эгерде тереңирээк үңүлө карасак, *ң* тыбышынын айтылышы менен колдонулушу да мындай көрүнүштөн алыстабайт: өзбекче *нг* (*келингиз, тонг*), кыргызча *ң* бирок, жаңгак~жаңак, Чыңгыз~Чыңыз болуп айтылыштар бар. Демек, түрк тилдериндеги айрым үнсүз тыбыштардын аффрикаттар катары жашап келиши байыркы замандардын жемиши болуш керек. А. Н. Кононов «*лт*» тууралуу сөз кылбайт да, «*нч*», «*нт*» тыбыштык бирикмелерин байыркы түрк рун эстеликтеринин тилиндеги үнсүз тыбыштардын катарына кошкон[8].

Ошентип, тамга белгилеринин тыбыштык маанилери дагы да такталып, азыркы жандуу түрк тилдеринин фонетикалык жана грамматикалык ички табиятынан,

---

[7] Караңыз: Языки мира: Тюркские языки. –Бишкек, 1997.

[8] Кононов А. Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников VII-IX вв. –Л., 1980. 62-б.

алардын тарыхый өнүгүп-өзгөрүш мыйзамченемдиктеринен келип чыгып, Орхон-Енисей жазма эстеликтеринин алфавитинин дагы да купуя сырлары ачылыш керек деген ойду айтмакчыбыз. Бул үчүн, келечекте төмөндөгүдөй милдеттерди ишке ашыруу окумуштуулардын күнтартибинде турат.

1. Орхон-Енисей жазууларынын таш бетине, карапа, фарфор идиштерге, алтын, күмүш, жез буюмдарга эмне деген куралдар, кандай деген заттар менен чегилгендигин аныктоо зарыл.

2. Түрк тилдеринин тарыхында сөздүн башына алгач ***ж*** тыбышы келгенби, же ***й*** тыбышы келгенби? Мына ушул маселе аныкталып, тийешелүү тамга белгилеринин ***ж*** болуп, же ***й*** болуп окулушуна карата тактоолор киргизилиш керек.

3. Кош эринчил (***п, б, м***) тыбыштардын колдонулушунда кайсынысынын байыркылыгы аныкталып, ошого жараша Орхон-Енисей жазууларындагы тийешелүү тамга белгилеринин тыбыштык маанилеринде тактоолор жүргүзүлүш керек.

4. Түрк тилдеринин тыбыштык түзүлүшүндөгү аффрикаттар проблемасы лингвистиканын эксперименталдык ыкмасы менен кайрадан кылдат каралып чыгып, анын натыйжалары Орхон-Енисей жазууларындагы кош тыбыштарды билдирген тамга белгилеринин тыбыштык маанилерин тактап чыгууда пайдаланылышы шарт.

5. Бир сөз ичинде (уңгуда да, негизде да) каткалаң, жумшак жана уяң үнсүздөрдүн өз ара айкашып келүү мыйзамченемдиктери чечилиш керек дагы, анын жыйынтыктары Орхон-Енисей жазууларынын тамгаларынын каткалаң, жумшак жана уяң үнсүздөрдү билдирер касиеттерин аныктоодо негизги критерий катары каралууга тийиш, деп эсептейбиз.

* * *

А. Б. Жолдошалиева

Англис тилиндеги неологизмдердин кыргыз тилиндеги басма сөз каражаттарында колдонулушу

Тилдин тарыхый жактан мыйзам ченемдүү өсүп-өнүгүшү коомдун өсүп өнүгүшү менен тыгыз байланышта болоорун биз азыркы учурдагы өзгөрүүлөрдөн улам дагы бир жолу байкап калдык. Учурда массалык басма сөз каражаттарында бизге мурда тааныш болбогон тааныш сөздөр пайда болууда. Мына ушунун өзү биздин мамлекетибиздин ички жана тышкы саясаты менен байланыштарынын, жаңы техникалык прогрессти өнүгүүсүнүн натыйжасыннда, тактап айтканда, азыркы мезгилдин талабынын таасири астында болуп жаткандыгы байкалат. Демек, бул прогресс коомдук аң сезимдин өнүгүшү менен түздөн-түз байланыштуу. Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болуп, чет мамлекеттер менен болгон байланышы артты.

Бул мамилелер турмушубузга ар тараптан зор өзгөрүүлөрдү алып келди. Ошентип коомдогу өзгөрүүлөр жаңы түшүнүктөрдү билдирген жаңы сөздөрдү неологизмдерди алып келди. Тил илимин изилдөөчү окумуштуу В. И. Кодухов бул туурасында «Коомдун өнүгүшүндөгү ар бир бурулуш мезгил өз мезгилинде тилдин сөздүк курамына өтө турган жаңы сөздөрдү алып келет» деп белгилеген. Окумуштуунун бул аныктамасы азыркы учурдагы лексикага кирип жаткан жаңы сөздөрдүн пайда болушуна арналып айтылгандай, бүгүнкү күн үчүн да актуалдуу.

Чындыгында эле учурда оозеки учурда жана басма сөз каражатттарында бизге окурмандарга толук түшүнүктүү болбогон англис тилиндеги сөздөрдү көп учурагууда

болот. Октябрь революциясынан кийин, орус тилиндеги сөздөр, оозеки жана жазма речибизде пайда болуп, кыргыз тилинин лексикасына кирген. Ошол кездеги коомдук өзгөрүштүн талабына ылайык орус тилинин бардык жактан кеңири колдонушунун натыйжасында кыргыз тилинин лексикасы байыган. Ал эми азыркы учурда кыргыз тилиндеги лексикалык өзгөрүш, тактап айтканда, пайда болуп жаткан жаңы сөздөр негизинен чет өлкөлүк мамлекеттер менен болгон өз ара байланыштарда эл аралык тил болуп колдонулуучу англис тилиндеги сөздөрдүн көп колдонулушунун таасири астында лексикабыздын сөз казынасы байууда. Коом турмушундагы ар кандай өзгөрүү өнүгүүлөргө байланыштуу көптөгөн жаңы сөздөр пайда болуп, кепте активдүү колдонула баштады. Ошондой болсо деле сөздөрдүн түпкү маанисин толук түшүнүп-түшүнбөй өздөрүнүн күндөлүк говорунда колдоно баштагандар арбын. Бирок айта кетүүчү ой англис тилинен кирген жаңы сөздөрдүн маанисин толук түшүнүп алып колдонгондо гана өз ордун таап, айтыла турган ойду толук чагылдырып, окурмандын, угармандын эсинен чыкпайт.

Демек бүгүнкү күндө тилдин лексикасына жаңыдан кирген сөздөр дайым колдонулуп, пайдаланып жүрүп отуруп, неологизм болуудан калат. Башкача айтканда да убакыттын өтүүсү менен күндөлүк эле оозеки жана жазма речибиздин өздүк сөз байлыгы болуп чыга келет. Бул пикирге ынануу үчүн октябрь революциясы мезгилинде сөздүк лексикабызга жаңыдан кирген сөздөрдү эстейли: электрик, завод, трактор, социал, станция, интеллект, автомобиль, ж.б. Бул сөздөрдү бүгүн биз өз сөзүбүздөй эле колдонуудабыз жана алар тилибиздин лексикасы байыды, өнүктү, өстү. Ал эми бүгүнкү күндө чет тилдерден кирип пайдаланыла баштаган сөздөр – офис, департамент, спикер, саммит, омбудсмен, амбиция, оппозиция, ж.б. сөздөр белгилүү убакыттан кийин неологизм болуудан калып, тилибиздин күндөлүк эле бир элементи катары сиңип кетерине шек жок. Илимдин техниканын, маданияттын, коомдун өсүп өнүгүүсү келечекте тилибиздин сөздүк курамына дагы жаңы сөздөрдү берери мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Айрым учурда кыргыз тилин изилдегендер же ага куйуп-бышып жан күйгүзгөндөр коомдук, доордук, кылымга тете өсүп, өзгөрүүлөрдү эсепке алгылары келбегендиктен, өздөрүнүн консервативдик, догмалык, көз караштарын тануулап, кыргыз тилин нукура колдонуу жөнүндөгү ойлорун айтып жүрүшөт ал гана эмес өз пикирлерин тануулап да көрүшөт. Мисалы: телевизор - сыналгы радио – үналгы деп кайра куруу мезгилинин алгачкы жылдарында киргизишкени менен кыргыз эли тарабынан колдоого алынган жок. Демек, ар бир доордун өз тили өз маданияты, өзүнүн үрп адаты, этикасы болоорун тарыхый өсүп-өнүгүүлөр ырастап далилдеп келет.

Кыргыз тилин сактайбыз деп аракеттенгенибиз ал үчүн күйгөнүбүз жакшы, бирок аны дүйнөлүк өсүп-өнүгүүдөн калып калуусуна мажбурлап отурганыбыз атуулдук парзыбыз болбой тургандыгын да унутпашыбыз керек .

Эмесе бүгүнкү күндө кеңири колдонулуп жаткан сөздөрдүн маанисине токтололу:

1. Презентация – (presentation) биринчи жолу эл алдына чыгарып, тааныштыруу деген түшүнүктү берген. «Презентациядан кийин ал пресс конференция өткөрдү, автограф таратты» (Ч. Айтматов «Касандра тамгасы» 10-бет, Бишкек, 1996-ж.).

2. Офис – (office) иш канааасы, контора. Вашингтондогу эл аралык билим берүү боюнча Америкалык кеңештин офисинде: АКСЕЛСтин жалпы республикалык тестирлөөсүнүн жыйынтыгынын бет ачары болуп өттү («Эркин тоо», 25. 09. 02.) Ошентип, office - иш канаасы, офис менен алмаштырып эч кандай котормосуз эле түшүнүктү болуп колдонулду.

3. Департамент – (department) бөлүм. Бул сөз учурда кепте кеңири колдонула баштады. Мисалы: айыл чарба департаменти. Айыл чарба бөлүмү дегенге караганда департамент сөзү официалдуу, даражасы бийик болуп айтылгандай сезилет. Англис тилиндеги department кафедра болуп которулуп жүрөт.

4. Компетенттүү жетекчи, жогорку квалификациялуу кадр – (manager) жетекчи, башкарма, мекеменин башчысы деген мааниде. Учурда бир мекеменин башчысы директору дегенге караганда менеджер сөзү да жаңыча болуп, ээлеген орду официалдуу салмактуу сезилгендей туюлат. Демек, менеджер деген сөз башкаруучу сөзү менен алмашылды жана ал биздин сүйлөө речибизде аралашып сиңип келип барат.

5. Мониторинг (monitoring) – сынак деген түшүнүктү берет, так котормосу жок. Мониторингге катышуу үчүн алдын ала берилген бир критерий боюнча даярдык жүрөт. Ошол критерий боюнча иштин сапатын денгээлин башка катышуучулар арасында ээлеген орду белгиленип, бааланып, талкууланат, жыйынтыкталат.

Мисалы: «Мониторингде да артынан санаганда үчүнчү орунга араң чыктыңар (Болжурова. «Агым». 21. 01. 03.)». Мында текшерүүнүн жыйынтыгын угузуп жатат.

6. Скаут (scout) – чалгынчы, изденүү, өлкөдө уюшулган уюмдун аталышы. Максаты: коомдун талабын коргоого тарбиялайт.

7. Самит (summit) – жогорку чек, бийиктик чоку. Демек, жогорку денгээлде өтүлүүчү жыйын, жолугушуу, өкмөт башчыларынын жолугуушулары.

8. Кимдин амбициясы канчалык? («Эркинтоо» Конституциялык кенешмеде. 25.09.02.) Амбиция (ambition) – мансапкордук, умтулуу, амбиция, (дарамет). Демек, бул суроодон кимдин дарамети же алы-күчү коомдо ээлеген орду, авторитети канчалык деген мааниде экендигин түшүнөбүз.

9. Каршы (opposite) – оппозиция-opposition-карама-каршылык деген маанидеги сөздү, жүргүзүлүп жаткан саясатка каршы ойду айткандарды оппозиционерлер деп айтып жатышат. Кандайдыр бир партиянын ичинде анын көпчүлүгүнө каршылык көрсөтүү саясатын жүргүзгөн топ.

10. Омбудсмен (ombudsman) – чиновник, өкмөттүн кызматчыларга болгон нааразычылыктарды кароочу атуул. Омбудсмен жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышы менен Кыргызстандын омбудсмендик кыргыз институтунун тарыхы башталат. («Эркин-Тоо». 19.2003-ж). Бул сөздү чечмелегенде акыйкатчылык деген мааниге ээ болуп жатат.

11. Регион (region) – өлкө, край, область, район, зона. Дүйнөдө болуп жаткан окуялар, уюмду түзүү жөнүндө 2001-ж 21.06. Шанхайда кабыл алынган чечимдин региондогу жана дүйнө жүзүндөгү башкы өнүгүү тенденцияларына жооп берген мезгилге шайкеш чечим болгондугун ырастоодо. Мында регион өлкө менен алмаштырылып жатат.

Тенденция (tendency) – аракет, бир нерсеге карата болгон аракет.

12. Грант (grant) – белекке берүү, акысыз бекер берилүүчү акча каражаты, кайтарылып берилбөөчү ссуда. Мисалы: 43 студент КМШ студенттери үчүн «Ачык коом институтунун гранты» программасынын алкагында БААУда акысыз жогорку сапаттуу билим алышка ээ болушкан. («Эркин Тоо». 25.04. 2003).

13. Марадер (maraud) – тоноо, marauder – марадер талап тоноочу. Бул сөз жакында эле колдонула баштады. Жогоруда айтылып өткөндөй, коомдо болгон өзгөрүүлөрдүн натыйжасында келип чыкты. 2005.24.04. күнү болгон элдик төңкөрүштөн кийинки окуяга байланыштуу мисал: Шаардагы эң ири соода түйүндөрү марадерлор тарабынан талкаланган деген маалымат азыр деле айтылып келе жатат. Мында элдин кыжырдануусун, нааразычылыгын билдирген сөз, кыргыз тилинде айтылганда – кубатсыз, күчтүү, сезимсиз болуп калгандай ойду билдирет.

Кыргыз тилинин лексикасында жаңыдан кирген жогорудагыдай сөздөрдү дагы ондоп санасак болот. Бирок, биздин максат ал сөздөрдү өз орду менен пайдалануусуна жетишсек деген ойду айтуу, жаңы доорубузга ылайыктуу кыргыз тилинин лексикасына неологизмдердин киргенин белгилөө айрым учурларда, айрыкча суйлөө речинде англис тилинен кирген сөздөрдү туура эмес, орунсуз пайдаланып, ойду баса белгилөө аракети текке кеткен учурларды байкайбыз. Мисалы: саммит деген сөз жогорку, бийиктик дегенди билдирет, б.а. жогорку деңгээлде өтүлүүчү жыйынды, жолугушууну билгизет дедик. Бирок, айрымдар аны облустук маанидеги, региондук маанидеги өтүлгөн жыйындар жөнүндө айтууда деле колдонуп, пайдаланып жаткандарын көрүп калабыз.

Management дегенде, ишкана башкармасы, администрация, б.а. жетекчи иштеген ишкананы түшүнөбүз. Ал эми manager дегенде, компетенттүү жетекчини, директор, башчы, кыскасы ишкананын ээсин, жогорку квалификациялуу кадр деген маанини түшүнөбүз. Учурда бул сөздөр кээде алмашылып деле колдонулуп калат. Бул туура эмес болоорун белгилеп койгонубуз оң. Ошондуктан бүгүнкү күндө тилибизди байытып жаткан жаңы сөздөрдү терең өздөштүрүп, өз орду менен пайдалануубуз зарыл.

* * *

Р.Ю. Эмилбекова, Ы.К. Жолдошбаева

## Кыргыз жана англис тилдериндеги синонимдердин колдонулушун үйрөтүү

Тилдеги синонимдик катарды түзгөн сөздөр бир түшүнүктү ар кандай аталыш менен бергендиги менен мүнөздөлөт. Кепте коннотациялуу тилдин каражат катары активдүү колдонулуу менен сезимдик маанилерди таасирлентет. Андыктан маанилеш сөздөрдү аныктоодо алардын колдонулуш өзгөчөлүгүн сөзсүз эске алуу керек. Тил илиминин лексикалык бирдигинде синоним сөздөр аткарган кызматына карай үчкө бөлүнөт:

1 Мааниси же оттенкасы боюнча айырмаланган.

2. Экспрессивдүүлүгү боюнча айырмаланган.

3 Стилистикалык жактан айырмаланган синонимдер. Демек, сөздүн тилдеги кабыл алынган колдонулушуна карап бир эле мезгилде кырдаалга жараша ар бир сөздүн доминантасын колдонууга боло тургон жөндөмдүүлүгү боюнча маанилик катышы аныкталат. Мына ушундай тилдик көркөм каражат катары саналган –маанилеш сөздөрдү окутуп үйрөтүү иши студенттердин өз оюн так, таамай айтууга, сөз байлыгынын өсүшүнө, маданияттуу кептешүүсүнө өбөлгө түзөт. Бул максатта кыргыз тилинде билим алган тайпаларга англис тилиндеги синоним сөздөрдү салыштырып окутуунун оптималдуу варианттарынын түрлөрүн сунуштайбыз. Биринчи сабакта төмөндөгү сөздөрдү доскага жазып, алардын тыбыштык түзүлүшүнө, лексикалык маанилерине көңүл бурдуртабыз: Эл-журт, калайык-калк, сымбаттуу-келбеттүү, алсыз-чабал мындай тапшырма студенттердин кыргыз тилинен алган билимдерин эске түшүртүп, оңой эле тапшырманы аткара алышат. Андан кийин төмөнкү тапшырмалар уланат.

Бул сөздөрдү биринин ордуна экинчисин колдонуп суйлөм тузсөк болобу? деген суроонун натыйжасында мисалдар менен иштетебиз.

Мисалы. 1. Ал азыр бийик бойлуу шайыр бала болгон.

2. Биздин үй алардын үйүнө караганда узунураак курулган.

3. Анын бетине уусу чыгып урушкусу келип турду.

4. Заарлуу жылан чакканда ал үйүн көздөй чуркап келе жатты.
5. Кеч киргенде алар тамдарын көздөй жөнөштү.

Бул жерде сүйлөмдөрдүн синтаксистик түзүлүшү бузулду.

Асты сызылган сөздөр сүйлөмдө жеткиликтүү маанини түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк берген жок. Анда мааниси жактан окшош келген сөздөр менен ордуларын алмаштырып түзсөк .

Мисалы. 1. Ал азыр узун бойлуу, шайыр бала болгон.

2. Биздин үй алардын үйүнө караганда бийигиреек курулган.
3. Анын бетинен заары чыгып урушкусу келип турду.
4. Уулуу жылан чакканда ал үйүн көздөй чуркап келе жаты.
5. Кеч киргенде алар үйлөрүн көздөй жөнөштү.

Мындан башка дагы мааниси жактан окшош сөздөрдү алып көрсөк туман, булут. Буларды биринин ордуна экинчисин колдонууга болбойт . Булут кандайдыр бир формадагы женил ак түстө элестетебиз . Ал эми туман болсо күңгүрт уюлгуп түрмөктөлүп чогулса жамгырга же карга айланат . Эшик -каалга. Эшикке чык, бирок калгаага чык деп айтылбайт. Калыс – тура. Туура сөздө тууган жок ( макал) бирок калыс сөздө тууган жок деп айтылбайт.

Алсыз - чабал. Ичкенин кускан чабалдын иши, (макал) бирок ичкенин кускан алсыздын иши деп айтылбайт Көрктүүнү көрүп алгынча, сүйгөнүндү сурап ал (макал) ж.б.

Англис тилинде дагы мына ушуга окшогон ( кыргыз - тилиндегидей ) сөздөр өтө көп. Студентер үчүн ал сөздөрдун маанисин түшүнүп сүйлөм жазуу абдан көп кыйынчылыктарды туудурат. Сөздөрдун кээ бирөөлөру биз окутуп жаткан окуу китептеринде кездешет.

Бирок бул сөздөр боюнча кыскача гана тушунуктөр берилген.

Ал жетишсиз. Биз бул макалада англис тилиндеги мааниси жактан окшош сөздөрдун бир канчасы менен таанышалы .

Мисалы: Small- Little; tall- high ; house - home; big - large - great; the earth – lang - ground ; much - many ; sport - game; food - meal ; hand - arm ж.б.

Кандайдыр бир заттын (нерсенин) көлөмү, бою жөнүндө айта турган болсок, small – кичинекей деген сөз менен сүйлөм түзүшүбүз керек.

Мисалы. Akyl is a small boy, he is7 years old.

But, Meder is a little boy. He is 4 years old.

Tall- бийик (Адам, жаныбар, нерселердин көлөмү бою)

High-бийик (нерселер жөнүндө айтылганда)

Мисалы. The tallest animal is the giraffe.

The tall man is walking in the street.

What building is the highest in your town?

Өзүбүздүн тургузуп, үй-бүлөбүз менен жашап жаткан үйүбүз, house. Биздин туулган жерибиз, мекенибиз home. Экөөсү тең англис тилинен которгондо «үй» деп которуларын эске салышыбыз керек.

Мисалы. This is the house where my friend lives.

East or west home is best.

Big- чоң (көлөмү, бою айтылганда)

Large- чоң (нерсенин аянтын айтканда)

Great- чоң (улуулугун айтканда колдонобуз)

Мисалы. Asan lives in a big white house.

Our living-room is large and clean.

We have great grand father and great grand mother.

Англис тилиндеги мааниси жактан окшош сөздөрдү сүйлөм түздүрүү менен гана студенттерге кеңири түшүнүк бере албайбыз.

Жеткиликтүү түшүнүк берүү үчүн, бул сөздөргө тура келген сүрөттөрдү, текстерди, көнүгүүлөрдү, жаңылмачтарды, табышмактарды пайдаланууга аракеттерди жасайбыз.

Ошол мезгилде студенттер жаттаган мисал келтирилген сүйлөмдөрдү эске түшүрүп кыйынчылыксыз тапшырмаларды аткарууга жетишишет.

Мен өзүмдүн ар кандай кесиптеги биринчи курстар үчүн түзгөн колдонмомдо англис тилинде мааниси жактан окшош келген сөздөрдү төмөндөгүдөй түшүндүрүүгө аракет кылгам.

The earth- Жер шары, планета.

Earth- Жер.

Ground- Жер, жердин үстүңкү катмары.

Land- Жер, кургактык

Жер шарын билип үйлөнүү үчүн сабакта географилык картаны колдонобуз



I. - What is this?

- It's a map. It is a model of the earth.
- Our earth?
- Yes, the earth is the planet, we live on.

Кээбир англис жазуучуларынын чыгармаларында синонимдик катарды түзгөн сөздөр бир түшүнүктүү ар кандай аталыштар менен бергендиги кездешет.

Robinson Crusoe took all the things from the ship to the land. He threw the seeds on the ground. And the earth on the island was very good. In some weeks he was that green stalks came out the ground.

Мына ушундай маанилеш сөздөрдү аныкташ үчүн студенттер тереңирээк түшүнүк алып өз сүйлөмдөрүндө кыйналбай колдонуш үчүн ар кандай ыкмалар менен сабак өтүү керек болот.

1. Our Kyrgyz (ground, earth, land) is rich in historical monuments.
2. In spring we begin to dig the (ground, earth, land) round our University.
3. On the (ground, earth, land) there are 7 continents and 3 oceans.
4. Our first floor is called (ground, earth, land) floor in England.

Студенттер бир катар суроолорго жоопторду тура табууга аракеттерди жасашат.

1. What do you know about our earth? - Land of mountains
2. What is the ground covered in winter? - Snow
3. Have the animals their own....? - to move round the sun
4. What country is Kyrgyzstan? - Land.

Жыйынтыктоочу сабактарыбыз дагы ар кандай табышмактар, ырлар менен жыйынтыктоого аракет жасайбыз.

Two little beots with out any sails, with ten passengers on board. They don't go on river or sea, but travel on dry land.

(Shoes)

Isn't it grand Shadows thin
To sit on the sand Shadows round
And watch the clouds Shadows creeps
Drift over the land Upon the ground

Натыйжада синоним сөздөрдү салыштырып окутуу биринчиден студенттердин теориялык алган билимдерин чыңдаса, экинчиден тил үйрөнүүдө, маданияттуу пикирлешүүдө, сүйлөм түзүүдө баалуу тилдик каражат катары колдонулат.

Адабияттар


1. Г. Т. Кастенко, Р.П. Павлович. Выбери правильное слово.
2. С. Давлетов, Ж. Мукамбаев, С. Турусбеков. Кыргыз тилинин грамматикасы.
3. Ш. Жапаров, К. Сейдакматова. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү. Фрунзе. 1984, 5-бет.


* * *

А.Т. Абдуллина

Онлайновая технология обучения – основа дистанционного образования

Статья посвящена эффективности внедрения онлайновой технологии обучения в дистанционное образование Кыргызстана, как совокупности новых педагогических методов и приемов обучения; обзору применения этой технологии в СНГ, России и США; учебной программе подготовки он-лайн учителей и необходимости создания центров онлайнового обучения в учебных заведениях.

Современный период развития общества характеризуется сильным влиянием на него информационно-коммуникационных технологий (ИКТ), которые проникают во все сферы человеческой деятельности, образуя глобальное информационное пространство. Наш Кыргызстан, как развитое государство, тоже внедряет ИКТ во все сферы жизни для личного процветания, таким образом, что неотъемлемой и важной частью этих процессов стала именно компьютеризация образования. Но внедрение компьютерной техники сейчас в республике идет неоднообразно во все школы и вузы, практически только города оснащены технически и уровень образования там выше, чем на периферии. Поэтому одной из ведущих мировых тенденций и тенденций Кыргызстана в развитии современного образования, является переход к непрерывному образованию. Но этот переход коснется опять таки больших городов, а в селах желание повысить не только свою квалификацию, но и получить новые знания путем отдаленности от других вузов, центров, остается на том же практически уровне, что и раньше.

Сегодня уже ни для кого не секрет, что учиться не только можно, но и необходимо всю жизнь [1], иначе можно отстать и потерять статус квалифицированного специалиста. Диплом, свидетельствующий об однажды полученном образовании, требует дополнительного подкрепления, следовательно, когда спрос на квалифицированных специалистов, владеющих актуальными знаниями, с каждым годом растет, развитие дистанционного образования (ДО)

использованием сети Интернет представляется одной из наиболее перспективных областей образования. Уточним: именно развитие дистанционного образования должно происходить, т. к. у нас в республике эта форма образования уже узаконена на уровне очной и заочной еще в 2003 г.

Дистанционная форма обучения, которая является реализацией дистанционного образования, представляет собой получение образовательных услуг с помощью современных информационных технологий без посещения учебного заведения [2].

Есть еще один термин, связанный с ДО - это система дистанционного образования, как и любая образовательная система включает в качестве компонентного состава цели, содержание, методы, средства и организационные формы обучения [3], в ней студент имеет возможность в удобное время обучаться без отрыва от работы и без изменения места постоянного жительства в интерактивном режиме.

А что касается педагогических технологий дистанционного обучения - совокупности методов и приемов обучения, обеспечивающих осуществление учебно-воспитательного процесса дистанционно в соответствии с выбранной концепцией обучения[3], то есть три вида, но одна наиболее эффективна – это онлайновая, составляющая основу перспектив развития образовательных услуг в мире.

***Онлайновые*** (синхронные, проходящие по расписанию) лекции, семинары предполагают следующую схему работы: к назначенному времени учащиеся приходят на сайт, где регистрируются, после чего начинается занятие. Занятие ведет преподаватель, отвечая на вопросы "слушателей" в онлайновом режиме – либо в чате, либо с помощью звуковых приложений. Возможно применение технологий телеконференций, но это накладывает определенные требования на пропускную способность каналов связи.

***Оффлайновые*** занятия (асинхронные, проходящие по запросу) проходят следующим образом: студенты приходят на сайт в удобное для них время, чтобы задать вопросы преподавателям по электронной почте, в интернет-конференции, и на форуме, но занимаются самостоятельно по заранее подготовленным текстовым, аудиовизуальным и мультимедийным учебно-методическим материалам. Этот набор называется кейсом.

